**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)**

Д 12.19.592 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
*УДК 347.78+004.7(575.2)(043.3)*

**Арзыматова Элиза Бактыбековна**

# ИНТЕРНЕТ ТАРМАГЫНДАГЫ АВТОРДУК УКУКТАРДЫ КОРГОО: ЭЛ АРАЛЫК УКУК ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫ

12.00.10 – европалык укук; эл аралык укук
12.00.14 – административдик укук; финансы укугу; маалыматтык укук

Юридикалык илимдеринин кандидатынын даражасын изденип алуу үчүн жазылган **диссертация**

Илимий жетекчи:

юридика илимдеринин доктору, профессор,
Кыргыз Республикасынын эмгек
сиңирген юристи

Керезбеков Канат Керезбекович

**Бишкек – 2020ж.**

**Мазмуну**


**КИРИШҮҮ** 3

**1-ГЛАВА. ИНТЕРНЕТТИ ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ, ТАРМАКТА АВТОРДУК УКУКТУН ОБЪЕКТТЕРИН ПАЙДАЛАНУУ** 12

1.1. Автордук укуктарды эл аралык укуктук жөнгө салуу 12

1.2. Интернет жана тармакта келип чыккан укук мамилелерине карата анын өзгөчөлүктөрүнүн таасири 33

1.3. Интернетте автордук укуктун объекттерин коргоонун техникалык каражаттарын эл аралык укуктук жөнгө салуу 49

**2-ГЛАВА. ИНТЕРНЕТТИН ТРАНС ЧЕК АРАЛЫК ТАБИЯТЫН ШАРТТАГАН АВТОРДУК УКУКТУ ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ** 66

2.1. Автордук укукту жөнгө салууда колдонулган укуктун коллизиялык көйгөйлөрү 66

2.2. Интернетте автордук укуктарды ишке ашыруунун көйгөйлөрү 80

2.3. Автордук укук системасындагы электрондук китепканалардын укуктук режиминин көйгөйлөрү 101

**3-ГЛАВА. УЛУТТУК МЫЙЗАМДАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ** 109

3.1. Интернетте провайдерлердин ролу жана Тармакта автордук укуктарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилиги 109

3.2. Интернетте автордук укуктун объекттерин мыйзамсыз пайдаланууну коргоо 123

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ЖАНА БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ** 144

# КИРИШҮҮ

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу** маалыматтык технологиялардын масштабдуу өнүгүшү чыгармаларды кайра чыгаруу жана аларды жайылтуу мүмкүндүгүн жеңилдетүү аркылуу, ошону менен бирге авторлордун да башка укук ээлеринин да укуктарын бузууга мүмкүндүк берүү менен, автордук укуктун чыгармачыл объекттерин ар түрдүү ыкмалар менен жазып алууга, жайылтууга жана пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү ар түрд үү каражаттардын жайылышына алып келгендигинде турат.

Бүгүнкү күндө глобалдуу телекоммуникация системасын колдонбогон адам ишмердиги чөйрөсүн табуу кыйынга турат. Алардын эң кеңири жайылганы – маалымат алмашуунун бардык түрлөрүн, анын ичинде автордук укук менен корголуучу түрүн да жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берүүчү Интернет тармагы. Бул окуя эл аралык автордук укук системасы үчүн иш жүзүндө революциялык болду.

Интернеттин кеңири мүмкүндүгү эң жаңы деңгээлге чыгууга мүмкүндүк берди жана Интернет тармагында корголуучу объекттерди укуксуз жайылтуу сыяктуу автордук укуктун мындай бузууларынын арышын кеңейтти. Жаңы укуктук режимди түзүү, калыптандыруу жана улуттук мыйзамдарга жаңы укуктук жөнгө салуу механизмдерин киргизүүнүн зарылдыгын чакырат.

Интернетте автордук укуктар чөйрөсүндө укук бузуулардын санынын көбөйүшү жана бузуулардын бир кыйла жаңы түрлөрүнүн санынын өсүшү бир тараптан авторлордун жана укук ээлеринин, экинчи тараптан коомдун эл аралык интеллектуалдык менчикте пайда болгон жана жашаган кызыкчылыктарынын балансына коркунуч келтирет.

Бирок, бул көйгөй укуктук теорияда көп тараптуу жана терең орун албагандыктан, IT технологиясынын өзгөчөлүгүн эске алганда, бул милдет укук жаратууда гана эмес, укук колдонуу практикасында да орун алган эмес.

Укук ээлери санарип чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, өзүлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо чараларынан тышкары автордук укуктардын объекттерин коргоонун техникалык каражаттарын түзүү зарыл болгон кырдаалда калышкан. Бирок атайын техникалык коргоо каражаттарын түзүү бул коргоо формаларын алып салууну кепилдеген жаңы техникалык каражаттардын пайда болушуна жана ийгиликтүү ишке ашырылышына алып келгендигин практика көрсөттү.

Интернет тармагынын пайда болушунун натыйжасында келип чыккан автордук укуктарды коргоо чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү жана аны автордук укуктарды массалык бузуу үчүн пайдалануу, автордук укук боюнча ар түрдүү өлкөлөрдүн мыйзамдарын шайкеш келтирүү жана бирдейлештирүүгө багытталган эл аралык келишимдерсиз мүмкүн эмес. Мында укуктук ченемдерди шайкеш келтирүүнү ишке ашыруу укуктук гана эмес, эл аралык уюмдар иштеп чыккан жана кабыл алган сунуш актыларын дагы пайдалануу менен жүргүзүлөт. Бул процессте эл аралык-укуктук ченемдерди түзүүгө зарыл болгон багыттарга кызмат кылуучу ар түрдүү өлкөлөрдүн улуттук мыйзамдары дагы мааниге ээ.

Бүгүнкү күндө Интернетке карата колдонулуучу эл аралык укук эч кимдин күмөнүн жаратпайт, ал эми Интернет өз кезегинде эл аралык укукка колдонулат. Интернетти пайдалануунун трансчекаралык жөнгө салуу чөйрөсү эл аралык укуктун мейкиндигинде жаткан милдеттерди жана маселелерди чечүүнүн бүтүндөй комплекси менен байланышат.

1996-жылы Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму (ДИМУ) Интернетте автордук жана чектеш укуктардын объекттерин пайдалануунун өзгөчөлүктөрүн жөнгө салууга багытталган жана бул лбъекттерди техникалык каражаттар менен укуктук коргоону камсыз кылуучу ченемдерди камтыган эки эле аралык келишимди иштеп чыккан жана бекитүүгө чечим чыгарган. Интернет тармагын пайдалануунун өсүшүн жана ага автордук жана чектеш укуктар чөйрөсүндөгү укук бузуулардын

санынын көбөйүшүн эске алуу менен түзүлгөн. Автордук укук боюнча ДИМУнун бул келишими (АУК) жана аткаруу жана фонография боюнча ДИМУ келишими (АФК). Кыргызстан бул эки эл аралык келишимге кол койгон жана ратификациялаган өлкөлөрдүн катарына кирет. Бул эки эл аралык келишимдерге кошулган мамлекеттер өзүнүн улуттук мыйзамдарына автордук жана чектеш укуктардын объекттерине жаткан Интернетте аларды коргоо учурларында авторлор жана укук ээлери тарабынан пайдаланылган корголуучу техникалык каражаттарды санкцияланбаган курчоону токтотууга жана алдын алууга мүмкүндүк берүүчү укуктук чараларды камтыган ченемдерди киргизүүгө тийиш. КР мыйзамдарына ушул келишимдердин имлентацияланышына карабастан, аларды ишке ашырылбайт жана практикалык жактан колдонулбайт.

Ушуга байланыштуу, Интернет тармагында автордук укукту коргоо чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү жана ушул укуктун бузуучуларын жоопкерчиликке тартуу, ошондой эле ушул чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу органдардын иштөө көйгөйү курч бойдон турат.

Интернетте пайдаланылган автордук укуктурады эл аралык коргоодо көйгөлөрдүн айрым көлөмү келтирилген милдеттенмелерди түзөт. Биздин улуттук мыйзамдарды бул көйгөйлөрдү чечүү ыкмалары азырынча жок, ушул изилдөөнүн жаңылыгы муну менен шартталат. Мындан теориялык изилдөө, илимий иштеп чыгуу жана аларды чечүүнүн практикалык чараларынын зарылдыгы келип чыгат.

Интернет глобалдык тармагынын тез өнүгүшүн эске алуу менен колдонуучу автордук укуктун объектине дүйнөнүн кайсы бурчунан кайсы убакта болбосун жеткиликтүүлүктү ала алат. Бул жагдайлар Интернетте автордук укук жөнүндө мыйзамдар менен байланышкан маселелерди деталдуу изилдөөгө көнүл буруууга мажбурлайт.

Азыркы дүйнөдөгү бул факторлордун натыйжасында улуттук укуктук системадагы нормалдуу көрүнүштөр глобалдык тенденциядан ажырооосу мүмкүн эмес. Бул процессте мамлекеттердин өз ара көз карандуулугу

туруктуу күчтөнөт. Эл аралык укуктун улуттук укуктун ченемдерден үстөмдүгүн камсыз кылуу эл аралык принциптерди, ченемдерди жана концепцияларды улуттук укукта пайдаланууну камсыздайт.

Баяндалгандарды эске алуу менен дал ушул автордук укук эл аралык-укуктук коргоодо өзгөчө мааниге ээ болгондугу менен актуалдуулугун белгилейбиз.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгелелүү болуп саналат.

**Диссертациялык иштин максаты** эл аралык укуктун принциптерин, эл аралык келишимдердин жоболорун, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Интернет тармагында аларды пайдаланууда автордук укуктарды коргоо чөйрөсүндөгү сот практикасын кылдат талдоо, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн чөйрөдө улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүнүн зарылдыгын негиздөө болуп саналат.

**Диссертациялык иште төмөнкүдөй милдеттер чечилет:**

1. Интернетте пайдаланууда эл аралык автордук укуктарды, автордук укуктун объекттерин заманбап коргоонун негиздерин теориялык изилдөөнү жүзөгө ашырылат.

2. Автордук укукту коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдердин принциптери жана ченемдери, ошондой эле Интернеттен аларды пайдаланууда келип чыккан укуктук мамилелерге карата таасири талданат.

3. Автордук укукту жөнгө салуунун коллизиялык көйгөйлөрү, автордук укукту коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык макулдашуулардын принциптерине жана ченемдерине мамлекеттин Интернеттеги укуктук мамилелеринин кыйла өнүккөн укуктук жөнгө салууларынын мыйзамдык тажрыйбасынын таасири аныкталат.

4. Интернетте автордук укукту ишке ашыруунун көйгөйлөрү, ошондой эле автордук укук системасындагы электрондук китепканалардын укуктук режиминин көйгөйлөрү изилденет.

5. «Тармактык» деп аталган субъекттердин чөйрөсү, Интернетте автордук укуктарды бузууда алардын ролу жана жоопкерчиликти бөлүштүрүү каралат жана аныкталат.

6. Автордук укуктарды коргоо жана Интернетте автордук укуктардын объекттерин коргоонун техникалык каражаттары чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдардын укуктук ченемдерин түзүүгө эл аралык укуктун принциптеринин жана эл аралык келишимдердин ченемдеринин ролу жана таасири аныкталат.

7. Теориялык изилдөөгө жүргүзүлгөн талдоонун негизинде анын ичинде автордук укуктарды коргоо чөйрөсүндө эл аралык келишимдердин ченемдерин имплементациялоо жолу менен улуттук мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштар туюндурулат.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** жүргүзүлгөн изилдөөдө Интернет аркылуу автордук укуктун объекттерин пайдалануу, Интернет тармагында топтолгон коомдук мамилелерге эл аралык укуктун таасири, эл аралык укукту өнүктүрүүгө Интернеттин таасири менен байланышкан эл аралык-укуктук жөнгө салуу маселелеринин комплексин изилдөөдө ачып берилген. Изилденүүчү чөйрөнү эл аралык-укуктук жөнгө салуунун көйгөйлөрүн аныктоо, биздин мыйзамдардагы бул көйгөйлөрдү чечүүнүн ыкмаларынын азырынча жоктугу ушул изилдөөнүн жаңылыгын шарттайт.

**Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу** жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары ченем жаратуу ишине пайдаланылышы мүмкүндүгү менен бекемделет.

Диссертациянын түзүлгөн корутундулары жана суунуштары укук колдонуу практикасында, интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү адистердин квалификациясын жогорулатуу боюнча курстарда, автордук жана башка укук ээлеринин укуктарын коргоонун стратегиясын иштеп чыгууда пайдаланылышы мүмкүн.

Иш адистердин кеңири чөйрөсү үчүн окуу куралы катары пайдаланууга мүмкүн.

Жүргүзүлгөн изилдөө ошондой эле окуу процессинде «Эл аралык укук», «Интеллектуалдык менчик», «Автордук укук» жана «Маалыматтык укук» сыяктуу дисциплиналарды окутууда пайдаланылышы мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

1. Айрым мамлекеттерде автордук укуктарды укуктук жөнгө салуулары менен салыштырып алганда эл аралык автордук укук өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ экендиги менен негизделет, алар төмөндө берилет:

– автордук укуктарды коргоонун улуттук системасы, коргоонун шарттары, көлөмү, мөөнөтү дүйнөнүн ар бир өлкөсүндө олуттуу айырмаланат;

– мамлекетти административдик-аймактык бөлүнүү чыгармаларды пайдаланууда бөгөт болуп саналат;

– эл аралык автордук укукту түзүү үчүн мамлекет өзүнүн күчүн жыйноого тийиш, автордук укукту коргоо чыгарма жаралган мамлекеттин аймагы менен чектелет жана башка мамлекеттердин аймагына жайылтылбайт; мында автор тарабынан жаралган мүнөз чексиз жана алар жашаган жерине, жынысына, курагына, расасына, улутуна, диний ишенимине ж.б. карабастан ар бир колдонуучу үчүн түзүлөт. Автордук укуктун объекттери мамлекеттин аймактык бөлүнүшүнө карабастан бүткүл дүйнө боюнча ийгиликтүү жайылуу касиетине ээ.

– маалыматтык, коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү, Интернет тармагынын аймактык чегинин жоктугу мамлекеттик аймактык чек арасы жок, бир да мамлекеттин ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынбаган мейкиндиктин пайда болушуна алып келди. Ушул мейкиендикте чыгармаларды пайдалануу чыгармаларга карата автордук укуктарды берүүнүн аймактык принцибине баш ийбейт;

– эл аралык автордук укук системасынын субъекттери катары мамлекет, эл аралык уюмдар, юридикалык жактар, жеке адамдар (жаран,

чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар) чыгат, ошондой эле Интернетте автордук укуктарды коргоонун маселелерин эл аралык интеграциялоо процессине эл аралык «тармактык жамаат» катышпаса мүмкүн эмес.

2. Интернет тармагында жарыяланган чыгармалардын автордук укуктары корголгондугу менен негизделет. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Интернетте корголгон автордук укуктардын объекттерин жана формаларын аныктоодо түз көрсөтмөлөрдүн жоктугу, Интернетте автордук укуктун объекттерин укуктук коргоо фактыларын таануу үчүн тоскоолдук болуп саналат.

3. Чыгарманын санариптик түрү техникалык каражаттардын жардамы менен жазууга теңелгендиги, ал эми заманбап санарип технологиялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган материалдык алып жүрүүчү болуп саналарын таануу зарылдыгы негизделет. Интернет тармагына чыгармаларды жарыялоо материалдык алып жүрүүчүлөргө чыгармаларды бекитип берүү болуп саналат, анткени Интернет өзү маалыматтарды сактоо системасы болуп саналат.

4. Тармакта автордук укуктарды коргоону натыйжалуу өнүктүрүүгө мамлекеттик, «тармактык» жамааттын, эл аралык уюмдардын, жарандык коомдун ж.б. биргелешкен күч-аракетинин натыйжасында гана жетишүүгө болот. мында Интернетти жөнгө салуу укуктук ченемдер жана техникалык эрежелер менен жүзөгө ашырылууга тийиш.

5. Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын 5-беренесинин 2-пунктунда каралган «коргоонун көлөмү» термини автордук укуктун көлөмүн ээлөөнүн укуктуулугун, чыгарманын оригиналдуулугун, автордук укуктун объектисинин корголгондугун аныктоо маселелерин камтый тургандыгы менен негизделет.

Берн конвенциясынын эрежелери: «белгиленген конвенциянын жоболорунан тышкары коргоонун көлөмү өлкөнүн мыйзамдары менен

жөнгө салуу менен коргоого муктаж болгон анын укуктарын коргоо үчүн авторго берилүүчү коргоонун каражаттары менен бирдей», ошондой эле автордук укуктун объекттине ээ болуунун мыйзамдуулук маселелерин, чыгармалардын оригиналдуулугун, өлкөнүн мыйзамдары боюнча коргоого муктаж болгон автордук укуктун объекттеринин корголдугун аныктоодо колдонулууга тийиш.

6. Интернетке салыштырмалуу жарандык жүгүртүмдө баарынан мурда сатуу жолу менен чыгармалардын нускаларын жайылтууга гана укукту кароо жаңылыштык. Чыгармалардын санариптик түрүнүн, Интернет тармагынын маалыматтык-телекоммуникациялык өзгөчөлүгү, ага чогулган мамилелер, виртуалдык эмес дүйнөдө өз ара аракеттенүүнүн адаттагы түрлөрүнөн олуттуу айырмаланат. Интернетке салыштырмалуу чыгармаларды жайылтууга карата укук калыпка салынган укуктун мурдагы салттуу түшүнүгүнөн кыйла кеңири түшүнүккө ээ болууга тийиш. Атап айтканда, Интернетте чыгармаларды жайылтуу менен колдонуучуларга анын акы төлөнүүчү же акысыз экендигине карабастан, чыгармаларды алууга жана аларды көчүрүп алууга мүмкүндүк берген ар кандай иш-аракеттерди түшүнүү сунушталат.

7. Электрондук китепканалардын укуктук статусун мыйзамдуу түрдө аныктоо зарыл экендиги негизделет.

Китепканалык максатта чыгармаларды пайдалануу жөнүндө далилдерди колдонуунун негизинде автордук укуктарды бузууну жокко чыгаруу максатында Электрондук китепканадан жөнөкөй сайттардын (Интернет маалыматтык ресурстары) айырмасынын так критерийлерин так аныктоо керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** болуп дүйнөлүк Интернет тармагында чыгармачыл иштин натыйжаларын активдүү колдонуу менен татаалдашып кеткен автордук жана чектеш укук чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүгө багытталган бир катар новеллаларды иштеп чыгуу саналат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары жана аларга негизделген корутундулар менен сунуштар Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин Административдик жана финансылык укук, Эл аралык укук жана дүйнөлүк саясат кафедрасынын кеңейтилген отурумундагы талкуу процессинде апробациядан өттү. Диссертациянын негизги жоболору көптөгөн илимий-практикалык конференцияларга, тегерек столдорго жана семинарларга катышуу менен сунушталды.

**Диссертациянын натыйжалары жарыялоолордо толук чагылышы.** Диссертациялык изилдөө процессинде алынган илимий натыйжалар автордун 5 илимий жарыялоолорунда толук чагылдырылды.

**Иштин түзүмү**. Диссертация киришүүдөн, өзүнө сегиз параграфты камтыган үч главадан, тыянактан жана пайдаланган адабияттардын тизмесинен турат.

# 1-ГЛАВА. ИНТЕРНЕТТИ ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ, ТАРМАКТА АВТОРДУК УКУКТУН ОБЪЕКТТЕРИН ПАЙДАЛАНУУ

## 1.1. Автордук укуктарды эл аралык укуктук жөнгө салуу

Санарип чөйрөсүндө чыгармаларды мыйзамсыз жайылтууга байланышкан мамилелерди мыйзам менен жөнгө салынбагандык авторлордун, аткаруучулардын жана башка укук ээлеринин укуктарынын бардык жерлерде бузулушуна алып келип жатат. Мамлекет автордук укукка карата өзгөчө укукту бекитүү менен Интернет тармагынын ченемдик маалыматтарын колдонуу системасын түзүүнүн зарылдыгын алдын алган эмес  же алдын ала албайт.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык базасын маалыматтык укуктун жана эл аралык укуктун илимпоздору менен изилдөөчүлөрүнүн эмгектери түзөт.

Изилдөөдө ата мекендик жана чет өлкөлүк укук таануучу-илимпоздордун, ошондой эле эксперттердин илимий көз караштары чагылдырылган: Айдарбаев С.Ж., Алишева А.Б., Алексеев С.С., Борубашов Б.И., Бачило И.Л., Баймаханов М.Т., Вилинов А.А., Гришаев С.П., Керезбеков К.К., Камытов К.Т., Кадыралиева Т.Н., Кадыркулов А.А., Ковалева Н.Н., Минков А.М., Молдоев Э.Э., Наумов В.Б., Новоселова Л.А., Лукошук И.И., Оморов Р.О., Омукеева Н.А., Рассолов И.М., Саматов О.Ж., Сабырова К.Ж., Саргалдакова Ж.З., Серго А.Г., Сергеев А.П. жана башкалар.

Бул теманын актуалдуулугуна карабастан, бул окумуштуулардын көңүлүнө сейрек түшөт, анткени көпчүлүк авторлор Интернеттеги автордук укукту коргоого көңүл бурбастан, жалпысынан автордук укукту камсыз кылуу жана коргоону карашат. Бирок, ошого карабастан, бул жаатта кызыгууну жараткан монографиялык эмгектер бар, мисалы, бул тема П.Д. Барановскийдин «Интернеттеги интеллектуалдык менчикти

коргоонун эл аралык укуктук көйгөйлөрү» (2005) аттуу диссертациясында изилденген.

Бирок, изилдөөлөрдүн көпчүлүгү жалпы эле Интернеттеги укуктук мамилелерди укуктук жөнгө салууга байланыштуу экендигин белгилеп кетүүгө болот, мисалы, А.М.Минковдун «Интеллектуалдык менчикти эл аралык коргоо» (2004), Н.А.Дмитриктин «Интернетти колдонуу менен субъективдүү жарандык укуктарды жүзөгө ашыруу» (2007), Р.А.Будниктин «Ачык маалымат тутумдарында чыгармаларды пайдаланууда автордук укукту коргоонун укуктук режими» (2008), Э.М.Макарованын «Ишкердик ишмердүүлүктө Интернетти колдонууну укуктук жөнгө салуу көйгөйлөрү» (2009), Ю.А.Карауловдун «Дүйнөлүк маалымат мейкиндигиндеги автордук укукту укуктук жөнгө салуу (укук колдонуу практикасын салыштырмалуу талдоо)» (2009), А.А.Вилиновдун «Интернет маалыматтык-телекоммуникациялык тармагын пайдаланууда автордук жана чектеш укуктарды коргоо маселелери» (2012), Р.Ш.Курамагомедовдун «Автордук жана чектеш укуктарды сактоонун техникалык каражаттарын укуктук коргоо» (2012), А.Б.Алишеванын «Интернет мамилелерин укуктук жөнгө салуу (Кыргыз Республикасынын мисалында)» (2013), М.Ф.Радайкиндин «Интернет чөйрөсүндө автордук укуктун субъекттеринин кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун камсыз кылуучу укуктук механизмдер» (2013), Г.Ж.Жакшылыкованын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту укуктук жөнгө салуу» (2014), Ж.Э.Бейшекееванын «Интеллектуалдык укуктарды административдик-укуктук жана эл аралык-укуктук коргоонун укуктук аспектилери» (2020) аттуу эмгектеринде автордук укукту коргоого көп көңүл бурулган эмес.

Оморов Р.О. белгилеп кеткендей “Эл аралык автордук укук автордук укук жана чектеш укуктар чөйрөсүндө эл аралык конвенцияларда жана макулдашууларда камтылган укуктук ченемдерди сактоого негизделет”.[1.240б.]

Автордук укуктун институтун жолго коюу автордук укуктук өзүнүн табияты, анын аймактык мүнөзү, алар тараптан корголуучу объекттердин бардык маңызы алардын багыты менен шартталуудан улам жаралган эл аралык автордук укуктун башталышын жетектеген принциптерди түзүү менен тыгыз байланыштуу. Автордук укук жөнүндө эл аралык келишим төмөнкү принциптерди көрсөттү:

– автордун жарандыгынын принциби – адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын 3-беренесинин «а» - пункттуна ылайык, тиешелүү конвенциянын катышуучу – мамлекеттеринин жарандары болуп саналган же болбосо алардын аймагында туруктуу жашаган авторлордун жарыкка чыккан жана чыга элек чыгармалары корголот.[2,б.3] Ошентип, автордун жарандыгынын принциби ишке ашырылат;

– коргоонун аймактык принциби – Берн конвенциясынын 3-беренесинин «b»-пункттуна ылайык, келишимдин катышуучу – өлкөлөрүнүн биринин жараны болуп саналбаган жана келишимдин катышуучу – өлкөлөрүнүн биринин аймагында жашабаган жак тарабынан жаралган чыгарма болгон учурларда жүзөгө ашырылат. Мында чыгарма келишимдин катышуучу – өлкөлөрүнүн биринде же бир убакта катышуучу – өлкөдө жана үчүнчү өлкөдө биринчи жолу жарыкка чыгарылган болсо; автордун жарандык принциби жана аймактык принциби бир эле убакта колдонулбайт;

– коргоонун улуттук режими принциби – бул принцип Конвенциянын кандай болбосун катышуучу – малмекеттеринин жарандарынын чыгармалары мындай мамлекеттердин аймагында биринчи жолу чыгармалар менен бирдей башка катышуучу – мамлекеттин аймагында пайдаланыларын билдирет, мындай коргоо алардын өзүнүн аймагында биринчи жарыкка чыгарылган өзүлөрүнүн авторлорунун чыгармаларына берилет (Автордук укук жөнүндө дүйнөлүк конвенциянын 2-беренеси).

Жарыкка чыга элек чет элдик авторлордун чыгармалары (катышуучу – мамлекеттердин жарандары) дагы өзүнүн авторлорунун жарыкка чыгарыла элек чыгармаларына мамлекет бере турган коргоону пайдаланат [3,];

– чыгармаларды автоматтык коргоо принциби автордук укуктун пайда болушу жана анны жүзөгө ашыруу үчүн кандайдыр бир формалдуулукту сактоо – чыгармаларды каттоо же башка чыгармаларды атайын жол-жоболоштуруу талап кылынбайт.

Бир катар өлкөлөрдө чыгармалар мыйзам менен корголгондугун таануу үчүн анын нотариалдык ырастамасын каттоо же болбосо кандайдыр бир башка милдеттүү талаптарды сактоо каралат. Башка катышуучу – мамлекеттердин жарандарынын чыгармаларынын бардык нускалары, же болбосо ушул мамлекеттин аймагынан тышкары биринчи жарыкка чыккан чыгармалар, биринчи жарыкка чыккандан тартып, автордук укукту коргоонун – © белгисин алып жүргөн учурлар формалдуулук сакталды деп саналат. Бул эреже Автордук укук жөнүндө дүйнөлүк конвенция менен белгиленген, катышуучу – мамлекеттер мыйзам боюнча формалдуулукту сактоого милдеттүү болуп саналат;

– коргоонун мөөнөтүн чектөө принциби – бул принцип автордук укуктун объекттерин пайдаланууда жеке жана коомдук кызыкчылыктардын балансын, ошондой эле коомдун экономикалык,социалдык жана маданий өнүгүшү үчүн зарылдыгын жана маанилүүлүгүн билдирүү болуп саналат;

– автордун жана анын мураскерлеринин пайдасына коргоону жүзөгө ашыруу принциби – аталган жоболор автордук укуктарды коргоого багытталган бардык эрежелерди түшүндүрүү жана колдонуу үчүн маанилүү болуп саналат [4,].

Эл аралык автордук укук эл аралык жеке укуктун тармагына кирет, анткени өзүнүн кызыкчылыктарына карата аракеттенген укуктун субъекттери болуп саналган авторлор, укук ээлери, колдонуучулардын ортосундагы жеке мамилерди жөнгө салуу  жөнгө салуунун предмети

болуп саналат. Бирок эл аралык автордук укук коомдук укуктун бөлүгү болуп саналары баарына белгилүү. Ал жеке мамилелер менен бирге бийлик мамилелерин дагы жөнгө салат, анткени эл аралык келишимдер менен автордук укуктарды коргоо өзүнүн аймагында улуттук мыйзамдарды сактоону камсыз кылууну кабыл алуу боюнча мамлекеттин милдеттерине негизделет. Мисалы, эл аралык келишимдер катышуучу – мамлекеттерден макулдашууну, өзүнүн аймагында өзүнүн жарандарынын автордук укуктары менен бирдей чет элдик жарандардын автордук укуктарын таанууну жана аларга коргоонун административдик жана соттук ченемдерине жеткиликтүүлүктү эркин берүүнү талап кылат.

Автордук укуктардын маанилүү өзгөчөлүктөрү алардын катуу тартиптеги аймактык мүнөзү болуп саналат. Башкача айтканда, жалпы эреже боюнча автордук укуктун аракети чыгарма жаралган мамлекеттин аймагы менен чектелет. Бул башка мамлекеттерде чыгарма корголбойт жана автордун макулдугусуз жана ага акы төлөөсүз эркин пайдалана алат. Мында автордук укук менен корголгон чыгарманын мүнөзү аймактык табиятка ээ экендиги белгилүү, аларды жаратуу менен адамдарга кайсы мамлекеттин жараны экендигине, каякта жашары, алардын жынысы, расасы, улуту же диний ишенимдерине карабастан даректелет. Шекспирдин чыгармалары дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн тилдерине которулган жана адамзатты бирдей сүйүп окушту, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары дүйнөнүн бардык бурчундагы окурмандардын кызыгуусун жаратты, анткени аларда жалпы адамзаттык баалуулук чагылдырылат. Сөз көркөм чыгармалардын багыты, алардын бир мамлекеттин чегинде калып калбастан, дүйнөгө жайылуу жөндөмдүүлүгү жөнүндө болуп жатат.

Н.А.Омукееванын айтуусунда “Интернет аркылуу берилүүчү жана жайылтылуучу маалыматтар автордук укук корголбогон маалыматты (мисалы, маалыматтык мүнөзгө ээ болгон окуялар жана фактылар жөнүндө), ошондой эле корголуучу автордук укук жана чектеш укуктардын басымдуу бөлүгүн түзгөн материалды да камтыйт. Илимий изилдөөнүн

жана маалымат алмашуунун куралы катары жаралган Интернет маалыматтарды берүүнүн жана маалымат объекттерин коммерциялык максаттарда жайылтуунун глобалдык тармагына айланды.

Ушуга байланыштуу глобалдык маалыматтык тармактардын шарттарында келип чыккан мамилелерди жөнгө салуу үчүн салттуу автордук укук керекпи деген мыйзам ченемдүү суроо жаралат. Бул суроолорго эл аралык коомчулук 1996-жылы автордук укук боюнча ДИМУ Келишиминин алкагында жооп берүүгө аракет кылган.”[5.71-72б.]

Ошентип, автордук укуктун аймактуулугун жеңүүгө мүмкүндүк берген механизмди түзүүнүн зарылдыгы келип чыкты. Автордук укук жөнүндө биринчи көп тараптуу эл аралык келишим – адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясы 1886-жылы түзүлгөн. Конвенциянын иштеп чыгуучулары тарабынан айрым өлкөлөрдөгү мыйзамдардын айырмачылыгын жоюу зарыл болгон жана ошондуктан бул документтин негизине коюлган башкы принциптери болуп улуттук режим принциби саналган.

1886-жылдын 9-сентябрындагы адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясы 1896-жылдын 4-майында Парижде толукталган, 1908-жылдын 13-ноябрында Берлинде кайра каралган, 1914-жылдын 20-мартында Бернде толукталган жана 1928-жылдын 2-июнунда Римде, 1948-жылдын 26-июнунда Брюсселде, 1967-жылдын 14-июлунда Стокгольмда жана 1971-жылдын 24-июлунда Парижде кайра каралып, 1979-жылдын 28-сентябрында өзгөртүлгөн.

Анда катышуучу – өлкөлөрдүн улуттук мыйзамдарына милдеттүү камтылууга тийиш болгон укуктук минимум белгиленген.

Конвенциянын негизги принциптери:

- макулдашкан мамлекеттердин катышуучусу болуп саналган өлкөнүн биринде жаралган чыгармалар (б.а. ушул мамлекеттин жараны болуп саналган автордун чыгармасы же ушул мамлекетте биринчи жарыяланган

чыгармалар), өзүнүн жарандарынын чыгармаларын кандай коргоого алса (улуттук режим принциби), макулдашкан мамлекеттердин башкаларында да ушундай коргоого алынууга тийиш;

- аталган коргоо кандайдыр бир формалдуулукту аткаруу менен шартталууга тийиш эмес («автоматтык» коргоо принциби);
- аталган коргоо өлкөдө жаралган чыгармаларды коргоодон көз каранды эмес (коргоонун көз карандысыздык принциби)[2].

Эгерде макулдашкан мамлекеттердин кайсы биринде Конвенцияда жазылган минималдуу мөөнөткө караганда кыйла узак мөөнөттө каралса, ал эми чыгарма жаралган өлкөдө сакталбаса, анда чыгарма жаралган өлкөдө токтотулгандан кийин коргоодон баш тартылышы мүмкүн. Берн конвенциясында белгиленген автордук укуктун иштөө мөөнөтү автордун өмүрү өткүчө жана ал каза болгондон кийин 50 жылды түзөт.

Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясы автордук укуктарды коргоо чөйрөсүнүн башкы эл аралык «куралы» болуп саналат. Берн конвенциясы. Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмун (ДИМУ) башкарат [6,б.104]. Азыркы убакта Берн конвенциясынын мүчөлөрү 176 мамлекеттен турат.

Автордук укук жөнүндө дүйнөлүк конвенция 1952-жылы Женевада кабыл алынган. Ошондуктан аны көп учурда Автордук укук жөнүндө Женева конвенциясы деп аташат. Автордук укук жөнүндө дүйнөлүк конвенция ЮНЕСКОнун камкордугунда иштелип чыккан, азыр 100 өлкө анын катышуучулары болуп саналат.

Азыркы эл аралык автордук укукта дүйнөлүк конвенция тарыхый мааниге ээ. Берн конвенциясы автордук укуктарды коргоонун кыйла жогорку стандарттарын белгилегендиктен, бир катар өлкөлөргө анын ичинде АКШ жана СССР туура келген эмес. Ошондуктан кыйла төмөн талаптарды берген эл аралык келишим керек болгон. Мындай эл аралык келишим Автордук укук жөнүндө дүйнөлүк конвенция болуп калды.

Дүйнөлүк конвенциянын Берн конвенциясынан принципиалдуу айырмачылыгы тескери таасири жоктугу болуп саналат, б.а. конвенциянын ченемдери аталган өлкөнүн Дүйнөлүк конвенцияга кошулганга чейинки учурда башка катышуучу – өлкөлөрдө жарыкка чыккан чыгармаларга карата жайылтылбайт.

1952-жылдагы Автордук укук жөнүндө дүйнөлүк конвенциянын негизги жоболору:

- бир мамлекеттин жарандарына конвенциянын башка катышуучу-өлкөлөрүнүн аймагында бирдей автордук укук берүү;
- Автордук укуктардын пайда болушу үчүн зарыл болгон формалдуу талаптарды улуттук укукка белгилөө мүмкүндүгү;
- Автордук укуктун объекттерин коргоонун минималдуу мөөнөтү – автордун өмүрү өткөнчө жана ал каза болгондон кийин 25 жыл, бирок чыгарманын айрым категорияларын кайра кароого болот кыйла кыска мөөнөт – чыгарма жарыкка чыккандан кийин 25 жыл;
- Которуу үчүн автордун өзгөчө укугу таанылган, Советтер Союзунун айтканынан кайтпаган өжөрлүгү менен которууну укук ээсинин макулдугусуз жүзөгө ашыруу өзгөчөлүктөрү каралган.

Ошентип, Автордук укук жөнүндө дүйнөлүк конвенция чет өлкөдө автордук укуктардын күчүн тааныган, бирок автордук укуктарды коргоонун жөнөкөй кепилдиктерин жана эл аралык-укуктук коргоону белгилеген. Ошол мезгилде эл аралык автордук укук мындай эл аралык макулдашууга муктаж болгон, бирок азыркы убакты конвенция абдан сейрек колдонулат [7].

Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмду уюштуруу жөнүндө (мындан ары – ДИМУ) Стокгольм конвенциясы 1967-жылдын 14-июнунан бери колдонуудагы келишим болуп саналат. Бул документтерге ылайык ДИМУ интеллектуалдык менчикти эл аралык коргоого жооптуу, ошондой эле мамлекеттер менен кызматташуу аркылуу дүйнө боюнча

интеллектуалдык менчикти коргоого аракеттенүү максаты бар БУУнун мекемеси болуп саналат.

ДИМУнун маанилүү милдеттери жана функциялары төмөнкүлөр болуп саналат: интеллектуалдык менчикти коргоонун эл аралык ар түрдүү багыттарына биригүү жана кызматташуу, көп тарапту келишимдерди даярдоо жана түзүү, өнүккөн өлкөлөрдө изилдөө иштери, маалыматтарды жыйноо жана жайылтуу, техникалык жардам көрсөтүү ж.б.

Коммуникациянын өзгөчө Интернеттин тез өнүгүшү эл аралык коомчулуктан автордук укуктарды коргоонун жаңы чараларын көрүүнү талап кылууда. 2002-жылы күчүнө кирген автордук укук боюнча ДИМУ келишимин 1996-жылы кабыл алынуусунун негизги себеби катары кызмат кылды. Бул келишимди ДИМУ Интернет-келишими деп атаган. Аны кабыл алуунун зарылдыгы эл аралык-укуктук ченемдер коммуникация жана баарынан мурда Интернет чөйрөсүндө жаңы технологиялардын пайда болушу менен заманбап талаптарды чагылдыруудан улам пайда болгон. Бул технологиялардын пайда болушу жана алардын өнүгүшү автордук укуктарды жапырт бузууга алып келген чыгармаларды пайдалануунун жаны ыкмаларынын пайда болушуна алып келди.

Автордук укук боюнча ДИМУ келишими санарип чөйрөсүндө авторлордун чыгармаларын жана укуктарын коргоого тиешелүү болгон Берн конвенциясынын алкагында түзүлгөн атайын макулдашуулардан турат. Бул келишим коргоо объекттеринин компьютердик программаларын жана маалыматтар базасын камтыйт. Жайылтууга, ижара берүүгө, жалпы маалымдоо үчүн билдирүүгө карата өзгөчө укукту карайт (анын ичинде Интернет тармагы да). Авторлордун укуктарын жүзөгө ашырууга байланышкан алар тараптан пайдаланылган маалыматтарды коргоонун техникалык каражаттарын текшерүүдөн жана эрежелерди башкаруу жөнүндө маалыматтарды өчүрүү же өзгөртүүдөн (мисалы, роялтини жыйноо жана жайылтуу максатында лицензиялоо) коргоо жөнүндө жоболорду камтыйт. Адабият, илим жана искусство чыгармаларына

автордук укуктардын аракеттенүү мөөнөтүнө сүрөт чыгармаларын укуктук коргоонун мөөнөтүнө теңештирилди.

Автордук укук боюнча ДИМУ келишимине карата Макулдашылган билдирүүлөр өзгөчө мааниге ээ. Макулдашылган билдирүүнүн 1-беренесинде «чыгармага карата укук, Берн конвенциясынын 9-беренесинде аныкталгандай жана бул берене менен жол берилген өзгөчөлүктөр толугу менен, атап айтканда, «санарип формасындагы чыгармаларды пайдаланууга карата санарип чөйрөсүндө колдонулат» деп айтылат. Электрондук каражаттар санарип формасында корголгон чыгармаларды сактоо Берн конвенциясынын 9-беренесинин маанисин кайра кайталап чыгаруу болуп саналат: «…эгерде мындай аракеттер автордун макулдугусуз жүзөгө ашырылса, анда ал автордук укукту бузуу болуп саналат. Ошентип, санарип эмес чөйрө үчүн колдонулган эреже санарип чөйрөсүнө өтөт» [2].

Ошентип, Автордук укук боюнча ДИМУ келишими Берн конвенциясынын ченемдерин өркүндөттү жана толуктады. Азыркы эл аралык автордук укук, ушул келишимге ылайык санарип формасында берилген чыгармаларды коргойт жана автордук укуктун объекттерин Интернетте жана башка тармактарда чыгармаларды мыйзамсыз пайдалануудан коргоого мүмкүндүк берет. Конвенция ДИМУну башкарат, Азыркы убакта 96 мамлекет анын мүчөсү болуп саналат.

Европа бирлигинин директивасына кошулган бардык өлкөлөрдүн укуктарын бирдейлештирүүнү шарттайт, ошондой эле мындан ары эл аралык деңгээлде укук жаратуу үчүн фундамент катары кызмат кылат. Ушул жаатта укуктук жөнгө салууну өнүктүрүүнүн жалпы тенденциясы өзгөчө ЕБ жалпы ийкемдүү укуктук системасын түзүү үчүн негиз болгон 2001-жылдын 22-майындагы «Маалыматтык коомдо автордук укуктун жана чектеш укуктардын айрым аспекттерин шайкеш келтирүү жөнүндө» № 2001/29/ЕС Директивасынын [8] мисалында байкалды.

2001-жылдын 22-майындагы ЕБ Директивасында укуктарды жок кылуу маселесине өзгөчө көңүл бурулат. Атап айтканда, чыгармаларды кеңири коомчулукка берүүнүн эч кандай шартында (эфирдик же кабелдик берүү жолу менен же болбосо интерактивдүү санарип тармагы аркылуу) укук ээсинин макулдугусуз жарандык жүгүртүүгө андан ары пайдалануу үчүн негиз катары каралбоого тийиштиги каралат.

Чыгармалардын нускаларын аларды сатуу жана башка өткөрүп берүү жайылтуу учурлары үчүн, атайын эскертилет, анда укуктарды жок кылуу жөнүндө эреже (б.а. укук ээсинин макулдугусуз жана ага акы төлөөсүз жарандык жүгүртүүгө киргизилген нускаларды андан ары жайылтуу мүмкүндүгү) Европа бирлигинин чектеринде орун алган укук ээлеринин макулдугу алынган менчик укугун биринчи сатуу же башкача өткөрүп берүү нускаларына карата гана колдонулат (2001-жылдын 22-майындагы ЕБ Директивасынын 4-беренеси)[8].

Эл аралык келишимдерде жайылтууга карата укукту жок кылууга басым жсалат, анткени ал кайра басып чыгаруу укугун жок кылууга жатпайт. Материалдык алып жүрүүчүнүн ээси аны сатып, белек кылып же башка түрдө үчүнчү жактарга өткөрүп бере алат; мында аткарылган товарга автордук укук же чектеш укуктардын объекттери камтылган материалдык алып жүрүүчүнүн бул нускасына карата бул аракетке карата укук ээсинин макулдугу талап кылынбайт. Бул принциптин аракеттери абдан адилеттүү, анткени башка учурларда товарды кандай болбосун кайра сатуу үчүн укук ээсинин уруксатын алууга туура келмек. Демек, материалдык алып жүрүүчү аны каалагандай жайылта алат, бирок аны кайталап чыгарууга, көчүрүүгө эч кимдин укугу жок.

1993-жылдын 15-декабрында тарифтер жана соода жөнүндө Генералдык макулдашуунун (ТСГМ) алкагында жүргүзүлгөн көп тараптуу соода жөнүндө сүйлөшүүлөрдүн Уругвай раунду түзүлгөн. Бул сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында 1994-жылдын 15-апрелинде Марракеште Дүйнөлүк соода уюмун (ДСУ) уюштуруган Макулдашуусу кабыл алынган.

ТСГМ алкагындагы бул биринчи сүйлөшүүлөрдө эл аралык соодага таасир берген интеллектуалдык менчиктин укуктарынын аспекттери талкууланган. Бул талкуулоонун натыйжасында БДУ Макулдашуусунун Тиркемеси болуп саналган интеллектуалдык менчик укуктарын коргоонун соода аспекттери жөнүндө Макулдашууга (мындан ары – ИМУКСАМ) жетишкен.

ИМУКСАМ макулдашуусу бүгүнкү күндө эл араллык автордук укуктун маанилүү келишимдерини бири болуп саналат. Ал өзүнө ДСУ катышуучу-мамлекеттери үчүн интеллектуалдык менчикти коргоонун юридикалык милдеттүү стандарттарын камтыйт. ИМУКСАМ жоболору интеллектуалдык менчиктин объекттерин камтыган колдонуудагы башка көп тараптуу эл аралык  макулдашууларга ушул эл аралык келишимге ченемдерди инкорпорациялоо менен  жөнөтүүлөрдү камтыйт (ИМУКСАМ 2-беренеси). Бул адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын ченемдерине дагы кирет (1971-жыл).

ИМУКСАМ башкы өзгөчөлүгү катары  ушул макулдашуу укук колдонуу жана интеллектуалдык менчик укугун натыйжалуу коргоо жаатында катышуучу-мамлекеттердин укуктук системасы ылайык келүүгө тийиш  болгон талаптарды белгилейт.

2013-жылдын 27-июнунда Марракеште көзү азиз жана көрүүсү бузулган жана башка мүмкүнчүлүгү чектелген жактарга жарыяланган чыгармаларга басма маалыматты өздөштүрүү жеткиликтүүлүгүн жеңилдетүү жөнүндө Марракеш келишими кабыл алынган жана административдик иш-милдеттери ДИМУ аткарган  автордук укук боюнча эл аралык келишимдердин жыйнагынын бир бөлүгү болуп саналат. Келишимге катышуучу мамлекеттер өзүнүн улуттук мыйзамдарында көрүүсү бузулган жактарга жарыяланган жалпы жеткиликтүү чыгармаларды кайра чыгаруу, жайылтуу жана аларга жеткиликтүү форматта жасоо жана бул чыгармаларды трансчекаралык алмашууну жүзөгө ашыруу мүмкүндүгүн кароону талап кылат. Келишимдин жоболору

аудиокитептерди кошуп алганда кандай болбосун маалымат каражаттарынын жардамы менен жарыяланган же жалпыга жеткирилген текст формасындагы чыгармаларга, нота жазууларына же алар менен байланышкан иллюстрацияларга жайылтылат.

Бул келишим көзү азиз жана көрүүсү бузулган же башка мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын кызыкчылыктарына карата басма маалыматты өздөштүрүүгө белгиленген автордук укуктун бир катар чектөөлөрүн жана өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Ошондой эле атайын ыйгарым укуктуу органдарга мындай форматтагы чыгармаларды эл аралык алмашууну жүзөгө ашыруу ишине уруксат берилет [9].

Кыргыз Республикасы автордук укук боюнча төмөнкүдөй эл аралык макулдашууларга катышат

| **Эл аралык келишимдердин аталышы** | **Кабыл алган жылы** | **КР кошулуу датасы** |
|---|---|---|
| Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясы | 1886-ж. | 1998-жылдын 24-июлундагы Кыргыз Республикасынын № 100 Мыйзамы менен кошулган |
| Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмун (ДИМУ) уюштуруу жөнүндө Стокгольм конвенциясы | 1967-ж. | СССР кулагандан кийин Кыргыз Республикасы укук улантуу тартибинде 1994-жылы бул конвенцияга катышууну ырастаган. |
| Автордук укук боюнча ДИМУ келишими (АУК) | 1996г. | 1998-жылдын 24-июлундагы № 99 КР Мыйзамы менен ратификацияланган. Келишим 2002-жылдын 6-мартында күчүнө кирген. |

| | | |
|---|---|---|
| Интеллектуалдык менчик укуктарын коргоонун соода аспекттери жөнүндө макулдашуу (ИМУКСАМ Макулдашуусу) | 1994-ж. | 1998-жылдын 17-ноябрында «Дүйнөлүк Соода Уюмун уюштуруу жөнүндө Марракеш Макулдашуусуна Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралуу Протоколду ратификациялоо жөнүндө» № 146 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган жана ушул Протокол 1998-жылдын 20-декабрында күчүнө кирген. |
| Көзү азиз жана көрүүсү бузулган жана башка мүмкүнчүлүгү чектелген жактарга жарыяланган чыгармаларга басма маалыматты өздөштүрүү жеткиликтүүлүгүн жеңилдетүү жөнүндө Марракеш келишими (Марракеш келишими) | 2013-ж. | Кыргыз Республикасы 2017-жылдын 27-мартындагы № 50 КР мыйзамы менен кошулган |

Автордук укук жаатындагы бардык эл аралык макулдашууладын негизги милдети алгач бир мамлекетте жаралган автордук укукту коргоо, тиешелүүлүгүнө жараша бул конвенцияларга катышкан башка мамлекетердин аймагында коргоо болуп саналат. Эл аралык конвенция өзүнөн өзү дүйнөдөгү бирдиктүү, жалпы автордук укукту түзбөйт. Алар бул конвенциянын катышуучу-өлкөлөрүнүн улуттук мыйзамдарына киргизилген компромиссти чагылдыруу болуп саналат.

Бүгүнкү күндө Интернет таптакыр жаңы сапатка ээ болду: ал коомдук, экономикалык, саясий жана күнүмдүк чындыктын жаңы форматы болуп калды. Интернет маасалык көрүнүштүн анык өзү болуп калды: оюн-зоок жана бош убакытты өткөрүү, жарнамалар жана өзүн өзү презентациялоо, айрым онлайн бүтүмдөр жана контракттар азыркы коомдун иштөөсүнүн жана өнүгүүсүнүн олуттуу соцалдык жана экономикалык фактору болуп калды. Интернет социумдун бөлүгү гана

эмес, ал өзү өзгөчө виртуалдык социумга айланды, мында көптөгөн өзүнүн виртуалдык процесстери менен реалдуу адамзаттык социумга таасирин тийгизет.

Глобалдык маалыматтык-коммуникациялык тармак реалдуу нерселерди көчүрүүсүз өзүнүн жеке социалдык түзүмүнө ээ, өзүнүн ар кандай сегменттерине, системасына, түзүмчөлөрүнө, өзүнүн колдонуучуларына, маалыматтын жеткиликтүүлүк критерийлерине ылайык өзүнүн тармактык коомчулугунун, өзүнүн жеке-инсандык жана бизнес-кызыкчылыктарына ылайык, маалымат агымдарын башкарууга, саясий жогору баалоолорго, психологиялык берилүүлөргө, мотивдерге, максаттарга, орнотууларга, баарлашууларга өзгөчөлүктөргө жана маалыматтык өз ара аракеттенүүлөргө ээ [10].

Тармактык коомчулук бул социалдык коомчулуктун ар түрдүүлүгү жана белгиленген мезгил ичинде жалпы максаттары жана кызыкчылыктары бири-бири менен байланышкан Тармакта өз ара аракеттенишкен адамдардын жыйындысы катары аныкталат. Тармактык коомчулуктун биргеликте катышуу сезими, ошондой эле өз ара түшүнүү, макулдашуу жана тилдердин биримдигине негизделген байланыштар менен мүнөздөлөт.

Эгерде «тармактык» коомчулуктун булактарына кайрыла турган болсок, анын биринчи мүчөлөрү жана ошол эле убакта түзүүчүлөрү окумуштуулар (инженерлер, физиктер, математиктер, программисттер), т.а., реалдуу (салттуу) коомдун түнт жана белгилүү элита маданиятынын бөлүгүнө кирген адамдар болушкан. Бул алгачкы этапта социалдык ченемдерге (окумуштуулар чөйрөсүндө сүйлөшүү ченемдери) болгон көз карандылык жогору болгон. Интернеттин коммуникация каражаттары глобалдык мүнөзгө айланганда абал өзгөрдү. Интернет өзүнүн популярдуулугу менен 90-жылдардын башында Дүйнөлүк желе (World Wide Web) деп аталган колдонуучуларга гипершилтемелердин (hyperlinks) жана ыңгайлуу графикалык интерфейстин (GUI или Grafical User Interface) жардамы менен маалыматтарды издөө мүмкүндүгүн берүүгө тийиш болчу.

Ушул учурдан тартып коммуникация Тармак аркылуу жөнөкөй жана жекиликтүү болду, т.а. мындан ары атайын билимдерди жана көндүмдөрдү талап кылбай калды[11].

Интернеттин бир катар изилдөөчү-пионерлери интернет формалдуу эмес негизде мамлекет тарабынан белгиленген укуктук ченемдер жана эрежелер менен эмес, консенсус жана инженердик жөнгө салуу жолу менен контролдонорун болжолдошот. Интернет таптакыр жаңы технологиялык ресурс катары каралат, аны пайдалануу телекоммуникация боюнча инженерлердин жана адистердин арасындагы консенсустун негизинде иштелип чыккан интернеттин протоколдоруна жана стандарттарына негизделет.

«Интернет аймактык укуктун чектерин ашып өтүүгө жөндөмдүү, ал эми аны пайдалануу мамлекеттик жөнгө салуунун мазмунун жоготууга алып келиши мүмкүн экендиги» жөнүндө тезис басымдуулук клылган жана XX кылымдын аягындагы иш жүзүндө бардык интернет-изилдөөчүлөрү бөлүшкөн.

Акырындык менен бул маселеге карата ойлор өзгөргөн. Л. Лессинг 1990-жылдары контролго тартылбаган жана укук иштебеген кибермейкиндиктин «эркиндиктин мейкиндиги» сыяктуу «эйфористикалык түшүнүгү» үстөмдүк кылгандыгы утопиялык жана туура эмес болгондугу жөнүндө тыянакка келет. Л. Лессинг кибермейкиндикти технологиялык чөйрө катары кароону сунуштайт, анда кандайдыр бир «кодекс» же «код» өзүнө камтылган ченемдердин жана эрежелердн эркиндиктери менен жөнгө салынат. Мындай «кодекс» же «код» ченемдик-укуктук фундаментин түзгөн ченемдер жана эрежелер катары программалык камсыз кылуу, интернет архитектурасын долбоорлоонун технологиялык кпринциптери, интернеттин протоколдору жана стандарттары. Ушул интернет-колдонуучулардын өз ара аракеттенүүсүн жана аларды жүрүш-турушун жөнгө салган «ченем эркиндиктерин» «Кодекстин» ченемдик-укуктары катары кароого болот. Л. Лессингдин пикири боюнча «Кодекс» укуктук

жөнгө салуунун негизи гана болуп саналбастан, ошондой эле «жетиштүү түрдө кеңири контролду камсыз кылуунун укуктук каражаты» катары дагы алдыга чыгат, анткени интернеттин технологиялык архитектурасы «коомдук мамиллерди жөнгө салган укук жана укуктук ченемдер сыяктуу эле интернет-колдонуучуларды экрикндигин жөнгө салууга жөндөмдүү» [12].

Интернет өзүнө татаал социалдык феномени камтыйт жана мында «монолиттик чөйрөнү» камтыбайт. Бир тараптан интернет кандайдыр бир жөнгө салуу объектисинин «бүтүндүгү» катары каралбайт, анткени ал көп деңгээлдеги технологиялык инфратүзүмдөргө ээ [13].

М. Прайс менен С. Верхалстын концептуалдуу мамилелери өзүн өзү жөнгө салуу интеренетти жөнгө салуунун таптакыр жаңы көрүнүшү же тенденциясы эмес, анткени интернеттин технологиялык инфратүзүмүн иштетүү жана өнүктүрүү өзүн өзү жөнгө салууга негизделген.

М. Прайм жана С. Верхалст интернеттин жөнгө салуу түшүнүгүн «кеңири» негиздөө менен интернетти жөнгө салууга аракет кылуу өзүнүн «бүтүндөй» негизсиздигин бекемдейт. Интерннетти жөнгө салуунун натыйжалуулугу салттуу укуктук каражаттардан гана көз каранды эмес, анткени ар дайым өзгөрүлмө интернет-мейкиндикте жалгыз же негизги жөнгө салуу катары кароого болбойт. Ушуга байланыштуу М. Прайс жана С. Верхалст жөнгө салуунун интернетти пайдалануунун траснчекаралык чөйрөсүн жөнгө салуунун кыйла «ийкемдүү варианты» катары кароону сунуштайт.[14]

Интернет чөйрөсүн жөнгө салууда эске алууга тийиштүү болгон эл аралык укуктун аспекттерин Патрик Майер төмөнкүдөй категорияларга бөлүштүрөт, атап айтканда: принциптер; коммуникация чөйрөсүндө эл аралык макулдашууларды кошуп алганда жалпы эл аралык келишим укугу; интернетти жөнгө салуунун эл аралык демилгелер.

Биринчи категория – эл аралык принциптер. М. Майер эл аралык укуктун принциптери интернетте колдонуларын болжолдойт. Азыркы эл

аралык  укуктун  негиздерин түзгөн принциптеринин санына П. Майер кийлигишпөөнү кошот, ошондой эле эл аралык укутун жалпы таанылган принциптери болуп саналбаган бирок эл аралык келишимдерде бекитилген эл аралык принциптер интернетте колдонулат, мисалы, «маалыматтарды жайылтуу эркиндиктери» принциби. П. Майер тарабынан сунушталган экинчи категория – интернетте колдонуган жалпы эл аралык келишимдик укук.

Атап айтканда, 1948-жылы сөз эркиндиги жана маалыматтарга карата жеткиликтүүлүктүн эркиндиги сыяктуу Адам укуктарынын жалпы декларациясында, 1966-жылы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактта  бекитилген конвенциялык ченемдер жөнүндө сөз болуп жатат. Эл аралык бейөкмөт уюмдарды түзүү жөнүндө эл аралык макулдашууну П. Майер эл аралык келишимдик укукка киргизгендиги белгилүү. Ушуга байланыштуу П. Майер Электр байланыштары эл аралык союзунун (ЭЭС), Дүйнөлүк соода уюму, ЮНЕСКО ж.б. ишинин контексттинде талданат. Атап айтканда Электр байланыштары эл аралык бирлигинин домендик аттар системасынын бөлүштүрүү жана башкаруу процессине катышуу жана жөнгө салуу, интернет-проткоколдорду жана интернеттин техникалык стандарттарын иштеп чыгуу ж.б. аракеттери каралат; телекоммуникациялык рынокту либералдаштыруу жана буга жеткиликтүүлүктү жеңилдетүүгө байланышкан чөйрөдө Дүйнөлүк соода уюмдары / Соода кызматтары боюнча Генералдык макулдашуулар тарабынан интернетти жөнгө салуунун эл аралык демилгелери көтөрүлгөн.

Бүгүнкү күндө интернетке колдонулуучу эл аралык укук фактысы  эч кимге күмөн жаратпайт, ал өз кезегинде эл аралык укукка таасирин тийгизет. Интернетти пайдалануунун трансчекаралык жөнгө салуу чөйрөсү эл аралык укук мейкиндигине жаткан чечимдердин бүтүндөй копмлекстүү милдеттерин жана маселелерин чечүү менен байланышат.

Интернет тармагында чыгармаларды жайылтуу менен байланышкан мамилелерди жөнгө салуунун эл аралык практикасын талдоо Интернет

тармагынын маалыматтык–телекоммуникациясында автордук укуктун жана чектеш укуктардын объекттерин пайдалануу бөлугүндөгү чет элдик мыйзамдарды өнүктүрүү тенденциясын деталдуу талдоого багытталган.

2009-жылдын 15-сентябрында Францияда интернет - «пиратчылык» менен күрөшүү жөнүндө мыйзам долбоору жактырылган, ага ылайык Тармактан тасмаларды мыйзамсыз көчүрүп алуу менен бузуучу дүйнөлүк желеге жеткиликтүүлүктөн ажырашы, 300 миң авро айып пулу төлөшү же таптакыр түрмөгө отурушу мүмкүн. Мындай мыйзам Улуттук ассамблеянын депутаттары тарабынан жактырылган, бирок оппозиция Конституциялык сотто бул документке каршы чыгууга аракет жасашкан.

Буга окшош мыйзам Улуу Британияда кабыл алынган. Французга окшош Өкмөттүн мыйзам долбоору бузуучуларды жазалоонун этаптуулугун карайт. Мыйзамсыз көчүрүп алган жана автордук укуктарды биринчи жолу бузган колдонуучу эскертүү катын алат, бузуулар дагы кайталанган учурда интернет-провайдер бузуучу үчүн жеткиликтүүлүк ылдамдыгын азайтууга, айрым сайттарга жеткиликтүүлүктү жабууга жана ал тургай Тармакты убактылуу өчүрүүгө тийиш. Ак ниетсиз бузуучуларды Интернеттен узакка чейин өчүрүү жана 50 миң фунт стерлинг айып пул төлөө күтөт.

Ирландияда 2009-жылдын январынан тартып автордук укукту бузган файл алмашуу тармактарынын колдонуучулары Интернеттен өчүрүлөт. Өчүрүүнү Ирландиянын бардык интернет-провайдерленинен бул сыяктуу чараларга жетүүнү көздөгөн өлкөнүн ири провайдерлери – Eircom компаниясы жүргүзөт.

Кытайда сайттарды жаппайт, бирок катуу текшерүүгө алат. Өлкөдө иштеген токтомго ылайык, кайсы бир кытай музыкалык сайттарында пайда болгон ар бир музыкалык трек алгач бийликтен жана жазуунун укук ээсинен жарыялоого уруксат алышы керек. Ошону менен бирге ар бир трек менен ырдын текстти эки тилде – түп нускада жана кытай тилинде коюлууга тийиш. Токтом 2009-жылдын 31-декабрында күчүнө кирген.

Бразилияда 2008-жылдын аягынан тартып киберкылмыштуулук менен күрөшүү боюнча мыйзам иштейт, ага ылайык Интернет-компаниялар өзүнүн кардарларынын досьесин алууга тийиш. Жаңы мыйзам боюнча интернет-провайдерлер тармакка кошулган өзүнүн бардык кардарлары жөнүндө маалыматты үч жылга чейин сактоого жана укук коргоо органдарынын алгачкы талаптары боюнча берүүгө тийиш. Андан тышкары, кызмат көрсөтүүчүлөр Интернет тармагында жасалган кандай гана болбосун кылмыштардын белгилери жөнүндө билдирүүгө тийиш [15].

АКШ Интернетке материалдарды жарыялоону же жайгаштырууну коммуникациянын же жарыялоонун бир формасы катары сот аркылуу кароо практикасын киргизген. Ошондуктан соттор Интернетке байланышкан иштерди байланыштын салттуу каражаттары үчүн колдонулган укуктук талдоого салыштыруу менен колдонушат. АКШнын ителлектуалдык менчикти коргоо жаатындагы практикасы Интернет тармагындагы автордук укуктарды сактоо менен  Сот териштирүүсүнө жеткирбестен  контролдоо менен натыйжалуу ишке ашырылып жатат. Ошондой эле интенет-провайдерлерине айрым көзөмөл иш-милдттери жүктөлгөн.  Алсак, сот чечим чыгарууда жоопкер провайдерге кайрылышы мүмкүн, анткени мыйзамсыз пайдаланылган материалдарды алуу үчүн компания байкоо жүргүзүүгө тийиш, сот чечимдери аткарылбаган учурда компания бул жөнүндө сотко билдирүүгө ыйгарым укук алат жана сот тарабынан белгиленген мезгил аралыгында бузуучуну Интернет тармагынан өчүрүүгө тийиш.

Евробирлик үчүн Интернетте автордук укуктарды коргоо маселелери иштин артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Мындай маселелер мыйзамдуу түрдө ЕБ Директива түрүндө кабыл алынган актыларынын тикелей таасирлери менен жөнгө салынат. АКШдан айырмаланып Евробирликте кибермейкиндиктеги «пиратчылык» менен практикалык күрөшүү маселелери менен алектенген атайын агенттиктер же уюмдар жок. Мындай көйгөйлөрдү чечүү практикасы менен бизнес

алектенет. ЕБ ар түрдүү өнөр жай ассоциациялары Интернетти пайдаланууда автордук укукту жана чектеш укуктарды бузгандыгы үчүн бир кыйла натыйжалуу күрөшкөн ар түрдүү «антипираттык коалицияларды» түзөт.[16,б.54-66]

Эл аралык келишимдердин жоболору улуттук мыйзамдарды бирдейлештирүүдө, автордук-укукту коргоону берүү талаптарын бирдиктүү принциптерге келтирүүдө маанилүү ролду ойнойт. Бул жоболор келишим түзгөн мамлекеттердин аймагында чет элдик авторлордун жана укук ээлеринин укуктарын коргоону камсыз кылууда чоң мааниге ээ.

**Тыянак:** Эл аралык укук айрым мамлекеттерде автордук укуктарды укуктук жөнгө салуу менен салыштырганда өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ:

– дүйнөнүн ар кандай өлкөлөрүндө автордук укуктарды коргоонун улуттук системасы, шарттары, көлөмү, мөөнөтү жана коргоо олуттуу айырмаланат;

– мамлекеттин административдик-аймактык бөлүнүшү чыгармаларды пайдаланууга бөгөт болуп саналат;

– мамлекет эл аралык автордук укукту түзүү үчүн өзүнүн шарттарын бириктирүүсү зарыл, анткени автордук укуктарды аракеттенүүсүнүн аймактык принциби, аларды укуктук коргоо салттуу түрдө аймактык мүнөздү алып жүрөт; автордук укукту коргоо чыгарма жаралган мамлекеттин аймагы менен чектелет жана башка мамлекеттердин аймагына жайылтылбайт; мында автор тарабынан жаралган чыгарманын мүнөзү эч кандай алкак менен чектелбейт жана жашаган ордуна, жынысына, курагына, расасына, улутуна, диний ишенимине ж.б. карабастан кандай гана болбосун колдонуучулар үчүн түзүлөт; автордук укуктун объекттери мамлекеттин аймактык бөлүнүшүнөн тышкары дүйнө жүзү боюнча ийгиликтүү жайылуу касиетине ээ;

– маалыматтык, коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү, Интернет тармагынын аймактык чек арасынын жоктугу мамлекеттин аймактык чек арасына ээ болбогон, бир дагы мамлекеттин укуктук

ченемдери менен жөнгө салынбаган мейкиндиктин пайда болушуна алып келди. Бул мейкиндикте чыгармаларды пайдалануу чыгармаларга автордук укуктарды берүүнүн аймактык принцибине баш ийбейт;

– эл аралык автордук укук системасынын субъекттери катары мамлекет, эл аралык уюмдар, юридикалык жактар, жеке адамдар (жарандар, чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар, качкындар), ошондой эле Интернетте автордук укуктарды коргоо маселелерин эл аралык интеграциялоо процессине анын катышуусусуз мүмкүн эмес болгон эл аралык «тармактык коомчулук» алдыга чыгат.

## 1.2. Интернет жана тармакта келип чыккан укук мамилелерине карата анын өзгөчөлүктөрүнүн таасири

Интернет бүгүнкү күндө «муздак согуштун» кесепетинен келип чыккан бүткүл адамзаттык маанилүү жетишкендиктери болуп саналары белгилүү. «Муздак согуш» мезгилинде өкмөттүк аскердик тапшырыктарды аткарган бир нече америкалык уюмдардын, университеттердин жана компаниялардын алдына душмандын ракеталык-ядролук чабуулунда жетекчилик менен ар кандай бөлүмдөрдүн, ар кандай аскер бөлүктөрү менен өз ара байланышуу мүмкүндүгүн сактоого мүмкүн болгон ар кандай түзүмдөр менен байланышуу системасын түзүү милдети коюлган. Бул система системанын айрым бөлүктөрү иштен чыгып, жараксыз абалга келип калган учурларда да байланышуу жана маалыматтарды берүүнү камсыз кылууга тийиш болчу.

Интернетте мамлекеттердин аймактык бөлүнүшү жок, айрым функционалдык жана улуттук сегменттерге колдонулуучу мамлекеттин юрисдикциясы жөнүндө маселе чечиле элек. Тиешелүү мамлекеттерде юрисдикциянын аймагы менен Интернетте улуттук сегменттердин аныктоо бул маселенин так эместигине алып келиши мүмкүн. Бирок Интернет

түзүмдүк тармак болуп саналбайт, ошондой эле функционалдык домендердин көп санда болушу сайттарды каттоо ордун аныктоодо кыйынчылыктарды туудурат.

Тармакта жарыяланган чыгармаларды жаралуу ордун аныктоонун кыйынчылыгынын келип чыгышында ар түрдүү альтернативдүү критерийлер сунушталды – автордун туруктуу жашоо орду же жашаган жери. Бирок бир нече авторлоштордун чыгармалары жаралган учурда, өзгөчө аудиовизуалдык чыгармаларды жаратууда аларды пайдалануу кыйынчылык жаратат[17].

Коюлган милдеттерди аткаруунун натыйжасында "ARPAnet" (башкы уюмдун аталышы ARPA негизинде жатат) аталышындагы биринчи компьютердик тармак түзүлгөн. Бул тармак 1969-жылы түзүлгөн жана АКШ коргоо министрлигине карайт. Дал ушул заманбап Интернеттин типтүү образы болуп калган[18].

«ARPAnet» алгач жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасын камтыган илимий маалыматтарды алмашуу үчүн түзүлгөн түзүмдөр менен пайдаланган. Жыйынтыгында анда бул Тармактын жогорку натыйжалуулугу табылган, ал абдан ыңгайлуу болгон, анын натыйжасында АКШнын башка унивесритеттери өзүнүн компьютердик тармактарына автивдүү кошулуп башташкан.

70-жылдары Тармак негизинен электрондук почта үчүн пайдаланылган, почта жиберүүлөр, жаңылык топтору жана жарыя тактайчалары пайда болгон. 1973-жылы Тармакка трансатлантикалык телефон кабели аркылуу Улуу Британиянын жана Норвегиянын биринчи чет элдик уюмдары кошулган, Тармак эл аралык болуп калган.

Бирок башка техникалык стандарттарында курулган ошол убакта Тармак башка тармактар менен өз ара аракеттене алган эмес. 1970-жылдардын акырында 1982-1983-жылдары стандартташтырылган маалыматтарды өткөрүп берүү протоколдору дүркүрөп өнүгүп баштаган.

1983-жылдын 1-январында ARPANET тармагы NCP TCP/IP протоколуна өткөн, ал бүгүнкү күнгө чейин тармактарды бириктирүү үчүн колдонулат. “Интернет” термини АКШда мындай аталыштагы компания белгилүү болсо да, бүгүн биз билген сапатта 1973-жылы биринчи пайда болгон, бул мезгилде жарыялоолордо кыскартылып Interconnected Networks – тармакка кошулган. Дал ушул “Интернет” термини 1983-жылы ARPANET тармагына кошулган.

Өнүктүрүүнүн кийинки этабы 1984-жылы түзүлгөн кошумча аттардын системасын иштеп чыгуу болгон (англ. Domain Name System, DNS).

1984-жылы ARPANET термининде олуттуу атаандаш чыккан: АКШ Улуттук илимий фонду (NSF) кеңири университет аралык тармакты NSFNet (англ. National Science Foundation Network) негиздеген, алар кыйла майда тармактардан түзүлгөн (ошол убакта белгилүү болгон Usenet жана Bitnet тармактарын кошуп алганда) ARPANET караганда чоң өткөрмө жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон. Бул тармакка бир жыл ичинде 10 миң компьютер кошулган, “Интернет” аталышы акырындык менен NSFNet өтө баштаган.

1988-жылы Internet Relay Chat (IRC) прототколу иштелип чыккан, ага ылайык Интернетте реалдуу убакытта сүйлөшүү мүмкүн болуп калган (чат).

Бул компьютердик Тармак аркылуу чечилген аскердик эмес мүнөздөгү милдеттердин көлөмү туруктуу көбөйүп турган. Мисалы 80-жылдардын акырында Тармак өзүнүн купуялуулугун жоготуп баштагандан улам жалпыга жеткиликтүү болуп, аскердик чыдамдар акырына чыккан. Ошондуктан АКШ коргоо министрлиги аскердик бөлүк үчүн арналган Тармактын бул бөлүмүнө өтүүгө аргасыз болушкан. Алар өзүлөрүнүн керектөөлөрү үчүн Тармактын бөлүмүн бөлүп алышкан жана ага MILNet аталышын беришкен. Эки бөлүккө бөлүнгөн Тармак "Internet Protocol"

тармак аралык протокол менен өз ара байланышкан (техникалык жана программалык мүнөздөгү каражаттар топтому).

«Тармактык» менчиктин объекттери салттуу мүнөзгө ээ болгон, өлкөнүн жарандык мыйзамдарында белгиленген бизге белгилүү менчик укугунун объекттеринен айырмаланат. Бул объекттердин укуктук жөнгө салуу режимин иштеп чыгууда айрым укуктук ченемдерди же өзүнчө мыйзам иштеп чыгуу жетишшсиз. Экономикалык мамилелердин бул жаңы объекттеринин катышуусунда мамилелерди жөнгө салуу үчүн комплекстүү мамилени иштеп чыгуу зарыл.

Интернеттин дүйнөлүк мүнөзү юристтерди жөнгө салуунун жаңы мамилелерин издөө үчүн эл аралык укукка кайрылууга чакырат. Эл аралык укук салт-санаалардан жана өз ара макулдашуулардан келип чыгат, ал эми анын жумшак укук деп аталган негизги куралы болуп калды. Жумшак укук шарттардын жыйындысына жооп берген аспаптардын ансамбли катары аныкталат: ал эрежелердин даректеринин жүрүш-турушунун модификациялоо жана багтытто максатына ээ; даректер үчүн укуктарды жана милдеттерди түзбөйт; мазмуну жана иштеп чыгуу ыкмасы боюнча укуктук ченемдер үчүн мүнөздүү болгон формалдаштыруунун жана түзүмдөштүрүүнүн деңгээлин көрсөтөт[19,б.61].

1989-жылы Европада Европа кеңешинин дубалдарында ядролук изилдөө боюнча Дүйнөлүк желе жаралган. Аны белгилүү британ окумуштуусу Тим Бернерс-Ли сунуштаган, ал 2 жыл аралыгында HTTP протоколун, HTTP тилин жана URI идентификаторун иштеп чыккан.

Дүйнөлүк Желе Концепциясы (WWW) маалыматтарды текст, графика, үн жана башка атрибуттар менен табигый формада берүү мүмкүндүгүн берген. Иш жүзүндө WWW – бул биринчи жолу 70-жылдары Тед Нельсон тарабынан сунушталган гипертекстти пайдаланууга негизделип жайылтылган система. Гипертексттик документ башка документтерге жана тиешелүү программалык камсыз кылууларга (браузер - новигатор) шилтемелерди камтыйт, шилтемени көрсөтүүдө аны иштеп

чыгат, эгер зарыл болсо колдонуучуну бир документтен экинчисине которот. Мындай система бардык маалыматты бир чоң бириккен системага байланыштырууга мүмкүндүк берет[20].

1990-жылы ARPANET тармагы NSFNet атаандаштыгынан толук утулуу менен өзүнүн жашоосун токтоткон. Ошол жылы телефон түйүндөрү аркылуу Интернетке биринчи жолу кошулуусу аныкталган (“чалуу” англ. dialup access).

1991-жылы Дүйнөлүк желе Интернетте жалпыга жеткиликтүү болуп калды, ал эми 1993-жылы белгилүү NCSA Mosaic веб-браузери пайда болгон. Дүйнөлүк желе популярдуулукту топтоду.

1995-жылы NSFNet изилдөө тармагы ролуна кайтып келген, азыр Интернеттин бардык трафигинин каттамы менен Улуттук илимдер фондунун суперкомпьтерлери эмес тармактык провайдерлер алектенет. Ошол эле 1995-жылы Дүйнөлүк желе FTP файлдарды кайра жөнөтүү протколунун трафикасын ашып өтүү менен Интернетте маалыматтын негизги жеткирүүчүлөрү болуп калды. Дүйнөлүк желе (W3C) Консорциуму түзүлгөн. Дүйнөлүк желе Интернетти өзгөртүп, заманбап анын келбетин түздү. 1996-жылдан тартып Дүйнөлүк желе дээрлик толугу менен «Интернен» түшүнүгүн алмаштырат[20]. Дүйнөлүк Желе система катары Интернетке муктаж эмес экендигин техникалык негиз гана болуп саналарын белгилөө зарыл. WWW менен негизделген бөлүштүрүлгөн маалыматтык система ар кандай локалдык же глобалдык тармакта курулат, бирок «Дүйнөлүк» термин дал ошол Интернетти пайдаланууну болжолдойт[21].

90-жылдардан баштап Интернет абдан тез өнүгүп баштады жана өлкөнүн бардык контингенттери боюнча жайылтылууда жана ошол эле убакта Интернет желеси менен көпчүлүк колдонуудагы тармактардын биригишине алып келет (Фидонет сыяктуу айрымдары обочолонуп калган). Бирикме бирдиктүү жетекчиликтин жоктугунан улам жагымдуу көрүнөт, ошондой эле Интернеттин техникалык стандарттарынын ачыктыгы

тармактын бизнестен жана конкреттүү компаниялардан көз карандысыздыкка жеткирди. Интернет маалымат алмашуу үчүн эң популярдуу каражат болуп калды. Бүгүнкү күндө Интернет бири-бирине ар түрдүү каналдар аркылуу кошулган көп сандагы компьтерлерден турган системаны элестетет. Азыр телефон, радио-каналдар, уюлдук байланыш, байланыш спутниктери, кабелдик телекөрсөтүүлөр, атайын оптико-волокондук түйүндөр жана ал тургай электроөткөргүч аркылуу интернетке жеткиликтүүлүктү алуу. 2010-жылдын 22-январынан тартып Интернетке түз жеткиликтүүлүк Эл аралык космикалык станцияда пайда болгон.

Интернеттин өнүгүшү, Тармактын субъекттеринин жоопкерчилигин аныктоо көйгөйлөрүнө коомдун көптөгөн катмарларын тартуу, провайдерлер тарабынан алардын ишинин спецификасын түшүндүрүү, Интернеттин технологиялык процессинин техникалык деталдарын түшүндүрүү, алар тарабынан өздөрүнүн позицияларына туруусу, Европа биримдигинде № 2000/31/ЕС “Ички рыноктогу маалыматтык кызматтардын айрым укуктук аспекттери жөнүндө, айрыкча, электрондук коммерция жөнүндө” Директивасы (Электрондук коммерция жөнүндө Директива) кабыл алууга алып келген, ал 2000-жылдын 8-июнунда күчүнө кирген. Директиванын 12-беренесинде техникалык көчүрмө (кеш жүргүзүү) боюнча интернет-провайдерлердин жоопкерчилигин, берилген маалыматтын мазмунун өзгөртпөгөн, берилип жаткан маалыматтын мазмунунун мыйзамсыздыгы жөнүндө билгенден кийин мындай маалыматка жеткиликтүүлүктүн алдын алуу үчүн өз убагындагы чараларды көргөн шартта, техникалык көчүрмө (кэш жүргүзүү) боюнча аракеттери үчүн жоопкерчилик алып салынары бекитилген [22].

Интернет эмнени түшүндүрөт? Интернет глобалдык, уникалдык борбордон ажыратылган түзүмдү элестетет, тармакта укуктук жөнгө салуунун ар кандай аракети анын экстроаймактык мүнөзүн эске алуу зарылдыгына туш келет. Өткөн кылымдын акыркы он жылдыгында, б.а. глобалдык тармактын колдонуучуларынын санынын гүлдөп өскөн

мезгилинде тигил же бул мамлекет интернетке өзүнүн улуттук мыйзамдарын жайылтууга аракеттенген учурлар мезгил-мезгили менен болуп турду, ал дүйнөнүн кайсы бир мамлекетинин интернет ресурстарына жайгаштырылган маалыматтык массиви ушул гана мамлекеттин колдонуучуларына жеткиликтүү болушу керектигине негизделген.

Азыркы убакта мындай демилгелер көп кездешет жана көптөгөн мамлекеттер өзүнүн улуттук мыйзамдарынын алкагында глобалдык тармактын пайдалануунун эрежелерин өзүнчө белгилүүгө аракеттенип жатышат. Чындыгында, бүгүнкү күндө ар бир мамлекет күнүмдүк жашоодо мамлекеттин экономикалык-социалдык чөйрөсү үчүн Интернеттин маанилүүлүгүн аңдап-билүү менен тиешелүү мамиллерди жөнгө салууга аракеттерди жасоодо. Мыйзамдык жөнгө салуунун курч зарылдыгы, баарынан мурда тиешелүү укук ченемдеринин жоктугунун фонунда көп сандагы талаш-тартыштуу кырдаалдын келип чыгышына алып келет[23,б.104].

90-жылдары интернет-бум мезгилинде тоскоолдуксуз коммуникация, глобалдык маалымат алмашуу ж.б. чексиз мүмкүндүгүн берүүчү спецификалык эрежелер жана чоң мүмкүндүктөр менен мейкиндиктин келечектеги модели, өзгөчө түрү катары каралат. Укук таанучулардын көз карашынан алганда Интернеттин баштапкы өнүгүү мезгилинде Интернет конкреттүү бир мамлекеттин юрисдикциясын ашып өтүүгө жөндөмдүү, ал эми Интернеттин технологиялык мүмкүндүктөрү мамлекеттин укугу сыяктуу эле «аймактуулук» маанисин жоготот деп болжолдошкон[24].

Чындыгында Интернеттин архитектурасынын тренсчекарасы, анын көп деңгээлдүү технологиялык инфратүзүмү, анын трансчекаралык иштөөсү улуттук укуктук жөнгө салууга карата тоскоолдук болуп саналат. Париждеги Эл аралык дипломатиялык академиясындагы конференциясында «Интернет жана юрисдикция» долбоорунун директору, ICANN директорлор кеңешинин мүчөсү Бертран де ля Шапель, Интернет көп учурда бири-бирине карама-каршы келген улуттук мыйзамдардын

топтору менен башкарылат. 1648-жылы юридикалык күнүмдүк турмушка киргизилген «суверендүүлүк» түшүнүгүнө негизделген укуктук ченемдер трансчекаралык мейкиндикте иштебейт. Интернетте суверендүүлүктү ишке ашыруу башка суверендүүлүккө таасир этери шексиз[25].

Интернет глобалдык трансчекаралык мүнөздү алып жүрөт, Тармакта маалымат агымдарынын кыймылдары жүзөгө ашырылат, мында Жер планетасынын реалдуу мейкиндигинде мамлекеттердин административдик-аймактык бөлүнүшү эч кандай окшош чек аралар менен бирикпейт. Интернетте бардык коммуникация, ишкердик иш, маалыматтарды сактоо, ар түрдүү бүтүмдөрдү жасоо мамлекеттин чек арасынан көз карандысыз жүзөгө ашырылат. Тармакта бирдиктүү укуктук мейкиндиктин жоктугу мамлекеттердин чек арасын эркин кесип өтүүгө мүмкүндүк берет.

Анда Интернет укуктук планда эмнени элестетет? Айрым авторлор аны укуктук субъектиси, юридикалык жак, жөнгө салуунун укуктук предмети, космикалык мейкиндик сыяктуу өзгөчө объект деп эсептөөнү сунуштайт ж.б. Интернетти жалпыга маалымдоо каражаттары деп эсептөө жөнүндө талашышат[26,б.221-227].

Интернет башынан эле жана бүгүнкү күндө да биз түшүнгөн юридикалык маанидеги «уюштуруучулук биримдик» эмес. Бүгүнкү күндө Интернетти бирдиктүү уюштуруучулук башкаруу түзүмү жок, ошондой эле дүйнөнүн кайсы бир өлкөсүндө компьютердик тармактын жеке менчик ээси же жеке ээси жок, АКШда "Internet" аталышындагы компания болсо да, ал Тармакты башкарган эмес, Тармакта консультациялык кызматтарды гана көрсөткөн. Ошондой эле АКШнын Федералдык Өкмөтү Интернеттин менчик ээси болгон эмес, ал болгону АКШнын аймагындагы айрым магистралдык тармактарды каржылаган. АКШнын Коргоо министрлиги эбак эле Интернет менен байланышта эмес, ал бүгүнкү күндө жеке окшош жашыруун компьютердик тармакка ээ. Азыркыга чейин Интернет мейкиндигинде даректи (доменди) бөлүштүрүү укугуна ким ээ экендиги жөнүндө талаштар бар. Бүгүнкү күндө АКШ Соода министрлиги менен

келишим боюнча муну домендик аттар боюнча жеке корпорация жасайт (ICANN).

Эгерде кимдир бирөө Интернет колдонуучусу болууну кааласа, ал провайдерлерге (provider) - Интернетке кошулуу жөнүндө өтүнүч менен Тармакка жеткиликтүүлүк кызматынын операторлоруна кайрылат. Провайдер Тармактын катардагы колдонуучулары үчүн Тармакка кошулуу мамилелерин алып чыккан «Интернеттин өкүлү», ал колдонуучуга каналдын жеткиликтүүлүгүн берет.

Тармактык кызматтарды өндүрүү менен алектенген фирмалар үчүн өзүнүн серверлерине өндүрүүчүлөр тарабынан сунушталган маалыматтарды жайгаштырууга жөндөмдүү компаниялар Интернеттин «өкүлү» боло алат.

Бул адистештирилген компаниялар хостинг-провайдер деп аталат жана көп учурда алар жеткиликтүүлүк оператарлору боло алышат. Эгерде мындай компания жеткиликтүүлүк копаниясы болуп саналбаса, анда ал сервердин ээси тарабынан жалпы негиздеги Тармакка кошулат.

Кыйла ири алгачкы тармактын операторлору катардагы провайдерлер үчүн «Интернеттин өкүлү» болуп саналат. Алар кошулуу мүмкүндүгүн беришет. Ар бир тармактын ээси бар, бирок алардын бири дагы Интернет деп аталган бардык тармакты юридкалык да, техникалык да контролдой албайт.

Коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар бар, алардын жыйындысы «Интернет коомчулугу» деп аталат. Алар Тармактын башкаруу органы болуп саналбайт, биринчи кезекте алар техникалык стандарттарды макулдашуунун үстүндө иштешет (тармакты кошуу, маалыматтарды алмашуу ж.б.) жана андан тышкары деректик мейкиндикти бөлүштүрөт. Бул иш Интернеттин техникалык жашоосу үчүн мааниге ээ. Бирок ал башкаруу органдарынын иш-милдеттеринин белгилерин камтыбайт. Бул уюмдун иши өзүнүн өлкөсүнүн ичиндеги мындай

мамилелерди жөнгө салган улуттук органдарынын иш-милдеттери менен кесилишпейт, анткени ал трансчекаралык мүнөзгө ээ.

Интернет юридикалык жакты мүнөздөгөн белгилерге ээ эмес жана ээ болушу мүмкүн эмес. Уюштуруучулук биримдиги жок, дүйнөнүн бир дагы өлкөсүндө башкаруунун уюштуруучулук түзүмү жок, түзүлгөн эмес жана эл аралык уюм катары өз ара аракеттенбейт, өзгөчөлөнгөн мүлкү жок, анткени анда пайдаланылган маалыматтык жана материалдык ресурстар ар кандай субъекттерге карайт. Мисалы, байланыш каналдары телекоммуникациялык компанияларга карайт; магистралдык тармакты программалык жана аппараттык камсыз кылуу бул тармактын ээсине тиешелүү; Интернетке кошууну жүргүзүү провайдерлерге тиешелүү болгон компьютерлер; ал эми колдонуучулардын компьютерлери колдонуучулардын өзүнө тиешелүү.

Андан тышкары, Интернет кандайдыр бир өз алдынча укуктарды жана милдеттерди алып жүрүүгө жөндөмсүздүгү тууралуу фактыны көрсөтөт. Интернетти пайдалануудан келип чыккан ар бир укуктук мамилелер үчүн укуктук жөндөмгө ээ болгон конкреттүү субъект бар. Мисалы, кардарды контрагент Тармагына кошуудагы укуктук мамилелерде Правайдер келип чыгат, Интернет аркылуу түзүлгөн бүтүмдөр боюнча төлөмдөрдү жүзөгө ашырууда, Сатуу-уюму Тармагы аркылуу кандайдыр бир товарларды сатып алууда контрагент болуп төлөм системасы жардамга келет. Жогоруда келтирилген бардык мисалдарда бул укук мамилелеринин объекттери, жоопкерчиликтин көлөмү, анын мүнөзү ар кандай, иш жүзүндө таптакыр кесилишпейт.

Тармак өзүнөн өзү эч кандай кызматтарды көрсөтө албайт, ар кандай компьютерлерди бири-бирине кошуу кызматтарынан тышкары, адамдардын ортосундагы байланышты жеңилдеткен техникалык жетишкендик болуп саналат. Аларды байланыштырган компьютердин ортосундагы эмес адамдардын ортосундагы байланыш Интернеттин негизги багыттары болуп саналат. Мында компьютерлерди өз

байланыштыруу көз ирмемдик убакыт. Маалыматтардын өтүүсү байланыш каналдарынын сапатынан же болбосо компьютердин кубаттуулугунун начардыгынан улам болот.

Кызматтарды компьютердик технологияларга таптакыр тиешеси жок уюмдар көрсөтөт. Мисалы, авиакомпаниялар алардын сайтына киргенде келечектеги жүргүнчүнүн каттамын гана иштеп чыкпастан, билет сатууну да сунуштайт. Башка фирмалардын жарнамасын жасаган жана аны Интернетке жайгаштырган фирмалар дагы бар. Интернет аркылуу өзүнүн продукцияларын саткан же кызмат көрсөткөн көп фирмалар Интернетсиз керектөөчүлөргө да жакшы белгилүү[27].

Интернетти укуктун объекти катары кароо мүмкүн эмес. Кардардын компьютеринин провайдер тармагына кошулуусуна багытталган иш-аракеттери эмнени билдирет? Практика көрсөткөндөй провайдер өзүнүн локалдык тармагына колдонуучуну акысыз кошот жана Интернет тармагында маалыматтарды кабыл алуу жана өткөрүп берүү кызматын көрсөтүүгө алар менен келишим түзөт, бул укук мамилелери байланыш каналын ижаралоо сыяктуу бааланат. Колдонуучу провайдер менен кызмат көрсөтүү келишими же болбосо ижара келишими менен укук мамилесин түзүүгө киришет. Эгерде колдонуучу Тармакта кандайдыр бир бүтүмдөрдү жасаса, ал жасаган кандайдыр бир бүтүмгө жараша тиешелүү контрагенттер менен мамиле жаралат – бул акы төлөнүүчү тасмаларды көрүү, товарларды жана кызматтарды сатып алуу-сатуу, Интернеттен тышкары белгилүү жана колдонулган накталай эмес эсептердин эрежелерин пайдалануу менен ар кандай төлөм системасынын жардамы менен жүзөгө ашырууга мүмкүн.

Интернет компьютердик тармак болуп саналуу менен өзүнөн-өзү жаңы товарларды же материалдык же материалдык эмес мүнөздөгү объекттерди жаратпайт. Интернет колдонуучуларга маалыматтарды алууга, аларды алмашууга, тармактык продукцияларды түзүүгө, аларды Тармакка

жайгаштырууга, өз ишин, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жарнамалоого, өз продукциясын сатууга ж.б. мүмкүндүк берет.

Интернет компьютердик тармак катары өзүнө көбүнчө укуктук эмес техникалык мүнөздүн мамилелеринин т.а. ар кандай компьютерлерди аппараттык да, программалык да кошуунун техникалык каражаттарын иштеп чыгуу жана макулдашуунун жыйындысын алып жүрөт. Укуктук жөнгө салууларды колдонуусуз өтүү болбогон учурларда предмети кызмат көрсөтүү же болбосо мүлк же болбосо Интернет тармагынан тышкары болгон жөнгө салуунун субъективдүү укук, мисалы, тиешелүү компьютердик техниканын өндүрүүчү компанияларды издөө жана алар менен келишимдерди түзүү, менчик укугунун пайда болушу, байланыш каналдарынын волокондуу-оптикалык жана спутниктик уюмдары ж.б. болуп саналат.

Интернет укуктун жаңы объекти болуп саналат, аны материалдык жыргалчылыкка, мүлккө, чыгармачылык иштин натыйжаларынын маалыматтарына же өзгөчө укуктарына теңөөгө болбойт. Интернеттин мындай түшүнүгүн – эбегейсиз маалымат булагын, өзгөчө коммуникативдик чөйрөсүн, социалдык мейкиндик чөйрөсүн аз эмес кездештирүүгө болот, бирок бул терминдер укуктук мүнөзгө ээ эмес жана жогорку ылдамдыктагы байланыш түйүндөрүн, байланыштын, компьютердик техниканын, программалык камсыз кылуунун, санарип технологиясынын жыйындысын Интернет өзү чагылдырбайт, иш жүзүндө Интернеттин жардамы менен түзүлгөн чоң маалыматтар базасын, өз ара аракеттенүү мейкиндигин, соода аянттарын ж.б. масштабдуу адам ишмердигин көрсөтөт.

Бир тараптан, Интернет – бул трансчекаралык технологиялык жаратууну иштетет жана бул мааниде Интернет салыштырмалуу нейтралдуулукка жана өз алдынчалуулукка ээ, Интернетти пайдаланууну жөнгө салууда мамлекетте анча чоң эмес эркиндик калат, экинчи тараптан

ар түрдүү масштабдагы көптөгөн социалдык процесстерге кошулган жана мунун күчү менен мамлекеттин кызыкчылыгын көрсөтөт.

Жөнгө салууга кандай мамилелер жатат? Маалыматтык-телекоммуникациялык тармак катары Интернеттин өзү эмес, ишке ашыруу платформасы менен болгон мамилелер болуп жүрбөсүн.

Интернет өзү жалпысынан – «укуктук эмес мамиле. Мазмуну боюнча тартипти укуктук жөнгө салуу, телекоммуникациялык тармакты пайдалануунун шарттары жана глобалдуу компьютердик тармактарда маалыматтарды циркуляцияланышында ар түрдүү субъекттердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын көйгөйлөрүнө ээ» [28,б.-3].

Интернеттеги ар кандай баштапкы укуктук мамилелер аныктамасы боюнча Тармактын өзүнүн глоабалдык трансчекаралык мүнөзү менен байланышкан трансчекаралык мүнөзгө ээ.

Кыйла предметтүү деңгээлде адистер укуктук жөнгө салуу үчүн мааниге ээ болгон Интернет тармагындагы мамилелердин төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүнүн тизмегин түзүшөт:

- тараптардын жайгашуу ордунун аныкталбаганы укукту колдонуунун, ошондой эле милдеттерди реалдуу аткаруунун мүмкүн болуучу көйгөйлөрүн шарттайт;

- тармак мамилелеринин катышуучуларын идентификациялоонун татаалдыгы;

- маалыматтык провайдерлер менен тармактын катышуучуларынын ортосундагы мамилелердин көз карандуулугу;

- тармакта документ жүргүзүүнүн электрондук мүнөзү атайын программалык жана аппараттык камсыз кылууну колдонуунун зарылдыгын шарттайт[29,б.-72].

Интернет-мамилелеринде чет элдик элемент ар дайым бар жана ал ар түрдүү образда пайда болот:

1) сервер чет элдик мамлекетин аймагында болот;

2) тейлөө провайдер чет мамлекеттин жарандыгына ээ же чет мамлекеттин аймагында туруктуу жашайт;
3) электрондук бүтүм ар түрдүү мамлекеттердин адамдары менен түзүлөт;
4) веб-сайтты пайдалануунун натыйжасында чет мамлекеттин аймагына зыян келтирет;
5) веб-сайтта жайгашкан маалыматтар интеллектуалдык менчикти коргоо жөнүндө чет мамлекеттин мыйзамын бузат [30].

Интернетти жөнгө салуунун ченемдик-укуктук көйгөйлөрү жетишерлик узак убакта интернетти пайдалааууну жөнгө салуунун эл аралык-укуктук контексттине тийген эмес.

Интернетти пайдаланууну жөнгө салуу чөйрөсүндө изилдөөлөрдү эл аралык укуктун призмасы аркылуу өз убагында «коргоо» XX кылымдын башындагы көпчүлүк иштердин тоналдуулугун аныктайт. Ошондой болсо да бүгүнкү күндө Интернетти иштетүүгө байланыштуу келип чыккан коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууда эл аралык укук негизги ролду ойноого тийиш экендиги күмөн туудурат.

Улуттук укукту жөнгө салуунун башкы «тоскоолдугу» Интернеттин трансчекаралуулугу болуп саналат. Чындыгында, Интернет менен байланышкан укук мамилелери «Экстра улуттук» мүнөзгө ээ. Башка мамлекеттердин мыйзамдарын эске алуусуз мындай укук мамилелерине локалдык укуктук ченемдерин колдонуу натыйжасыз болуп калышы мүмкүн[31,б.131].

Улуттук мыйзамдар менен гана чектелүү мүмкүн эмес, анткени архитектуранын өзү трансчекаралуу, ал эми колдонуудагы жөнгө салуулардын көпчүлүк бөлүгү эл аралык актыларга топтоштурулган.

Интернетти эл аралык-укуктук жөнгө салуу интеллектуалдык менчикти коргоо, атап айтканда автордук укуктун жана чектеш укуктардын объекттерин укуктук коргоо маселелерин эл аралык укуктук жөнгө салуу маселелеринен башталган [32,б.105].

1996-жылы автордук укук боюнча (АУБ) жана аткаруу жана фонограммалар боюнча (АФБ) Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму (ДИМУ) эки эл аралык Келишимди түзгөн, ал 2002-жылы күчүнө кирген. Бул келишимдер Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун (ДИМУ) интернет-келишимдери болуп саналат жана бул келишимдер санарип чөйрөсүндө гана чыгармаларды жана алардын автордук укуктарын коргоого тиешелүү Берн конвенциясынын алкагында түзүлгөн автордук укуктар боюнча келишимди көрсөтөт. АФБ келишими аткаруучулардын (ырчылардын, актерлордун, музыкантттардын ж.б.) жана фонограмманын өндүрүүчүлөрүнүн укуктарына тиешелүү.

Интернетти башкаруу боюнча БУУнун Жумушчу тобу эл аралык деңгээлде мындай башкарууну уюштуруунун төрт вариантын караган: мамлекеттердин делегаттары менен Интернет боюнча дүйнөлүк кеңеш, Интернет боюнча дүйнөлүк форум, ICANN ордунда Интернет боюнча эл аралык кеңеш, Интернет тармагындагы дүйнөлүк саясат боюнча Кеңеш[33,б.233]. Жыйынтыгында БУУнун камкордугунда Интернет боюнча саясат жөнүндө дүйнөлүк дисскуссияны киргизүү максатында Интернет менен башкаруу форуму түзүлгөн (the Internet Governance Forum)[34].

Интернет менен башкаруу боюнча Жумушчу топ тарабынан маалыматтык коом маселелери боюнча жогорку деңгээлдеги Дүйнөлүк жолугушуунун алкагында төмөнкүдөй аныктама түзүлгөн: Интернет өзүнө Интернеттин эволюциясын жана колдонулушун жөнгө салган чечимдерди жана программаларды кабыл алуунун тиешелүү ролдорун, жалпы принциптерин, ченемдерин, эрежелерин, жол-жоболорун аткарууда өкмөттүн, жеке секторлордун жана жарандык коомдун иштеп чыгуусун жана колдонуусун көрсөтөт. Интернет тармагынын дүйнөлүк мүнөзү юристтерди жөнгө салуунун ыкмаларын издөөдө эл аралык укукка кайрылууга түрткү берет.

Бүгүнкү күндөгү колдонуудагы укуктук жөнгө салуу, ченемдик укуктук актыларга жана Интернет менен байланышкан кандайдыр бир жөнгө салынуучу мамилелердин абалы төмөнкүдөй:

«Биринчиден, дүйнөнүн бир дагы өлкөсүндө Интернет боюнча чоң көлөмдөгү (кодификацияланган) мыйзамдар жок. Колдонуудагы ченемдик (мыйзам алдындагы) актылар Тармактын иштөөсүнүн кандайдыр бир жеке аспекттерин жөнгө салат (жеткиликтүүлүк операторунун иши, дарек мейкиндигин жайылтуу, спамдар менен күрөшүү ж.б.).

Экинчиден, Интернет боюнча мамилелерге карата колдонууга мүмкүн болгон ченемдер интеллектуалдык жана өнөр жай менчиги жөнүндө мыйзамдарды, ошондой эле «телекоммуникациялык укук» деп шарттуу аталган нормативдик массивдерди кошуп алганда, укуктун башка тармагынын мыйзам актыларына «чачып ташталган».

Үчүнчүдөн, эл аралык келишимдерде, улуттук мыйзамдарда, аткаруу бийлик органдарынын актылдарында, соттук чечимдерде (прецеденттерде) камтылган укуктук ченемдердин булактары көп».[11]

Интернеттин өнүгүшү жана иштеши Интенет изилдөөчүлөрү Д. Голдсмит жана Т. Ву мындай корутундуга келген: «Келечектеги интернетке карата биздин божомолдор туура эмес, анткени «аймактык жөнгө салуу негизинен талап кылынбайт»; интернет «техникалык ойлоп табуу сыяктуу эле аймактык укукта, мамлекеттик бийликте жана эл аралык мамилелерде виртуалдык мейкиндик катары кароо керек»[35,б.56-88].

Интернеттин өзгөчөлүгүнө, анын табиятына жана мүнөзүнө, тармакта пайда болгон коомдук мамилелердин таасири, ошондой эле көтөрүлгөн маселелерди эл аралык-укуктук жөнгө салуунун орду жана ролу менен байланыштуу маселелерди карап чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келебиз.

**Тыянак:** Интернеттин трансчекаралуулугу Интернеттин архитектурасынын трансчекаралуулугунун, анын көп деңгээлдүү технологиялык инфратүзүмүнүн кесепети болуп саналат, ал эми анын

бүтүндөй ички жана ажырагыс касиеттеринин глобалдуулугу жана трансчекаралык иштеши болуп саналат.

Интернет укуктун жаңы объекти болуп саналат, аны материалдык жыргалчылыкка, мүлккө, чыгармачылык иштин натыйжаларынын маалыматтарына же өзгөчө укуктарына теңөөгө болбойт. Интернет юридикалык жакты мүнөздөгөн белгилерге ээ эмес – уюштуручулук биримдикке, жеке обочолонгон мүлккө ээ эмес, эл аралык уюм катары түзүлгөн эмес, дүйнөнүн бир да өлкөсүндө көчүрүлгөн эмес, өз алдынча укукту ээлөөгө жана милдетти тартууга жөндөмсүз».

Интернет тармагында пайда болгон коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу эл аралык кооперацияларды жана кызматташтыкты өнүктүрүүнүн негизинде эл аралык укукту жүзөгө ашырууга тийиш.

## 1.3. Интернетте автордук укуктун объекттерин коргоонун техникалык каражаттарын эл аралык укуктук жөнгө салуу

Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун келишимдери, техникалык каражаттардын жардамы менен укуктук коргоону камсыздоонун эрежелери камтылган бир катар жоболорго ээ. Өзгөчө бул программалык продуктулар үчүн актуалдуу, бирок, эгерде автордун чыгармасы санариптик алып жүрүүчүдө көрсөтүлсө башка чөйрөлөрдө да ишке ашырылышы мүмкүн. Анын маңызы, иштеп чыгуучуга өзүнүн продуктусуна маалыматтарды мыйзамсыз пайдалануудан, өзгөртүүдөн же көчүрүүдөн коргоого арналган каалаган технологияны кошууга уруксат берилеринде турат. Айрыкча бул ар кандай ачкычтар, сериялык номурлар жана башкалар пайдаланылган лицензиялык программалык продуктуларда даана көрүнөт. Бул методго кошумча, бүгүнкү күндө мындай чектөөлөрдөн айланып өтүү аракеттерине мыйзамдар менен тыюу салууну түзүү боюнча жумуштар жүргүзүлүп жатат.

Азыркы тапта Интернет тармагында автордук укук чөйрөсүндө кылмыштардын кыйла көп тараган жана коркунучтуу түрү болуп, программалык камсыздоого, аудиовизуалдык чыгармаларга, адабий чыгармаларга, маалыматтар базасына карата пиратчылык таанылган. Жаңы технологиялардын өнүгүшү, укук ээлери өздөрүнүн укуктарын жана мыйзам менен кайтарылган кызыкчылыктарын коргоонун укуктук механизмдерин гана пайдалануунун натыйжасы жетиштүү эмес деп эсептөө менен, автордук укуктун объекттерин коргоонун техникалык каражаттарын көбүрөөк колдоно баштоосуна алып келет. Мүмкүн электрондук документте көчүрүүгө тоскоолдук кылган, же көчүрүүнү белгиленген төлөм режимине баш ийдирген атайын куралдарды орнотуу керек. Мисалы, Internet’теги коммерциялык сайттар, колдонуучу менен түзүлгөн макулдашуунун негизинде ага чоң эмес төлөмгө сайтта жайгашкан материалдарга жетүүнү ачып берет. Андан тышкары коммерциялык сайттар, материалдарга санкцияланбаган жетүү учурунда колдонуучунун аракеттерин көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген техникалык контролдун натыйжалуу системаларына ээ.

Интернет тармагында көпчүлүк кылмыштар ар кандай техникалык каражаттардын – компьютердик программалардын, автордук укукту коргоо каражаттарын айланып өтүү үчүн түзүлүштөрдүн жана технологиялык иштеп чыгуулардын жардамы менен жасалат. Коргоонун техникалык каражаттары автордук укуктардын бузулушун түп тамырынан бери жок кылууга ишенимдүү кепилдик бере албайт, анткени каалагандай техникалык коргоо мындай коргоону, жоюу, блоктоо жолу менен же башка өңүттө айланып өтүүгө мүмкүндүк берген башка техникалык каражаттардын жардамы менен жеңип чыгууга мүмкүн. Ак ниетсиз жактарга коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүгө мүмкүндүк берген техникалык каражаттарды көрсөтүү, мындай айлануу үчүн арналган программалык камсыздоону иштеп чыгуу, аны жайылтуу укук ээлерине кыйла чыгымдарды алып келет.

1983-жылы «Такара» япон компаниясы «Топсин» жана «Твин Твист» роботтошкон эки оюнчук-трансформерлери үчүн оригиналдуу дизайн түзгөн. Оюнчуктар жапырт товар өндүрүү рыногуна арналган, ал эми автордук укук боюнча япон мыйзамдары мындай продукцияны коргобойт. 1984-жылы «Хасбро Бредли» америкалык компаниясы «Такара» компаниясынан «Топсин» жана «Твин Твист» оюнчуктарына укукту сатып алат жана аны өзүнүн түйүнүнө кошот. Америкалык компания болуп саналган оюнчук өндүргөн «Спаркл» (Sparkle Toys) «Топсин» менен «Твин Твисттин» оригинал үлгүсүн көчүрүп алып, көчүрмөсүн АКШда сатып баштаган. «Спаркл» компаниясы сот процессинде өндүрүлгөн өлкөдө башында эле корголбогон АКШда коргоону ала албайт деп талап кылган[36].

Сот ишти кароодо 1976-жылдагы автордук укук жөнүндө АКШнын Мыйзамынын 104-беренесинин түшүндүрмөсүнө ылайык, «Спаркл» команиясынынын аргументтерине макул болгон эмес, соттун пикири менен алгач чет мамлекетте жарыяланган чыгарма жарыялоо учурунда Автордук укук жөнүндө дүйнөлүк ковенциянын мүчөсү болуп саналса, автордук укук жөнүндө американын Мыйзамы менен корголууга тийиш экенлиги белгиленген. Ошентип, аталган оюнчуктар Япониянын автордук укукту коргоонун объекти болуп саналбаса да, алар аталган өлкөнүн Дүйнөлүк конвенциянын катышуучусу экендигин эске алуу менен АКШнын аймагында корголгон.

Берн конвенциясы менен корголгон авторлордун чыгармалары, Бирликтин өлкөлөрүндө азыркы убакта же мындан ары бул өлкөнүн тиешелүү мыйзамдары менен өз жарандарына берген укуктарды пайдаланат. Сөз Берн конвенциясында жок, бирок конвенциянын катышуучу өлкөлөрүнүн улуттук мыйзамдарында бар укуктар жөнүндө болуп жатат. Мында эгерде бул чыгармалар жаралган өлкөдө корголбосо да мындай коргоо жүзөгө ашырылат.

Берн конвенциясында белгиленген конвенциянын жоболорунан тышкары, коргоонун көлөмү анын укугун коргоо үчүн авторго берилүүчү коргоонун каражаты катары коргоону талап кылган өлкөнүн мыйзамдары менен өзгөчө жөнгө салынат (5-березенин 2-пункту) [37,б.78].

Автордук укук жагындагы мурда кабыл алынган жана колдонууда болгон салттык эл аралык келишимдерде Интернет тармагында автордук укуктун объекттерин пайдалануу маселелерине тиешелүү болгон жоболор каралган эмес. Алар мындай жоболорду камтый да алышкан эмес, анткени Интернет тармагы аркылуу интеллектуалдык менчик объекттерди пайдалануунун натыйжасында келип чыккан көйгөйлөрдөн бир кыйла мурда түзүлгөн.

Дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму (ДИМУ-WIPO), автордук жана чектеш укуктардын объекттерин, ошондой эле санариптик чөйрөдө алардын авторлорунун укуктарын коргоого тиешелүү атайын макулдашууларды көрсөткөн автордук укук боюнча (АУК - WIPO Copyright Treaty, WCT) жана аткаруулар жана фонограммалар боюнча (АФК - WIPO Performances and Phonograms Treaty, WPPT) келишимдерди иштеп чыккан. Бул эл аралык макулдашуулар 1996-жылдын 20-декабрында дипломатиялык конференция тарабынан кабыл алынган. Кыргыз Республикасы бул келишимдерге биринчилерден болуп кол коюп, кийин өзүнүн парламентинде ратификациялаган өлкөлөрдүн ичинде болгон. Тиешелүү документ ДИМУга жөнөтүлгөн жана бул келишимдердин күчүнө кириши үчүн аларга катышуу ниетин билдирген өлкөлөр тарабынан ратификациялардын белгилүү бир санын алуу зарыл болгон, бул келишимдерге кол койгон өлкөлөр алардын күчүнө киришин күтүшкөн. Мазмуну боюнча бул келишимдер автордук жана аралаш укуктарды коргоо жагындагы салттык эл аралык макулдашууларды Интернет доорунун жаңы талаптарын эске алуу менен бул чөйрөнү укуктук жөнгө салуу менен толукташкан.

2002-жылдын 6-мартында жогоруда көрсөтүлгөн эл аралык келишимдер күчүнө кирген жана булар Интернет тармагында автордук жана чектеш укуктарды коргоону укуктук жөнгө салууну киргизген интеллектуалдык менчик жагындагы алгачкы эл аралык келишимдер болгон. Бул келишимдердин жоболорун талдоо көрсөткөндөй, ага катышкан мамлекеттер автордук жана чекте укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүдөн укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарын жана укуктук коргоону камсыздоого милдеттендирилет.

Автордук укуктун объекттерин коргоонун техникалык каражаттары чыгармаларга жеткиликтүүлүктү контролдоонун системаларынын спецификалык түрүн көрсөтөт жана алар тарабынан корголгон объекттердин ажыратылгыс тиркемелери болушу мүмкүн. Алар Интернет тармагындагы серверде же компьютердик түзүлүшүндө жайгаштырылган файл түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн. Алар санариптик формада жазылган же болбосо кандайдыр бир материалдык алып жүрүүчүгө жазылган чыгармаларды көрүү, угуу, окуу, көчүрүү үчүн пайдаланылган түзүлүштөргө жана программаларга түзүлүшү  мүмкүн[38].

Кыргыз Республикасынын “Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамында, автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттары деген термин бар, аны төмөнкүдөй түшүнүүгө болот: “чыгармаларды же чектеш укуктар объекттерге жеткиликтүүлүктү контролдоочу, автор, чектеш укуктардын ээси же ушул Мыйзамга ылайык корголуучу чыгармага же чектеш укуктар объектисине карата башка өзгөчө укуктардын ээси тарабынан уруксат берилбеген аракеттерди жүзөгө ашырууну болтурбаган же чектеген ар кандай натыйжалуу техникалык түзүлүш же алардын компоненттери” (4-берене).[39].

Бирок биз сөз кылып жаткан эл аралык келишимдердин ченемдеринин мындан аркы өнүгүшү жана жайылтылышы Кыргызстандын мыйзамдарында жүзөгө ашырылган эмес. Келтирилген мыйзамда

көрүнгөндөй, автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарынын аныктамасы: ар кандай натыйжалуу техникалык түзүлүш же алардын компоненттери. Ушул жерден, бул ченемди кошуу учурунда мыйзамды иштеп чыгуучулар бул термин коргоонун дал кайсы техникалык каражаттарын камтый турганын жетиштүү даана түшүнүшкөн эместиги көрүнөт. Бүгүнкү күндө, техникалык түзүлүштөрдөн жана алардын компоненттеринен тышкары, автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарынын ичинен программалык камсыздоо – ЭЭМ үчүн программалар аз эмес орунду ээлерин жакшы билебиз. Бүгүн бул биздин мыйзамдардын көйгөйү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамында автордук укукту жана аралаш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарынын аныктамасына ЭЭМ үчүн программаларды кошуу менен коргоонун техникалык каражаттарынын тизмеги боюнча толуктоо киргизүү зарыл.

Андан тышкары, мыйзамга коргоонун техникалык тизмегин кандайдыр бир түзүлүштө чагылдырылбаган, бирок өзгөчө ыкмада, техникалык чечимде турган технологиялар менен толуктап, дагы бир толуктоону киргизүү зарыл.

Заманбап технологиялар электрондук документтерде, эгерде ал мыйзамсыз жол менен алынса же пайдаланылса (басуу, көчүрүү, кайра жөнөтүү жана башкалар) документтин бүтүндүгүн жарым-жартылай бузушу мүмкүн болгон программалык кодду орнотууга мүмкүндүк берет. Белгилүү бир форматтагы жашыруун код атайын программалык камсыздоонун жардамы менен же болбосо электрондук документтерге “суу белгилерди” коюу технологиясы менен файлдарга түзүлөт. Андан тышкары, электрондук чыгармаларда анын каалаган бөлүгүндө, электрондук чыгарманы каттоого алуу мезгилин бир убакта эске алуу менен ыйгарым укуктуу органдын санариптик кол тамгасы аркылуу күбөлөндүрүлгөн, автордун санарип кол тамгасы коюлушу мүмкүн. Санариптик кол тамга, эгер зарыл болсо Тармакта адамды

идентификациялоого жана ал чын эле өзүн көрсөтүп жаткан адамбы аныктоого жардам берет. Мындай зарылчылык, айрыкча, Интернет аркылуу бүтүмдөрдү түзүүдө келип чыгат.

Web-депозитарийди түзүү – маңызы түпкү укуктардын объектисинин электрондук көчүрмөсүн өзгөртпөөчү машиналык окуй турган алып жүрүүчүгө жазууда турган, электрондук түрдө көрсөтүлгөн жана Тармакка жайгаштырылган автордук укуктун объекттери үчүн адистештирилген архив. Бул Интернет сайттардын баракчаларынан маалыматтарды андан ары сактоочу жайга депонирлөө менен лазердик дискке жазуу болушу мүмкүн /Web-депозитарий[40]. Бул үчүн кызыкдар жак конкреттүү чыгарманын автору (укук ээси) болуп саналары жөнүндө кыскача баяндоо менен арыз берет. Чыгарманы кабыл алуу датасы белгиленет, күбөлүк толтурулат жана арыз ээсине берилет.

Бул талаш чыгып кеткен учурда авторго чыгармага өзүнүн укуктарын далилдөөгө мүмкүндүк берет. Коргоонун мындай формасы, электрондук түрдө жана кагазда көрсөтүлгөн материалды салыштыруу зарыл болгон учурда натыйжалуу гана эмес, Тармакта чыгарманын пайда болуу мезгили боюнча чыныгы авторду аныктоого мүмкүн болот.

Өздөрүнүн ички мыйзамдарына АУК жана АФК келишимдеринин жоболорун ишке киргизген дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн тажрыйбасы көрсөткөндөй алар тарабынан, эгерде автордук жана аралаш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүү үчүн алардын ээлери тарабынан сунушталган, программалык камсыздоолорго, түзүлүштөргө же алардын компоненттерине ээ болуу, жарнама жүргүзүү, прокатка берүү, импорт, сатууга сунуштоо, сатуу, даярдоо сыяктуу аракеттерге укуктук коргоону жайылтпаса, техникалык каражаттарды айланып өтүүнүн алдын алууга мүмкүнчүлүк берген натыйжалуу юридикалык чараларды жана адекваттуу укуктук коргоону камсыздоо, мүмкүн эместиги аныкталды.

Мындай тыюу салууга коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүү каражаты катары жарнамаланган, сатууга сунушталган жана сатылган

ЭЭМ үчүн прогрмаммалар, технологиялар, техникалык түзүлүштөр же алардын компоненттери кирүүгө тийиш. Ошол эле убакта бул тыюу салуу, технолгиялар, техникалык түзүлүштөр же алардын компоненттери башында коргоонун техникалык түзүлүштөрүн айланып өтүү менен байланышпаган максаттарда иштелип чыккан, даярдалган жана жайылтылган учурду камтыйбайт (мында сот ушундай технолгияларды, техникалык түзүлүштөрдү же алардын компоненттерин, коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүдөн башка кандайдыр бир максаттарда коммерциялык пайдалануу мүмкүндүгүн аныктоого тийиш).

Жогоруда көрсөтүлгөн тажрыйбаны эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамына ошондой эле, автордук жана чектеш укуктардын объекттеринин укук ээлеринин укуктарын бузган мыйзамсыз аракеттерге автордук укукту коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүү үчүн алардын ээлери тарабынан сунушталган программалык камсыздоолорго, түзүлүштөргө же алардын компоненттерине ээ болуу, жарнама жүргүзүү, прокатка берүү, импорт, сатууга сунуштоо, сатуу, даярдоону киргизген укуктук ченемдерди киргизүү зарыл.

Андан тышкары, Мыйзамга автордук укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүгө тыюу салууну киргизүү, ошондой эле автордук укукту коргоонун техникалык каражаттарын укуктук коргоонун натыйжалуу механизмдерине жана укуктук коргоого карата укуктук ченемдерди кароо маанилүү болуп саналат. Муну ДИМУнун автордук укук боюнча Келишиминин 11-беренесин ишке ашырууда жасоо зарыл, ага ылайык “Макулдашылган Тараптар авторлор тарабынан ушул Келишим же Берн конвенциясы боюнча алардын укуктарын жүзөгө ашыруу менен байланыштуу авторлор тарабынан пайдаланылган жана авторлор тарабынан уруксат берилбеген же мыйзам менен жол берилбеген алардын мыйзамдарына карата аракеттерди чектеген техникалык каражаттарды айланып өтүүдөн укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарын жана тиешелүү укуктук коргоону карайт”.

Мыйзамдар менен жөнгө салуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбаны, айрыкча Германиянын мыйзамдарын эске алуу менен, мыйзамдар менен автордук укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүгө жол берилген учурлар үчүн, эгерде автордук укукту коргоонун техникалык каражаттарын колдонгон жак байланыш үчүн өзүнүн маалыматтарын көрсөткөн болсо, мыйзамдар менен каралган учурларда автордук укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүү, мындай жакка чыгармага жеткиликтүүлүк мүмкүн эместиги жана айланып өтүү ниети жөнүндө билдирмени жөнөткөндөн кийин гана жүргүзүлүшү мүмкүндүгүн кароо менен ушундай айланып өтүүнүн атайын тартибин орнотуу сунушталат.

Автордук укукту коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүнү тыюу салууну бузган жактардан укук ээлериталап кылууга укуктуу болгонкомпенсация, төлөмдөр атайын жоболорду пайдалануу менен аныкталууга тийиш. Мындай компенсация коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүнүн натыйжасында пайда болгон түпкү укуктардын бузулуу фактысын далилдөөдө эмес, автордук укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүнү тыюу салууну бузган аракеттерди жасаган фактыны далилдөөдө төлөнүүгө тийиш.

Компенсациянын өлчөмүн аныктоодо, бузуучу тарабынан жасалган аракеттер чыгарманы пайдаланууга, ага укуктарды ишке ашырууга жана ишти кароо датасында укук ээсине келтирилген чыгымдардын болушун жана өлчөмүн далилдөөгө карабай андан ары аны коргоону камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө тийгизилген же тийгизиши мүмкүн болгон таасир эске алынууга тийиш.

Автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүнү тыюу салуу жөнүндө талаптарды бузган жак жоопкерчиликке тартылгандан кийин үч жыл ичинде кайрадан ошондой бузууну жасаган учурда АКШнын тажрыйбасын эске алуу менен өндүрүп алынуучу компенсациянын өлчөмү, укук бузуунун кайталанган белгилери

жок болгон бузуучудан өндүрүп алуу мүмкүн болгон конпенсацияга салыштырмалуу он эсе жогору болушу мүмкүн.

Андан тышкары, укук ээлери тарабынан колдонулган чектеш уктардын чыгармаларына жана объекттерине жеткиликтүүлүктү контролдоо системаларын айланып өткөндүк үчүн эч кандай жоопкерчилик каралбагандыктан, алардын бузулушу үчүн тиешелүү санкцияларды камтый турган өздөрүнүн уктарын коргоо үчүн коргоонун техникалык каражаттарын колдонгон автордук жана чектеш уктардын объекттерине укук ээлердин уктарын бузгандык үчүн жоопкерчиликти кароо менен Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекстерине толуктоолорду киргизүү зарыл.

Мүмкүн, автордук жана чектеш уктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүгө багытталган аракеттерди жасагандык үчүн, автордук жана чектеш уктардын бузулушу үчүн КРнын мыйзамдарында каралгандай жоопкерчиликке тартуу караларын белгилөө керек. Муну менен Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекстерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор автордук жана чектеш уктарды коргоонун техникалык каражаттарынын спецификасын эске алууга тийиш.

Мисал үчүн компьютердик программаларды уктук коргоо боюнча 1991-жылдын 14-майындагы Европа биримдигинин Директивасын (мындан ары - 91/250/СЕЕ Директивасы) кароого болот. 7-берененин 1-бөлүгүнө ылайык Европа биримдигине мүчө мамлекеттер, санкцияланбаган айланып өтүүнү жеңилдеткен каражаттарга карасанатайлык максаттарда ээ болгон же жүгүртүүгө чыгарган жактарга карата чараларды көрүүгө милдеттендирилет. 91/250/СЕЕ Директивасынын 7-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Европа биримдигине мүчө мамлекеттер, өздөрүнүн мыйзамдарында көрсөтүлгөн каражаттарды конфискациялоону белгилөө милдетин кабыл алышкан [41].

Европа бirимдигинин 2001-жылдын 22-майындагы 2001/29/ЕЭС “Маалыматтык коомдо автордук жана аралаш укуктардын белгилүү аспектилерин шайкеш келтирүү жөнүндө” Директивасы [8] Европа бirимдигине мүчө мамлекеттерден, сатуу же прокатка берүү максатында даярдоодон, ташуудан, жайылтуудан, сатуудан, прокаттан, жарнамадан, коммерциялык максаттар менен каалаган каражаттарга, продуктуларга, алардын компоненттерине ээ болуу же ушул каражаттар, предметтер, алардын курамдык бөлүктөрү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, эгерде бул аракеттер автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүү үчүн жасалса, укуктук коргоону киргизүүнү талап кылат. Директивага ылайык, коргоонун ушундай техникалык чараларын айланып өтүүгө гана эмес, ушундай айланып өтүү үчүн арналган жабдыктарды өндүрүүгө же сатууга тыюу салынат.

ДИМУнун 1996-жылдагы жогоруда аталган жоболору мыйзамдар менен жол-жоболоштурган биринчи мамлекет, 1998-жылы Санариптик доордо автордук укуктар жөнүндө мыйзамды (Digital Millennium Copyright Act) кабыл алган АКШ болгон. DMCA маанилүүлүгү ДИМУ Келишимдеринин жоболору алгачкы жолу ушул мыйзамда кенен иштелип чыккандыгында турат.

DMCA 103-беренеси 17 АКШнын мыйзамдар жыйындысы титулуна жаңы 12-бөлүмдү кошумчалайт. 1201-берене укук ээлери тарабынан алардын жумуштарын коргоо үчүн пайдаланылган чараларды эки класска бөлөт:

- чыгармалардын нускаларына санкцияланбаган жеткиликтүүлүктүн алдын алуу чаралары;

- чыгармалардын нускаларын санкцияланбаган көчүрүүнүн жана жайылтуунун алдын алган чаралар, ошондой эле авторлордун түпкү укуктары бузулушуна алып келген башка аракеттер.

Мында коргоонун техникалык чараларын айланып өтүүгө мүмкүндүк берген технологияларды, продуктуларды, түзүлүштөрдү, компоненттерди жана алардын бөлүктөрүн даярдоого жана сатууга, ошондой эле тиешелүү кызматтарды көрсөтүүгө, жеткиликтүүлүктү алуу максатында айланып өтүү учурунда да, көчүрүү максатында айланып өтүү учурунда да тыюу салынат.

Бирок коргоонун техникалык чараларын айланып өтүүнүн өзү, чыгармага жеткиликтүүлүктү контролдогон ушундай чараларга карата гана тыюу салынат. Тескерисинче, жеке максаттар үчүн көчүрүүнү контролдогон жана коммерциялык жана коомдук мүнөздү албаган коргоонун техникалык чараларын айланып өтүүгө DMCA жол берет.

Конгресстин китепканачысы, коргоонун техникалык чараларын колдонуунун натыйжасында келип чыккан белгилүү бир чыгармаларды ак ниеттүү пайдаланууга карата колдонуучулардын укуктарын кыйла басынтуу мүмкүндүгүн караганда, мезгилдүү жүргүзүлүп турган стандарттуу жол-жобо белгиленет. Эгерде укуктарды мындай басынтуу чын эле байкалса, анда бул чыгармаларга карата атайын өзгөчөлүктү жарыялоо ыктымал. Бүгүнкү күндө бул системанын алкагында жалгыз өзгөчөлү кколдонуунун эскирген технологияларын пайдалануун натыйжасында коргоонун техникалык чараларын айланып өтүүсүз колдонууга мүмкүн болбогон чыгармаларга карата жасалган.

Башка дагы өзгөчөлүктөр бар, мисалы: коммерциялык эмес китепкана, архив же билим берүү мекемелери, чыгармаларды баалоо максаттар үчүн коргоонун техникалык чараларын айланып өтүшү мүмкүн, чыгармага жеткиликтүүлүккө укуктун оң баасында укук ээсинен тезинен алынууга тийиш; компьютердик программанын колдонуучунун башка программалары менен ишин камсыздоо үчүн анын кайтарым иштелип чыгуусу талап кылынат (мисалы, декомпиляциялоо) – автордук укук жөнүндө мыйзам менен уруксат берилген алкакта; эгерде техникалык чараларды алып салуу интернеттеги айрым материалдарга жашы жете

электерге жеткиликтүүлүктү чектөө системасын колдонуу үчүн зарыл–соттун чечими менен ж.б.[42].

Жарыяланган чыгармаларга көзү азиздердин жана көрүүсү бузулган жактардын же басылган маалыматты кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү башкача чектелгендердин жетүүсүн жеңилдетүү жөнүндө Марракештик келишим (Марракештик келишим) 2013-жылдын 27-июнунда Марракеште кабыл алынган жана администрациялык функцияларын ДИМУ аткарган автордук укук боюнча эл аралык келишимдердин жыйынды бөлүгү болуп саналат. Келишим катышуучу мамлекеттер өздөрүнүн улуттук мыйзамдарында көрүүсү бузулган жактарга алар үчүн жеткиликтүү форматтарда, жарыяланган чыгармаларды жайылтууну жана жалпыга жеткиликтүү кылууну жана бул чыгармалар менен трансчекаралык алмашууну кароону талап кылат. Келишимдин жоболору аудиокитептерди кошуу менен, маалыматтын каалаган каражаттарынын жардамы менен жалпыга маалымдоого чейин жеткирилген же жарыяланган текст формасындагы чыгармаларга, ноталык жазууларга же алар менен байланышкан иллюстрацияларга жайылтылат.

Бул келишим көзү азиздердин жана көрүүсү бузулган жактардын же басылган маалыматты кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү башкача чектелгендердин кызыкчылыктары үчүн орнотулган автордук укуктан бир катар чектөөлөрдү жана алып салууларды камтыйт. Чыгармалардын нускаларын жеткиликтүү форматта даярдоого, иштетүүгө, жайылтууга жана жалпыга маалымдоого чейин жеткирүүгө уруксат берилет. Ошондой эле атайын ыйгарым укуктуу органдардын ушундай форматтарды чыгармалар менен эл аралык алмашуу ишмердигине уруксат берилет[9].

Кыргыз Республикасы Марракештик келишимдин катышуучусу болгондуктан, ал “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Мыйзамга ушул Келишим боюнча укуктун субъекттери болуп саналган жактарга – бенефициарларга чыгармалдарды коргоонун натыйжалуу техникалык чараларды айланып өтүү менен ушул Келишим менен каралган чектөөлөр

жана алып салуулар менен пайдаланууга уруксат берген укуктук ченемдерди имплементациялоого тийиш эле.

Марракештик келишимдин 7-беренесине ылайык “Макулдашылган тараптар зарыл болгондо, натыйжалуу техникалык чараларды айланып өтүүдөн укуктук коргоонун натыйжалуу каражаттарын жана адекваттуу укуктук коргоону караган учурларда, бул укуктук коргоо бенефициарларга ушул Келишим менен каралган чектөөлөрдү жана алып салууларды колдонууга тоскоолдук кылбоосун камсыздоо үчүн тиешелүү чараларды кабыл алат”.

Автордук укуктун жана аралаш укуктардын объектилерин коргоонун техникалык каражаттарын өздөрү колдонуу укугу же башкаларга ушундай каражаттарды колдонууга уруксат берүү укук ээлерине таандык. Бирок бул укук акыркы болуп саналбайт жана аны укуктардын өзгөчө категориясына киргизүүгө болот.

Бул укукка карата аны ишке ашыруу тартибин регламенттеген жоболорду орнотуу туура келмек. Бул укук түпкү укук ээси менен түзүлгөн келишимдин негизинде же болбосо укук ээсинен алынган уруксат түрүндө же кандайдыр бир башка формада ишке ашырылууга тийиш. Келишимде же уруксатта лицензиялык келишимдерге коргоонун техникалык каражаттарын пайдалануу же аларды пайдаланууга тыюу салуу боюнча милдеттерди киргизүү мүмкүндүгү каралышы мүмкүн. Ошондой эле автордук жана аралаш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын пайдалануу боюнча милдеттерди сактабагандык же болбосо аларды укук ээсинен уруксат албастан пайдалангандык үчүн жоопкерчиликти кароого болот.

Демек, бүгүнкү күндө бүткүл дүйнөлүк Интернет тармагы аркылуу автордук жана чектеш укуктардын объекттерин пайдаланууда укук ээлеринин укуктарын коргоо үчүн алар тарабынан түзүлгөн жана пайдаланылган автордук жана чектеш укуктардын объекттерин коргоонун техникалык каражаттарын пайдалануу жана коргоо чөйрөсүндө биздин

өлкөнүн жарандык мыйзамдарын өркөндөтүү зарылдыгы менен байланышкан көптөгөн суроолор бар.

ДИМУнун автордук укук жөнүндө (АУК) жана аткаруулар жана фонограммалар боюнча (АФК) эл аралык келишимдерге Кыргыз Республикасынын мүчөлүгү биздин өлкөнү ушул келишимдердин талаптарын улуттук мыйзамдарга жайылтууну милдеттендирилет.

**Тыянак:** “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” КР мыйзамынын 4-беренесинде автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттары аныктамасына ЭЭМ үчүн программалар менен толуктоо аркылуу коргоонун техникалык каражаттарынын тизмесине карата толуктоо киргизүү. Андан тышкары, мыйзамга коргоонун техникалык тизмегин кандайдыр бир түзүлүштө чагылдырылбаган, бирок өзгөчө ыкмада, техникалык чечимде турган, технологиялар менен толуктап, дагы бир толуктоону киргизүү зарыл.

Төмөнкү аныктаманы сунуштайбыз: “автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттары - чыгармаларды же чектеш укуктар объекттерге жеткиликтүүлүктү контролдоочу, автор, чектеш укуктардын ээси же ушул Мыйзамга ылайык корголуучу чыгармага же чектеш укуктардын объектисине карата башка өзгөчө укуктар ээси тарабынан уруксат берилбеген аракеттерди жүзөгө ашырууну болтурбаган же чектеген технологиялар, ЭЭМ үчүн программалар, ар кандай натыйжалуу техникалык түзүлүш же алардын компоненттери”.

“Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” КР Мыйзамына төмөнкү мазмундагы жаңы берене сунушталууда:

“**48-2-берене.** Автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттары.

1. Чектеш укуктардын объекттерине жана чыгармаларга карата жол берилбейт:

1) автордун же башка укук ээсинин уруксатысыз, автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын колдонуу жолу

менен орнотулган чектеш укуктардын объекттерин же чыгармаларды пайдаланууну чектөөнү жоюуга багытталган аракеттерди жасоого;

2) эгерде мындай аракеттердин натыйжасында автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын пайдалануу мүмкүн болбой калса же коргоонун бул техникалык каражаттары көрсөтүлгөн укуктарды тиешелүү өңүттө камсыздай албай калса, каалаган технологияны, каалаган техникалык түзүлүштү же алардын компоненттерин даярдоого, жайылтууга, прокатка берүүгө, убактылуу акысыз колдонууга берүүгө, импорттоого, жарнамалоого, ушундай техникалык каражаттарды пайда көрүү же болбосо тиешелүү кызматтарды көрсөтүү максатында пайдаланууга.

2. Ушул берененин 1-пунктунда каралган жоболор бузулганда, автор же башка укук ээси, чыгарманы пайдалануу ушул берененин 4-пунктунда каралган автордун же башка укук ээсинин макулдугусуз уруксат берилген учурдан тышкары, ушул мыйзамдын 49-беренесинин 4 жана 6-пункттарына ылайык, өзүнүн тандоосу боюнча укук бузуучудан чыгымдардын ордун толтурууну, кирешени өндүрүп алууну же компенсацияны төлөөнү талап кылууга укуктуу.

Компенсация укук ээси тарабынан же анын макулдугу менен колдонулган автордук укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүнүн натыйжасында пайда болгон чыгармага түпкү укукту бузуу фактысы далилденгенине карабай, ушул берененин 1-пунктунун талаптарын бузган аракеттер жасалганы далилденгенде төлөнөт.

Компенсациянын өлчөмүн аныктоодо, бузуучу тарабынан жасалган аракеттер чыгарманы пайдаланууга, ага укуктарды ишке ашырууга жана ишти кароо датасында укук ээсине келтирилген чыгымдардын болушун жана өлчөмүн далилдөөгө карабай андан ары аны коргоону камсыздоо мүмкүнчүлүгүнө тийгизилген же тийгизиши мүмкүн болгон таасир эске алынууга тийиш.

3. Эгерде 19-берененин 1-пункту, 20-1-берене, 23-берене, 42-берененин 1-3, 1-пункттары менен чыгарманы автордун же башка укук ээсинин макулдугусуз пайдаланууга уруксат берилген учурда, жана мындай пайдаланууну автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттары болгондуктан жүзөгө ашыруу мүмкүн болбосо, мындай пайдаланууга талапкер болгон жак, автордон же башка укук ээсинен автордук же чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын колдонуу жолу менен орнотулган, чыгарманы пайдаланууну чектөөнү алып салууну же болбосо бул техникалык жактан мүмкүн жана көп чыгымдарды талап кылбайт деген шартта, укук ээсинин тандоосу боюнча мындай пайдалануу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу.

4. Ушул мыйзам менен укук ээсинин макулдугусуз жана ага сый акы төлөбөстөн чыгарманы пайдаланууга жол берилген учурда, колдонуучулар укук ээсинен мындай пайдалануу үчүн, анын ичинде Интернет тармагын пайдалануу менен, мүмкүнчүлүктөрдү берүүнү талап кылууга укуктуу.

Эгерде укук ээси же автордук укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын колдонууга ыйгарым укук берилген жак, тийиштүү суроо-талапты алган учурдан тартып беш күндүн ичинде мындай мүмкүнчүлүктү көрсөтпөсө, же мындай суроо-талапты жөнөтүү үчүн зарыл болгон маалымат жок болсо, колдонуучу ушул мыйзам менен бекитилген чектерде укук ээси тарабынан же анын макулдугу менен колдонулган чыгарманы пайдалануу үчүн автордук жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттарын айланып өтүүнү жүзөгө ашырышы мүмкүн.

# 2-ГЛАВА. ИНТЕРНЕТТИН ТРАНС ЧЕК АРАЛЫК ТАБИЯТЫН ШАРТТАГАН АВТОРДУК УКУКТУ ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

## 2.1. Автордук укукту жөнгө салууда колдонулган укуктун коллизиялык көйгөйлөрү

Диссертациялык изилдөөнүн **объекти** болуп глобалдык Интернеттеги укуктук камсыздоо жана автордук укукту коргоо процессинде өнүгүп жаткан коомдук мамилелер саналат.

Диссертациялык изилдөөнүн **предмети** болуп автордук укуктун корголуучу объекттерин пайдаланууда Интернетте пайда болгон укуктук мамилелерди эл аралык-укуктук жөнгө салуунун ыкмаларына жана аргаларына тийиштүү доктриналык булактардын жоболору, эл аралык укуктун ченемдери, колдонуудагы мыйзамдардын ченемдери, Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин соттук практикасы саналат.

Диалектикалык таанып билүү методу, таанып-билүүнүн жалпы илимий жана атайын методдору, атап айтканда, анализ жана синтез, тутумдук-түзүмдүк, формалдуу-логикалык, салыштырма-укуктук, статистикалык ж.б.ыкмалар изилдөөнүн **методдору** болуп саналган.

Эл аралык келишимдер негизинен бул келишимдердин ченемдерине негизделген материалдык-укуктук жазууларда камтылат. Автордук укук чөйрөсүндө укуктук жөнгө салуу материалдык-укуктук ыкма менен жүзөгө ашырылат. Бирок эл аралык келишимдерде ошондой эле материалдык ченемдер менен бирдей анча чоң эмес коллизиялык ченемдер бар, алар автордук укуктун корголгон объекттерине карата колдонулуучу укуктун маселелерин аныктайт.

1886-жылы Берн конвенциясында коргоону талап кылган өлкө жана чыгарма жаралган өлкө сыяктуу коллизиялык ченемдер бекитилген. Тажрыйба көрсөткөндөй, мындай коллизиялык ченемдер конвенциянын катышуучу мамлекеттеринин мыйзамдары менен кабыл алынган, бирок бул

ченемдин түшүндүрмөсү айрым укуктук системаларда ар кандай түзүллгөн, бул автордук укук чөйрөсүндөгү ар түрдүү мамлекеттердин мыйзамдарын бирдейлештирүү үчүн тоскоолдук болуп саналат.

Интернет тармагында автордук мамилелерди ишке ашыруу ошондой эле тиешелүү мамилелерге карата иш жүзүндө колдонууга кыйынчылык жараткан коллизиялык ченемдерди критикалык башкача түшүнүү зарылдыгы менен шартталат. Негизги карама-каршылык Интернеттин аймактык эмес мүнөзү менен белгилүү бир мамлекеттин аймагына – жайгашуусу, зыян келтирилген орду, милдеттерди аткаруу орду, чыгарма жаралган өлкө, коргоону талап кылган өлкө ж.б. таянган байланыштардын белгиленген коллизиялык ченемдеринин негизинде пайда болот[43].

Россиялык жана чет элдик адабияттарда Интернет аймактарга карайбы деген маселе жаралат. Авторлор чек арадан тышкары өзүнүн бийлигин жайылткан мамлекетте түзүлгөн мейкиндиктин улуттук юрисдикциялык тартиби катары аймактарды аныктоону эске алуу менен баарынан мурда Интернет кандайдыр бир мамлекеттин суверендүүлүгүнө карата колдонулбаган бардык адамзаты жалпы пайдаланган эл аралык аймак түшүнүгүн колдонууга жөндөмдүү экендиги жөнүндө тыянакка келишет. [44]

Интернетте автордук укукту коргоого мүмкүн болбогон автордук укуктарды коргоонун жалпы маселелерин жөнгө салат. Дүйнөлүк конвенция универсалдуу мүнөзгө ээ, анткени ар кандай мыйзамдары менен ага катышкан өлкөлөр үчүн мүмкүндүк берүүгө багытталган жана негизинен катышуучу өлкөлөрдүн ички мыйзамдарына шилтенет.

Сунушталган туюндурма «коргоону талап кылган өлкө» түшүнүгүнүн түшүндүрмөсүнүн көйгөйүн жаратат. Ушул термин сот ишти караган мамлекетке да, укук ээси коргоого ээ болгусу келген мамлекетке, автордук укук бузулган аймактагы мамлекетке тиешелүү болушу мүмкүн.

Америкалык адабияттарда «коргоо талап кылынган өлкө» түшүнүгүн «коргоо талап кылынган өлкө үчүн» деген мааниде түшүнүү жөнүндө

пикирлер айтылат. «Интеллектуалдык менчик укукту бузуунун кесепетинде пайда болгон келишимдик милдеттерги колдонууга жаткан укук коргоо жөнүндө талапты көрсөткөн өлкөнүн колдонуу укугу болуп саналат»[45.].

Үстөмдүк кылган пикир Берн конвенциясынын 5.2-беренеси lex fori – өлкөнүн сотунун укукту колдонуусун кароого алып келет. Мындай түшүндүрмө Конвенциянын тексттинин мааниси менен дал келет. Бирок ошондой эле «коргоону талап кылган өлкө» - бул укук ээми коргоону алууну каалаган мамлекет экендиги айтылат. Эгерде доо башка мамлекеттин сотунда каралса, автор «коргоону алууну каалаган» өлкөнүн укугу – чет элдик укук колдонулат[46].

Интеллектуалдык менчик укугунун аймактуулук принцибинин уландысы Берн конвенциясынын 5.2-беренесинин укукту тандоо принциби болуп саналат. Бул жерде мындай принцип lex fori милдеттүү түрдө колдонууну талап кылууга тийиш эмес. Ишти кайсы өлкөнүн соту карап жатканына карабастан «коргоону суранган» өлкөнүн укугуна шилтеме кылуу, башка өлкөнүн укугун колдонууга алып келиши мүмкүн [47].

Япон сот практикасында жана доктринасында автордук укукту бузуу жана жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени чечүүдө өлкөнүн мыйзам принциби түзүлгөн, анда бузуу кайсы жерде болсо, коргоону талап кылган өлкөнүн укугу колдонулат[48,б.46]. Японияда укук колдонууну аныктоо боюнча бул эрежелер 1898-жылы Акты менен бекитилген. Келишимдик эмес милдеттерден келип чыккан колдонулуучу укукту тандоодо негизги үч коллизиялык байланышты пайдаланууга болот: зыян келтирилгенден кийин тыгыз байланышты, зыян келтирүү ордун тараптардын тандоо укугунун мүмкүндүгү. Мында зыян келтирүү орду түшүнүксүз болуп калган: зыян келтирилген акт жасалган жерби, же болбосо зыяндуу кесепеттери болгон жерби. [49].

2006-жылы 1898-жылдагы Актынын 17-беренесине өзгөртүү киргизилгенден кийин (2007-жылы күчүнө кирген) деликттерден улам

келип чыккан мамилелерге карата зыяндуу кесепеттердин болу орду укугу колдонулууга тийиш. Зыян келтирүү орду укугу эгерде тараптар зыяндуу кесепеттердин келтирилген ордун алдын ала көрбөгөн же көрө албаган учурларда колдонулат. Айрым өлкөлөрдүн сот практикасындагы «коргоо талап кылынган өлкө үчүн» сыяктуу ченем Берн конвенциясында «коргоо талап кылынган өлкө» (5-берене, 2-пункт) деген укуктук ченемде көрсөтүлгөндүгүн, ошондой эле америкалык адабияттарда айтылган [50].

Кинематографиялык чыгармаларга карата гана колдонула турган өзгөчөлүк катары Берн конвенциясынын 14-беренесинин 2-пунктунун «а» пунктчасы «Кинематографиялык чыгармаларга автордук укуктун жактарын – ээлерин аныктоодо коргоо талап кылынган өлкөнүн мыйзамдары сакталат». Автордук укуктун калган объекттерине тиешелүү укук ээлөө жөнүндө маселени чыгарма жаралган өлкөнүн мыйзамына ылайык чечүүгө болот.[51]. Чыгарма жаралган өлкөнүн мыйзамдары менен автордук укуктун объекттин ээлөөнүн укуктуулугунун маселесин аныктоо ойдон чыгарылган, анткени чыгарма жаралган өлкөгө жөнөтүлүүчү Берн конвенциясынын ченемдери, алардын туюндурмасы аларга өзгөчөлүк катары колдонулууга тийиш экендиги жөнүндө корутунду чыгарууга болот. Мындан улам чыгарма кайсы өлкөдө жаралбасын автордук укуктун объекттин укуктуулугун аныктоодо Берн конвециясынын ченемдери, алардын туюмдары колдонулат.

Муну Берн конвенциясынын 2-беренесинни 7-пункту (прикладдык искусство чыгармалары) 7-берененин 8-пункту (мөөнөттөрдү салыштырууну жөнгө салуучу ченем), 14bis.2-берене (авторлор кинематографиялык чыгармаларды өндүрүүчүлөрдүн пайдасына жазуу жүзүндөгү макулдашуулардын формасына кол коет), 14ter.2-беренеси (үлүштүк катышуучулардын укугу)[52] көрсөтө алат. 14bis-берененин 2-пункттунун «а» пунктчасын (кинематографиялык чыгармаларга автордук укуктун жактарын – ээлерин аныктоодо коргоо талап кылынган өлкөнүн мыйзамдары сакталат) кеңири түшүндүрүүгө болот. Ушуга байланыштуу

доктринада Конвенциянын 5-беренесинин 2-пунктунун жоболору ийгиликсиз чыкса да, ийгиликсиз реакцияга карабастан тексттин авторлору өзүнө укук ээлеринин маселелерин да камтыган жалпы коллизиялык ченемдерди түзүү милдетин койгон деген пикирлер бар[53].

Айрым өлкөлөрдө автордук укук мыйзамдуу деңгээлде бекитилген, ал корголгон чыгармалардын милдеттүү белгилери болуп анын оригиналдуулугу саналат. Автордук укук жөнүндө АКШнын Мыйзамынын (1976) 102-беренесинин «а» пункттунда укуктук коргоо «оригиналдуу автордук иштерге» гана көрсөтүлөт. АКШ мыйзам чыгаруучулары коргоолуучу иштерге туюнтманын көрүнүктүү формасын киргизген эмес (мисалы, белгиленбеген же жазылбаган хореографиялык иштер, белгиленбеген же жазылбаган чечендик речь же көрсөтүүлөр); ингриденттердин жана кошулмалардын жөнөкөй тизмеси[54].

Бриджмендин искусство китепканасы – англиялык компания Corel корпорациясынын үстүнөн доо арызы менен Нью-Йорк түштүк округу боюнча АКШ округдук сотуна кайрылган, анткени аталган компания жалпы дөөлөт болуп саналган фото сүрөттөрдү коммерциялык түрдө Улуу Британияга, АКШга жана Канадага жайылтуу менен алектенген. Доогер Китепкана жасаган жалпы дөөлөт болуп саналган картинаны Corel корпорациясы тарабынан кайра өндүрүлгөн фотосүрөттөрдүн мыйзамсыздыгын таанууну талап кылган. Доогер Улуу Британиянын укугу колдонулушу керектигин да талап кылган, ага ылайык мындай чыгарманы кайра чыгарууга жоол берилбейт. Мында ишти караган учурда сот эки мамлекет тең (Улуу Британия жана АКШ) – Берн конвенциясынын катышуучулары болуп эсептелет, бирок акыркысы АКШ үчүн өзүн аткаруу болуп саналбайт деп белгилеген [55].

Коргоонун объектти болуп саналган чыгарма жаралган өлкө чыгарманы коргойбу деген суроо пайда болот. Негизинен, америкалык окумуштуулар чыгарма жаралган өлкөдө корголбогон чыгармалар улуттук режим принцибинин күчүндө эгерде коргоого жөндөмдүү болуп саналса

АКШда укуктук коргоого ээ болот. Башка авторлор ушул мүмкүнчүлүктү четке кагышат[56].

Биздин көз карашыбызда коргоонун көлөмү түшүнүгү абдан кеңири түшүнүк болуп саналат, ал өзүнө автордук укукту коргоо түшүнүгүнүн бардык аспекттерин, анын ичинде автордук укуктун объектине ээ болуунун укуктуулук маселесин жана чыгарманын оригиналдуулук маселесин жана автордук укуктук объектинин корголгондугун аныктоо маселесин да камтыйт. Мындан Берн конвенциясынын 5-беренесинин 2-пунктунда каралган «коргоонун көлөмү» [2] термини автордук укуктун объектине ээ болуунун укуктуулугун, чыгарманын оригиналдуулугун, автордук укуктун корголгондугун аныктоо маселелерин камтыйт деп эсептейбиз. Берн конвенциясынын эрежесинде: «конвенция менен белгиленген жоболордон тышкары, коргоонун көлөмү анын укугун коргоо үчүн авторго берилүүчү коргоонун каражаттары менен бирдей, коргоо талап кылынган өлкөнүн мыйзамдары менен өзгөчө жөнгө салынары» ошондой эле автордук укуктун объектине ээ болуунун укуктуулук маселесин, чыгарманын оригиналдуулугун, коргоо талап кылынган өлкөнүн өлкөнүн мыйзамдары менен автордук укуктун объектти корголгондугун аныктоодо да колдонулууга тийиш.

Коллизиялык маселелер «тармактык» мамилелерди укуктук жөнгө салууда да өзгөчө орунга ээ. Интернеттин глобалдуу мүнөзү Тармак менен байланышкан укуктук мамилелер боюнча талаш-тартыштарды кайсы укук колдонуу органдары кароого жана кандай укукту колдонууга тийиш экендигин аныктоодо олуттуу көйгөйлөр жаралат. Мисалы, Тармак аркылуу француз компанияларынан белгилүү бир товарларды – маалыматтарды сатып алуу. Сатуучулар американын штаттарынын биринде өз ишин жүргүзгөн жана физикалык европалык мамлекеттердин биринде жайгашкан серверди жана бул өлкөнүн провайдерлери пайдаланган фирма болуп саналат. Бүтүм боюнча эсептер Интернет менен Жаңы Зеландияда жайгашкан жогоруда көрсөтүлгөн тейлөөчү сервери

Европада жайгашкан виртуалдык банк аркылуу жүргүзүлөт. Кайсы тарап болбосун укук бузулган учурда чечүүгө кыйынчылык туудурган маселелер келип чыгат. Укук бузууга тарткан иш-аракеттерди жасоонун ордун эмне деп эсептөөгө болот? Укук мамилелери кайсы мыйзам менен кыйла тыгыз байланышкан? Жоопкер катары ким жооп бериши керек? Бул ишти кайсы мамлекеттин соту кароого тийиш? Кайсы мамлекеттин укугу колдонулууга тийиш?

Интернет ар түрдүү мамлекеттердин көпчүлүк катышуучулары менен чоң тармак болуп саналат жана ошондуктан баары үчүн бирдей милдеттүү эрежени чыгаруучу органды түзүү мүмкүн эмес. Бул көйгөй – Интернеттеги мамилелер реалдуу жашоонун мамилелеринин тыгыз байланышы. Бул мамилелер улуттук мыйзамдар менен жөнгө салынат. Аталган маселелерди жөнгө салууну эл аралык органга өткөрүп берүү мамлекет ага даяр болбогон улуттук суверендүүлүктүн принциптеринен олуттуу чегинүүнү билдирет.

Көйгөйлөрдү чечүүнүн башка варианты – автордук укук жаатындагы бардык өлкөлөрдүн улуттук мыйзамдарын толук бирдейлештирүү. Акыркы 130 жылдын ичинде автордук укук жаатындагы ар түрдүү өлкөлөрдүн мыйзамдары өзгөчө автордук укукту чектөө жаатында акырындык менен жакындашып келе жатат. Негизги себеп – экономикалык кызыкчылыктар менен шартталган улуттук автордук укуктун айырмачылыгы көп учурда карама-каршы. Башка көйгөй – улуттук ченемдерди бирдейлештирүүнү жүргүзгөн учурда да бир типтүү сот практикасын камсыз кыла турган бирдиктүү сот органынын жоктугу.

Интернетте автордук укуктар бузулган учурда укук бузуу жасалганда бузуучу кайсы жерде жүргөн болсо ошол орун укук бузуунун орду деп эсептөө сунушталат. Мындай мамиле ар бир конкреттүү учурда колдонулуучу укуту жеңил аныктоого мүмкүндүк берет. Бирок анын олуттуу кемчилиги колдонуулуучу укукту жазгырууга алып келиши мүмкүндүгү жөнүндө факт болуп саналат, анткени бузуучу укук бузууну

жасай турган жерди жеңил тандап алып, ошол жерден жүзөгө ашырат. Башка сунушталган коллизиялык байланыш – автордук укуктун ээлери жөнүндө мыйзам[57,б.339-405].

Автордун пикири боюнча бул темада доктринаны өнүктүрүү абдан маанилүү болуп саналат, анткени ар түрдүү өлкөлөрдүн укуктарын жана алардын укуктук мамилелерин колдонуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө кабарланган авторлордун саны акырындык менен өсүп барат, ошондой эле Интернетте келечекте көйгөйдү чечүүгө жардам берген автордук укуктарды бузуунун так ордун жана бузуучунун өздүгүн тактоого мүмкүндүк берген техникалык каражаттар өркүндөөдө.

Интернетте автордук укукту бузуунун маселелерин коллизиялык жөнгө салуунун принциптери, анын трансчекаралык мүнөзүн жана борборлоштурулган башкаруунун жоктугун эске алуу менен мурдагы көрүнүшүн сактай албайт. Колдонулуучу укукту аныктоо үчүн колдонулуучу укукка таасир берген бир нче жагдайларды талдоо керек. Мындай жагдайларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

1. Домендик аттарды каттоонун орду;
2. Сайт жайгашкан сервердин жайгашуу орду;
3. Сайттын ээси кайсы мамлекеттин жараны. Юридикалык жактар үчүн – катоо орду же бизнес жүргүзүү орду;
4. Бузуучу жалпыга маалымдоо кааражаты болуп саналбайбы жана ал катталганбы;
5. Конкреттүү кандай укук бузулду;
6. Укук бузууга тартылган аракеттер кайсы жерде жасалды;
7. Зыяндуу натыйжалар качан болду[58].

Тармакта жарыяланган чыгармаларга карата «чыгарма жаралган өлкөнүн» колдонуудагы коллизиялык принцибин колдонуу мүмкүн эмес.

Интернетке тиешелүү коллизиялык байланыштар кызмат көрсөткөн жактын серверинин физикалык жайгашкан (же катталган) же Тармакка жеткиликтүүлүк кызмат көрсөтүү оператору (салык төлөгөн) катталган

жерине негизденет. Башка авторлор сайттын ээсинин жашаган орду же болбосо сервер жайгашкан өлкө, же болбосо тыгыз байланыш принциби критерийлерин сунушташат [59,б.340].

Ошондой эле коллизиялык принцип катары Интернет тармагынын техникалык мүнөздөмөсүн эске алуу менен бир нече критерийлерди – доменди каттаган өлкө, чыгарманы өткөрүп берген өлкө болуп саналат [60]. Бирок айрым авторлор ушул критерийлерди колдонуу каалаган укуктук коргоону негизсиз пайдаланууга мүмкүндүк берет деп эсептешет. Мында алар мындай критерийлерди жүргүзүүнүн максатка ылайыксыздыгынын үлгүсү катары Эл аралык келишимдерде электрондук билдирүүлөрдү пайдалануу жөнүндө БУУнун Конвенциясына (2005) таянышат. Конвенцияны колдонуу чөйрөсүн аныктоодо иштеп чыгуучулар бүтүмдүн тарапташтары менен тыгыз байланышы жок өлкөлөргө жасалма байланышты түзбөө үчүн жабдуунун жайгашуу орду да, электрондук почта же домендик аттар да эске алынууга тийиш эместигин көрсөтүшкөн [61].

Колдонулган укукту жана юрисдикцияны аныктоо көйгөйүн комментарийлөө менен жактардын аракеттеринин багыттуулук критерийин да белгилейт. Мисалы, эгерде автор орус тилдүү сайтка орус тилинде текстти жайгаштырса, анда текстке карата интеллектуалдык менчикти коргоо жөнүндө россиянын укугун колдонулушу керек болот. Эгерде сайттын англис тилиндеги версиясы болсо, анда ресурстун жана (же) материалдык укук ээлери тиешелүү өлкөнүн мыйзамдарын өздөштүрүшү зарыл. Мында талаш-тартыш абалдар келип чыкканда колдонулуучу укукту жеңилдетүү максатында тигил же бул өлкөнүн таандык белгиси боюнча максаттуу аудиториясы жөнүндө эскертмени сайтта түздөн-түз жасоого болот [62].

Азыркы убакта «Интернет» тармагында жарыяланган чыгармалар жаралган өлкө деп эсептөөгө эки көз караш бар: чыгарманы элге жарыялаган өлкө же чыгармага жеткиликтүүлүгү бар өлкөлөр.

Ошону менен ушул коллизиялык принцип Интернетте автордук мамилелерди колдонууда автордук укуктарды локалдаштыруунун татаалдыгын эске алуу менен көйгөйлүү болуп саналат. Автордук укук бузулду деп эсептелген маселе так эмес болуп саналат: чыгарманы өткөрүп берген өлкөдөбү, чыгарманы кабыл алган өлкөдөбү же кайсы бир башка өлкөдөбү. Андан тышкары, кайсы өлкөнү өткөрүп берген өлкө деп эсептөөгө болот. АКШнын практикасы көрсөткөндөй, азыркы убакта чыгарманы кабыл алган өлкөнүн коллизиялык принциби кеңири пайдаланылат. 2011-жылдан тартып ушул принциптин негизинде АКШ Интернетте укукка каршы жосундарды жасаган чет элдик жарандарга карата экстроаймактык юрисдикцияны колдонот. АКШнын иммиграциялык жана бажы полициясы (ICE) эгерде алар автордук укуктар жөнүндө америкалык мыйзамдарды бузууга шектелсе, алардын сервери кайсы жерде жайгашканына карабастан экстрадициялык чет элдик жарандарга АКШнын булактарына таянышабы, ошондой эле тиешелүү мамлекеттин аймагындагы чет элдик жарандарга тиешелүү контент мыйзамдуубу деген суроо-талаптарды жөнөтүп баштайт [63]. Америкалык сот системасы үчүн домендик зона гана мааниге ээ. Лицензияланбаган контенттерди жайылткан бардык web-баракчалар .com жана .net домендик зоналар мыйзам менен жабылат жана көзөмөлгө алынат. Мында АКШ интеллектуалдык менчик укугун бузган маалыматтарды жарыялаган web-ресурстар менен күрөшпөстөн, мыйзамсыз материалдарга шилтеме бергендер менен да күрөшөт [64].

«Коргоо талап кылынган өлкө», «чыгарма жаралган өлкө», «зыян келтирүү орду» коллизиялык байланыштар аймактык мүнөзгө ээ жана Интернет тармагына карата ушул байланышты адаптациялоо максатында тармактык мейкиндиктин юрисдикциялык чеги башынан эле чечилүүгө тийиш болчу. Интернетте юрисдикцияны белгилөө чечилбей турган чындап алганда биринчи мамиледеги көйгөйдүн жаралышына түртөт.

«Кибермейкиндик түп тамырынан укуктук позиция менен онлайн феномендери жана алардын физикалык жайгашууларынын ортосундагы олуттуу мамилелерди жок кылат. Глобалдуу компьютердик тармакты өнүктүрүүнүн географиялык абал менен (1) он-лайн жүргүзүү контролун орнотуу боюнча локалдык өкмөттүн бийлигинин; (2) жеке адамга же буюмга онлайндык жүрүм-турумдун таасиринин; (3) глобалдык феномендерди жөнгө салуу боюнча суверендүү бийликтин күч-аракетинин мыйзамдуулугунун; ошондой эле (4) кайсы ченемди колдонуу керектигин физикалык жайгашуу ордун аныктоо жөндөмдүүлүгүнүн ортосундагы байланышты бузат. Ошентип, физикалык мейкиндик менен, баарынан мурда аймактык конструкцияланган ченемдер аркылуу кибермейкиндик менен башкарууга тиешелүү талаптардын ортосундагы чек арасына негизделген ченем жаратуу системасын толугу менен четке какпайт»[65,б.1370].

Азыркы убакта көптөгөн мамлекеттердин сот практикасы тиешелүү мамлекеттин юрисдикция чөйрөсүндөгү улуттук тармактык мейкиндикти камтуу жолунда бара жатат. Мында жогорку деңгээлдеги функционалдык домендерге карата АКШнын мисалында көрсөтүлгөндөй, жогорку деңгээлдеги домендерди катоону жүзөгө ашыруучу орган жайгашкан аймакта мамлекеттин юрисдикциясын белгилөө тенденциясы байкалууда.

Атап айтканда кибермейкиндик шарттарында зыяндуу кесепеттердин болгон ордуна тиешелүү критерийлерге карата болсо, мында кайсы өлкө болбосун интеллектуалдык менчик укугун факт түрүндө бузуунун натыйжасында, мисалга интеллектуалдык иштин натыйжасын мыйзамсыз кайрадан чыгарууда болушу мүмкүн.

Интернет юрисдикциянын белгилүү үч формасына тең чакырык таштайт. Жазма түрүндөгү эскертүү (jurisdiction to prescribe) мамлекеттин белгилүү бир жактарга жана белгилүү бир жагдайларда өзүнүн материалдык укугун колдонууну жазуу жүзүндө эскерткен ыйгарым укуктарын билдирет.

Юрисдикциянын ушул түрү «сот тандоо» ("choice of forum") кеңири түшүнүгүнө ылайык келет. Акырында аткаруу юрисдикциясы (jurisdiction to enforce) мыйзамдарды сактоого же аны сактабагандыгы үчүн аткаруу өндүрүшү аркылуу жазага тартууга, ошондой эле административдик чараларды, полицияны жана мамлекеттик бийликти жүзөгө ашыруу үчүн соттук эмес башка каражаттарды колдонуу менен мажбурлоо мамлекеттин ыйгарым укуктарына кирет.

Көйгөйдү чечүү же анын мизин кайтаруу айрым авторлор эсептегендей, өзүн өзү жөнгө салуу, анткени аны пайдалануу көпчүлүк учурларда өзүнчө бөлүп кароону талап кылат (т.а. георграфиялык жайгашкан ордун белгилейт). Мисалга, жеке топтор жүрүш-туруш боюнча туура кыймыл-аракеттерди камтыган эрежелеринин кодексин кабыл алса, анда мындай макулдашуу укук белгилөөчү (жазуу жүзүндөгү нускама) акт катары каралууга тийиш. Жеке топтун мүчөлүгүнүн шартында эрежелердин кодекси трансулуттук, жазуу жүзүндөгү нускаманын жеңилдетилген формасы болуп саналат, мындай акт эл аралык мүнөзгө ээ. Ошондой эле сот юрисдикциясына тиешелүү болгон жеке чыр-чатактарды чечүүнүн жол-жоболору, иш жүзүндө негизинен кайсы бир мамлекеттин чек арасынан тышкары чыгат. Эл аралык коммерциялык арбитраж системасы (ICA) сот юрисдикциясы менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүнүн көрүнүктүү мисалдары болуп саналат. Соттук юрисдикциясы менен байланыш маселерди чечүүнүн көрүнүктүү мисалдары Эл аралык коммерциялык арбитраж системасы (ICA) болуп саналат. Андан тышкары, жеке чыр-чатактарды чечүү арбитраж менен чектелбейт. Чыр-чатактарды чечүүнүн – кредиттик карточкалар же шарттуу төлөмдөр жана EBay интернет-дүкөндөрү америкалык тармагынын мисалындагыдай күмөн жараткан сатуучулардын «кара тизмеси» боюнча төлөмдөрдү (credit card chargeback) кайтаруу механизмдери катары жаңы үлгү пайда болгон. Электрондук соода чөйрөсү үчүн кредиттик карталарды тейлөө боюнча көпчүлүк системалар кардардын жайгашуу ордунан көз карандысыз

кепилденген керектөөчүгө төлөмдөрдү кайтарып берүү жолу менен коргоо боюнча эрежени кабыл алган. Европада АКШдан айырмаланып, кредиттик карталардын эмитенттеринен мындай кызматтарды көрсөтүүнү талап кылган тиешелүү мыйзамдык эскертүүлөр жок. Ушул механизмдин популярдуулугунун себеби анын арзандыгында, жөнөкөйлүгүндө жана пайдалануунун ылдамдыгында жатат. Керектөөчүдө чыр-чатакты чечүү үчүн адвокат же ортомчу издөөнүн зарылдыгы көңүлдөн тышкары калат.

«Домендик аттар боюнча чыр-чатактарды кароонун бирдиктүү саясаты» (UDRP) дагы кеңири белгилүү, практикада жетишерлик кеңири колдонулат[66]

Өзүн өзү жөнгө салуу схемасы коомдук укук менен байланышта болгон учурда гана бузулган укуктарды реалдуу коргоону камсыз кылууга болот. Анткени бузулган укукту калыбына келтирүүчү чечимдерди мажбурлап аткартуу мамлекеттик аппараттын мажбурлоосу менен гана камсыз кылынышы мүмкүн.

Джойл П. Тречтман өзүнүн көз карашында, укуктук ченемдердин коллизиясын чечүүнүн жакшы жолу сүйлөшүү процесси жана өкмөт аралык деңгээлде корутунду макулдашуу болуп саналарын белгилейт. Башка сөз менен айтканда, мындай учурда эл аралык укуктун механизмдери эл аралык жеке укуктун ченемдик мазмунун өзгөртүү үчүн оптималдуу каражат болуп саналат[67.990-991б].

Коллизиялык укук жаатындагы Россиялык адис Ю.А. Тихомиров «улуттук мыйзамдарды салыштыруу жана баалоо үчүн өзүнүн келип чыгышы боюнча жалпы калыпка салуучу катары чыккан эл аралык укуктун жаңы ролу жөнүндө сөз жүргүзүүгө болот» деп болжолдойт [68,б.333-334]. Башкача айтканда, ушул убакка чейин компоративисттин рутиндик иши чыр-чатактуу маселелерди чечүү үчүн керек болгон улуттук ченемдерди издөө жана тандоо менен бекемделсе, ички укуктун түзүмүнө эл аралык укуктун (ошондой эле ратификацияланган келишимдердин) жалпы

таанылган принциптерин жана ченемдерин киргизүү конкреттүү коллизиялардды чечүүнү олуттуу түрдө жеңилдетет[69].

Юрисдикциядагы коллизиялык маселелер жана Интернетте автордук укуктарды коргоого карата колдонулган укуктар абдан татаал маселелердин чөйрөсүн көрсөтөт жана аларды БУУ, ЕС, ЕАЭБ атайын мекемелеринин ж.б. «тармактык коомчулук» эл аралык бейөкмөт уюмдарынын алкагындагы универсалдуу эл аралык макулдашуулардын ченемдерин бирдейлештирүү жолу менен чечүү зарыл.

**Тыянак:** Кээ бир өлкөлөрдүн сот тажрыйбасындагы «коргоо талап кылынган өлкө үчүн» деген сыяктуу ченем Берн конвенциясында «коргоо талап кылынган өлкө» (5-берене, 2-пункт) [2] деген укуктук ченемде көрсөтүлгөндүгүн, ошондой эле келишимдик эмес милдеттерди колдонууга ылайык «интеллектуалдык менчик укукту бузуунун кесепетинен келип чыккан келишимдик эмес милдеттерди колдонууга жаткан укук, коргоо жөнүндө талапты көрсөткөн өлкөнүн укугун колдонуу болуп саналарын караган принцип келишимдик эмес милдеттерди колдонууга жаткан укук жөнүндө («Рим II») Европа бирдигинин Регламентиндеги фактыны эске алуу менен, колдонулуучу укукту аныктоодо «коргоо талап кылынган өлкө» деген түшүнүктү «коргоо талап кылынган өлкө үчүн» деген мааниде кабыл алуу сунушталат.

«Коргоонун көлөмү» деген Берн конвенциясынын 5-беренесинин 2-пунктунда каралган термин автордук укуктун объектине ээ болуунун укуктуулугун, чыгарманын оригиналдуулугун, автордук укуктун корголгондугун аныктоо маселелерин камтыйт деп эсептейбиз [2].

Берн конвенциясынын эрежесинде: «конвенция менен белгиленген жоболордон тышкары, коргоонун көлөмү анын укугун коргоо үчүн авторго берилүүчү коргоонун каражаттары менен бирдей, коргоо талап кылынган өлкөнүн мыйзамдары менен өзгөчө жөнгө салынары» ошондой эле автордук укуктун объектине ээ болуунун укуктуулук маселесин, чыгарманын оригиналдуулугун, коргоо талап кылынган өлкөнүн өлкөнүн

мыйзамдары менен автордук укуктун объекттин корголгондугун аныктоодо да колдонулууга тийиш.

Юрисдикциядагы коллизиялык маселелер жана Интернетте автордук укуктарды коргоого карата колдонулган укуктар абдан татаал маселелердин чөйрөсүн көрсөтөт жана аларды БУУ, ЕС, ЕАЭБ атайын мекемелеринин ж.б. «тармактык коомчулук» эл аралык бейөкмөт уюмдарынын алкагындагы универсалдуу эл аралык макулдашуулардын ченемдерин бирдейлештирүү жолу менен чечүү зарыл.

## 2.2. Интернетте автордук укуктарды ишке ашыруунун көйгөйлөрү

Сайт бул гипершилтемелер менен бириктирилген белгилүү тартипте жайгашкан баракчалардын системасы. Интернет тармагында сайт өзүнүн уникалдуу дарегине ээ. Ал HTML тилинин командасынын жардамы менен жазылган программаны билдирет, анын жардамы менен колдонуучунун компьютеринде баракчалардын сүрөтү түзүлөт. Бул программанын жардамы менен тексттик жана графикалык маалыматтын элесин уюштурууга, Интернет тармагына аудио жана видеолорду, маалыматтар базасын жайгаштырууга, бинардык файлдарга жетүүнү уюштурууга болот.

Технологиялык көз караштан алганда сайт, ЭЭМ үчүн программалардын жыйындысы болуп саналат, анын ар бир компоненти ЭЭМ үчүн программа болуп эсептелет. Антпесе анын санариптик формада болушу мүмкүн эмес болмок. «Электрондук эсептөө машиналары үчүн программаларды жана маалыматтар базаларын укуктук коргоо жөнүндө» КР Мыйзамында ЭЭМ үчүн программанын төмөнкүдөй аныктамасы берилет – белгилүү бир натыйжаны алуу максатында электрондук эсептөө машиналарынын (ЭЭМ) иштешине арналган маалыматтардын жана буйруктардын жыйындысын берүүнүн объективдүү формасы (Мыйзамдын 1-беренеси)[72].

Кыргыз Республикасынын (мындан ары КР) «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Мыйзамында ЭЭМ үчүн программа төмөнкүдөй аныкталат - белгилүү бир максатка же натыйжага жетишүү үчүн ЭЭМдин жана башка компьютердик түзүлүштөрдүн иштешине арналган сөздөр, цифралар, коддор, символдор, белгилер жана башка объективдүү форма аркылуу көрсөтүлгөн нускамалардын жана эрежелердин жыйындысы (Мыйзамдын 4-беренеси) [73].

Бир эле убакта сайт маалыматтар базасы болуп да саналат. КР «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Мыйзамы боюнча маалыматтар базасы маалыматтардын (макалалардын, эсептөөлөрдүн дагы ушул сыяктуулардын) жыйындысын электрондук эсептөө машиналарынын (ЭЭМ) жардамы аркылуу табылгыдай жана кайра иштетилгидей кылып системага салынган берүүнүн жана уюштуруунун объективдүү формасын түшүндүрөт (Мыйзамыдын 4-беренеси). Ушундай эле аныктама «Электрондук эсептөө машиналары үчүн программаларды жана маалыматтар базаларын укуктук коргоо жөнүндө» КР Мыйзамында да камтылган (Мыйзамдын 1-беренеси) [73] Маалыматтардын дал ушундай системалаштырылган жыйындысын сайт көрсөтөт. Эгерде автордук укук жөнүндө жана ЭЭМ үчүн программалар жана маалыматтар базалары жөнүндө мыйзамдар сайтты анын технологиялык формасы катары аныктаса, анда сайттын мазмуну автордук жана чектеш укуктар жөнүндө, ошондой эле ММК жана жарнама жөнүндө колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына шайкеш келүүгө тийиш.

Сайттын ээси ачылган сайтты маалыматтар менен толтурууга өзү жоопкерчилик тартат. Сайтка жайгаштырылган баардык маалымат мыйзамдуу болууга тийиш, бул эрежеге, ошондой эле сайттын ээси өзү жайгаштырган маалымат да баш ийүүгө тийиш, мисалы, сайттагы «форумдарда», «чаттарда», «коноктор китепчелеринде» колдонуучулар өздөрүнүн пикирлерин жана талкууларын жазышат.

Сайттын администратору колдонуучулар жайгаштырган бардык билдирүүлөргө регулярдуу түрдө модерация жүргүзүп турушу керек. Сайттардын колдонуучулары негизинен купуя болгондуктан, жүрүм-турумдун жана пикирлердин бирдиктүү эрежелерин иштеп чыгуу зарыл, эрежени бузгандык үчүн шайкеш келген чаралар көрүлүүгө тийиш.

Ошондой эле колдонуучулар өздөрүнүн маалыматтарын, колдонуучулар тарабынан эркин жаңылап турууга жеткиликтүү болгон сайттын башка баракчаларына да жайгаштыра алышат, мисалы, колдонуучулардын аракети менен жаңылыктарды түзүү популярдуу болуп калды. Сайттын ээси мындай сервисти көрсөтүү үчүн жоопкерчиликти түшүнүшү керек. Аны администратор колдонуучу тууралуу жетиштүү маалымат болушу үчүн сайттын катталган колдонуучуларына гана көрсөтсө болот. Пикир келишпестиктерден качуу үчүн, колдонуучу-жазуучуларды идентификациялоо системасын пайдалануу зарыл (мисалы, компьютердин IP-дареги боюнча). Сайтка колдонуучулардын пикири маалыматтык ресурстун ээсинин пикири менен дал келбеши мүмкүндүгү тууралуу билдирме жайгаштырылуусу зарыл.

Пиратчылыктын кыйла көп тараган ыкмаларынын бири – укук ээсинин макулдугусуз башка сайттарга чыгармаларды жайгаштыруу, же тескерисинче, сайттарга жарыяланган чыгармаларды басма ММКларга чыгаруу. Мыйзамсыз жайылтуу деп, электрондук дарек аркылуу таратуу да түшүнүлөт. Окурмандын көңүлүн бир маанилүү деталга бурабыз – чыгармага жана анын электрондук версиясына автордук укук ар түрдүү адамдарга таандык болушу мүмкүн, мисалы, авторго жана анын иш берүүчүсүнө же басмаканага. Айрым интернет-ресурстар жарыялоонун эрежелерин бекитишет, аларга ылайык ишти сайтка жарыялоонун маанилүү шарты болуп, чыгарманын электрондук версиясына түпкү укуктар ресурсту уюштуруучуларга таандык деген автордун макулдугу саналат[74].

Интернетте,ошондой эле, колдонуучулардын кыйла ыңгайлуу навигациясы жана көп пайдаланылган маалыматты тез табуу үчүн, фреймдерди – браузердин экранындагы атайын терезени пайдалануу популярдуу болуп калды. Колдонуучу экрандан бир нече фреймди көрөт, активдүү болуп алардын бири саналат. Анда колдонуучу иштеп, керектүү маалыматты сурайт. Башка фреймдер экранда пассивдүү болот жана колдонуучу аларды активдүү катары тандаганча күтүшөт.

Сайтта фреймдерди колдонуу, өздөрүнүн фреймдеринде башка баракчаларды көрсөткөндө, автордук укуктарды бузуу үчүн мүмкүнчүлүктү түзүшү мүмкүн. Мисалы, Total News өзүнүн сайтында фреймде Washington Post, Reuter ж.б. ресурстарды ачуу менен ушундай кылышкан. Узакка созулган талаш-тартыштардын жыйынтыгында Total News көрсөтүлгөн ресурстардын ээлеринин укуктарын калыбына келтирүүгө макул болгон жана өзүнүн бул кимди көрсөткөндөр үчүн жарнама деген алгачкы тезисин алып таштаган. Дооматтарды келтирбеген уюмдар Total News’тун фреймдик түзүмүндө көпкө чейин калышканы анык.

1997-жылы American Civil Liberties Union of Georgia, өзүнүн сайтына фреймде доогерге тексттик шилтемелер менен сүрөттөрдү жайгаштырган АКШнын жараны Миллерге доо койгон. Сот, автордун макулдугусуз чыгарманы пайдаланууга мүмкүндүк берген, жол берилген цитаталоо катары шилтемеге жоопкердин укуктуулугун таануу менен доогердин талаптарын канааттандырган эмес.

Тармакта “пираттык” чыгармалар менен таанышып жаткан колдонуучу күнөөлүү деп эсептелеби? Мындай колдонуучулар башка автордук укуктарды бузгандык үчүн жоопкерчиликти тартабы?

Автордук укуктун жалпы тенденциясынан алганда, бардык жоопкерчилик, автордукту менчиктеп алган жана (же) чыгарманы жайылткан жакка жүктөлөт, колдонуучуларды күнөөсүз деп эсептешет. Бирок мындай практика Интернет пайда болгонго чейин эле түзүлгөн жана

болгон. Маалыматтык-телекоммуникациялык тармак, колдонуучуларга алардын Интернеттеги аракеттери күнөөсүз болгон ушундай чоң мүмкүнчүлүктөрдү көрсөткөн.

Колдонуучулар материалдарды ага жеткиликтүүлүктү жеңилдетүү үчүн компьютердин эсине көчүрө алышат. Бул чыгарманы кайра чыгаруу–автордун мүлктүк түпкү укугу болуп саналат, ал эми колдонуучунун аракеттери, укук ээси тарабынан ушундай чыгарууга уруксат бергенде мыйзамдуу. Демек, Интернет тармагынын ар бир колдонуучусу өзүнүн компьютеринин эсине чыгарманы көчүрүү үчүн укук ээсине өтүнүч жөнөтүүгө тийиш. Ал тургай оң жооп алынса да, маалымат колдонуучуга түз эмес, материал ошондой эле көчүрүлгөн аралык серверлер, тармак түйүндөрү аркылуу барат, чынжырчанын ар бир катышуучусу бул материалдарды кайра чыгарууга уруксат алуусу керек.

Бул укукту ишке ашыруу үчүн чыгарманы көчүрүп алууда кайра чыгарууга уруксатты колдонуучу гана эмес, бардык аралык серверлер жана байланыш түйүндөрү да сурашы зарыл, бул иште бир топ кыйын, анткени алардын ээлери ал тургай бул боюнча шек санашпайт. Көчүрүп алуу процессинин өзү бир нече секунддан бир нече мүнөткө чейин ээлейт. Бир катар учурларда мындай көчүрүү браузер менен кароодо, колдонуучунун эркинен тышкары автоматтык түрдө аткарылат. Ал тургай тармакта материалды издөөдө же интерактивдик кароодо (мисалы видеону же аудиочыгармаларды) атайын издөө программалары серверлерде сакталган көптөгөн материалдарды автоматтык түрдө “карап чыгат” жана аларды чагылдырат, колдонуучунун компьютерине чыгаруу үчүн көчүрөт деп айтууга болот. Мындай көчүрүүдө, жоопкерчилик программалык камсыздоо (издөө программаларын, браузерлерди) түзүүчүлөргө жүктөлүшү мүмкүн.

Чет өлкөлүк укук таануучулар жана соттук практика, сайттардын баракчалары колдонуучунун компьютерине көчүрүлүү менен сайттарды көрүүнү кайра чыгаруу жана мында автордук уктардын бузулушу катары

карайт (АКШ, Франция, Германия). Япондук мыйзамдар, ошондой эле Сингапур сайттарды көрүү укук бузуу болуп саналбайт деп эсептейт. Япондук электрондук басма ишинин ассоциациясынын кеңешчиси Масаюки Мацуда, Япониянын позициясы өнөр жай алкактары тарабынан көрсөтүлгөн каршылыктар менен мажбурланган деп болжолдойт[75].

Биздин көз карашыбызда, Кыргызстан Европа биримдигинин катышуучусу болуп саналбаса да, каралып жаткан маселеде Европанын тажрыйбасы кыйла кенен жана аны эске алуу зарыл. Интернетте колдонуучу тарабынан чыгарманы кайра чыгарууга уруксатты колдонуучу гана суроого тийиш. Серверлердин, байланыш түйүндөрдүн ээлери, программалык камсыздоолорду түзүүчүлөр аралык көчүрмө үчүн жоопкерчиликтен бошотулууга тийиш.

КР Мыйзамында “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн туруп, жалаң гана жекече максаттарда мыйзамдуу түрдө жарыяланган чыгарманын айрым нускасын кайта чыгарууга жол берилет (18-берене), муну менен ушул эле берененин 2-пункту ушул укук жайылтылбаган объекттерди бөлүп көрсөтөт [73]

С.П. Гришаев, чыгарманы пайда көрүү максатын көздөбөй электрондук эске жайгаштыруунун өзү жекече максаттарда пайдалануу катары каралат деген тыянакка келген.[76,б.51-89] Ушундай эле пикирге “эркин болуу укугуна жекече максаттарда гана түзүлгөн чыгармалардын санариптик көчүрмөлөрү гана ээ” деп ишендирүү менен В. Погуляев да кошулат. Бирок чыгарманы өзүнүн жекече ЭЭМдин эсине жайгаштырууну компьютер-сервердин эсине жайгаштыруудан айырмалоо керек.[77,б.120] Мындай жайгаштыруу Интернет аркылуу башка жактарга чыгармага жетүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт. Эгерде Тармактын спецификасын эске алсак, мындай аракет чыгарманы көп жолу кайра чыгарууга шарт түзүшү мүмкүн, мында чыгарма андан ары кимдир бирөө тарабынан көчүрүлгөнбү, жана жетүүгө акы төлөнгөнбү же акысыз болгонбу мааниге ээ эмес. Укук ээсинин уруксатысыз чыгармага жеткиликтүүлүк берүү фактысынын өзү

анын автордук укуктарынын бузулушу болуп саналат. Башкача айтканда, мындай аракеттердин мааниси, ал кайсы бир чыгарманы көп жолу кайра чыгарууну жүзөгө ашыргандыкта эмес, бул чыгарманы башка жактар да пайдалануу үчүн шарттарды түзгөндүктө. Мындан С.П. Гришаев, биздин көз карашыбызда, туура тыянак чыгарат: «эгерде башка жактар үчүн чыгармага жетүү камсыздалса, анда башка укуктуулук – чыгарманы жайылтууга укук козголот»[78,б.51-89].

Францияда төмөнкү мисал белгилүү: интернет-сайттын ээси ар түрдүү авторлордун жана аткаруучулардын ырларын санариптик формага алардын уруксатсыз көчүргөн жана аларды өзүнүн компьютеринин эсине киргизген. Бул аракеттин натыйжасында Интернетте анын сайтына кошулгандардын бардыгына бул ырларга жеткиликтүүлүктү ачкан. Жоопкер чыгарманы кайра чыгаруу фактысын моюнга алган, бирок бул аракет чыгармалардын нускаларын жайылтуу болгонун түшүндүргөн [79]

Париждин соту 1996-жылдын 14-августундагы өзүнүн чечими менен мыйзамсыз кайра чыгаруу фактысын тапкан, бирок жоопкердин аракеттеринде чыгарманы жайылтуу фактысын тапкан эмес, анткени сайттын ээси укук ээлеринин дооматтары тууралуу билип, сайтка үчүнчү жактарга жеткиликтүүлүгүн жетүүсүн дароо жапкан.

Санариптик чөйрөдө маалыматты издөөдө жана көрүүдө чыгармаларды кайра чыгарууга, б.а. аны аралыктан, техникалык көчүрүүгө укукту таануу жагындагы маселелерди, ошондой эле күнөөсүз субъектилерди жоопкерчиликтен бошотууну мыйзамдар менен так жөнгө салуу талап кылынат. Антпесе, автордук укуктарды чыныгы бузуучулардын юридикалык жоопкерчиликтен качуу мүмкүнчүлүгү бар. Андан тышкары, колдонуучулар тарабынан чыгармаларды укуктуу пайдалануунун кепилдигин караган, программалык камсыздоонун стандарттарын эл аралык деңгээлде бекитүү зарыл. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына санариптик формада чыгарманы кайра чыгаруу түшүнүгүн киргизүү зарыл.

Азыркы учурдун талабына шайкеш келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына санариптик формада чыгарманы кайра чыгаруу түшүнүгүн киргизүү зарыл. “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык,чыгарманы кайра чыгаруу түшүнүгү астында, чыгарманын же анын бир бөлүгүнүн бир же андан ашык нускаларын кандай гана болбосун материалдык формада, анын ичинде үн жана көргөзмө жазма түрүндө даярдоо; эки өлчөмдүү чыгарманын бир же андан көп нускасын үч өлчөмдө жана үч өлчөмдүү чыгарманын бир же андан көп нускасын эки өлчөмдө даярдоо; чыгарманы ЭЭМдин эсине жазуу да кайра чыгаруу болуп саналары түшүнүлөт (Мыйзамдын 4-беренеси) [72]. Бул аныктама жетишерлик кенен жана электрондук формада чыгармаларды кайра чыгарууну камтый турганын эске алуу менен, «кандай гана болбосун материалдык формада, анын ичинде үн жана көргөзмө жазма түрүндө» деген сүйлөмдү «санариптик формада» деген сөз айкашы менен толуктоону сунуштайбыз. Мында төмөнкүдөй аныктаманы алабыз: «чыгарманы кайра чыгаруу – чыгарманын же анын бир бөлүгүнүн бир же андан ашык нускаларын кандай гана болбосун материалдык формада, анын ичинде, санариптик формада, үн жана көргөзмө жазма түрүндө даярдоо; эки өлчөмдүү чыгарманын бир же андан көп нускасын үч өлчөмдө жана үч өлчөмдүү чыгарманын бир же андан көп нускасын эки өлчөмдө даярдоо; чыгарманы ЭЭМдин эсине жазуу да кайра чыгаруу болуп саналат».

Муну менен бирге, «маалыматты издөөдө жана көрүүдө чыгармаларды ЭЭМдин же башка ушуга окшогон каражаттын жардамы ээсине техникалык көчүрүү ушул берененин мааниси боюнча кайра чыгаруу болуп саналбайт. Мындай көчүрүү берилип жаткан маалыматтын мазмунун өзгөртпөйт, ал эми техникалык көчүрүү процесси компетенциясында болгон жактар берилип жаткан маалыматтын мыйзамсыздыгы жөнүндө билгенде, мындай маалыматка

жеткиликтүүлүктүн алдын алуу үчүн зарыл аракеттерди өз убагында көргөн шартта» дегенди тактоо зарыл.

Кыргыз Республикасынын “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесин ошондой эле кийинки түшүнүк менен толуктоо зарыл: «чыгарманын санариптик формасы – электрондук, оптикалык же башка машина окуй турган форма же ЭЭМде же башка ушуларга окшогон каражаттарда пайдалануу үчүн арналган форма».

Бул учурда каралып жаткан мамилелерге бул категорияны колдонуунун тууралык маселеси, мыйзамда пайдаланылган «ушуларга окшогон каражаттардын жардамы менен» деген конструкцияны кандай чечмелөөдөн көз каранды. Мүмкүн болуу менен, Интернет тармагы кабелдик тармактарга окшоштугуна жол берилет жана мыйзамда колдонулган конструкция талданып жаткан мамилелерге карата колдонулат[80].

Айрым окумуштуулар, «Санариптик тармактарда чыгарманы кайра чыгарууга түпкү укуктар кандай өңүттө ишке ашырылууга тийиш, кандай укук тандалуусу керек – жалпыга маалымдоо үчүн билдирүү укукгубу же жайылтууга укукпу?» деген суроону коюшат. Бул маселе боюнча укуктук илимде аныктама жок. Ошондуктан, эл аралык деңгээлде бул көйгөй курч дискуссияны чакырары таң калыштуу эмес. М. Фичордун пикири боюнча, бул учурда чыгарманы жайылтууга укукту гана колдонуу, кайсы аракеттер толугу менен орундуу (релеванттуу) экендигин чагылдырмак эмес, Интернет сыяктуу тармактардын динамикалык табиятына шайкеш келмек эмес. Демек, ушул гана укукту колдонуу, Интернет тармагы жана ушуга окшогон башка тармактар аркылуу коомго автордук жана чектеш укуктардын корголгон объекттерине жеткиликтүүлүктү көрсөткөндөрдүн аракеттерин реалдуу баалоого мүмкүндүк берген, чындыкка шайкеш келген жана натыйжалуу иштеген укуктук базаны түзүүгө мүмкүнчүлүк бермек эмес[81].

Башка авторлор, жайылтууга укуктун, жана жалпыга маалымдоо үчүн билдирүүгө укуктун элементтерин камтыган укукту бекитүү зарыл жана бул компромисс болмок деп эсептешет. Интернетте автордук укуктун объекттери боюнча түзүлгөн коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүгү эл аралык укукта көрсөтүлдү. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган ДИМУнун автордук укук боюнча келишиминин 6-беренесинде жайылтууга карата укук «менчик укугун сатуу же башкача берүү аркылуу өзүнүн чыгармаларынын түп нускасын же нускаларын жалпыга маалымдоого жеткирүү» катары түзүлгөн. Негизинен Келишимдин 6-беренесинде «Жайылтууга укукта» эки укук бириктирилген: жайылтууга укук жана жалпыга маалымдоого жеткирүүгө укук.

Келишимдин 6-беренесинде укуктук ченемдерди баяндоонун формасын чечмелөө менен, авторлор санариптик формага карата жайылтууга укукту жана жалпыга маалымдоого жеткирүү үчүн билдирүүгө укукту атайын чектөөнү улантып жатышат деген тыянакка келүүгө болот. Мында биздин көз карашыбызда, терминологиялык кээ бир адашуулар түзүлүүдө. Бул березенин редакциясында жайылтууга укук, эки түшүнүк бириктирилгендей баяндалган – «жалпыга маалымдоого жеткирүү» жана «менчик укугун сатуу же башкача берүү аркылуу өзүнүн чыгармаларынын түп нускасын же нускаларын». Биринчи түшүнүк бул өз алдынча укук. Ал эми экинчи түшүнүк, реалдуу дүйнөдө чыгармалардын нускаларына карата жарандык жүгүртүүдө кабыл алынган жайылтуунун шарттарын чагылдырат.

Ар бир мамлекет, чыгарманы санариптик тармакта жеткиликтүү кылган аракеттер укуктардын кайсы түрүнө киргизүүнү өзү аныктайт. «Ар бир өлкөнүн ушул варианттардын бирөөсүн тандоосу көп жагынан улуттук мыйзамдарга, анын негизинде иштелип чыккан позицияларга, туруктуу практикага жана мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарына көз каранды»[81].

Кыргыз Республикасынын “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесинин 2-пунктунда автордун чыгарманын нускаларын кандай жол менен болбосун таркатууну: прокатка берүүнү жана дагы ушул сыяктууларды (таркатуу укугун) жүргүзүү, уруксат берүү же тыюу салуу боюнча түпкү укугу каралган [73] Мыйзам бул укуктун так аныктамасын бербегендиктен, чыгарманы, баарынан мурда сатуу жолу менен жарандык жүгүртүүгө киргизүүгө таандык деп саноо кабыл алынган, жана ошондуктан ал Интернет тармагында автордук укук объекттерин пайдалануу менен байланышкан мамилелерге таандык болбой калышы мүмкүн эмес болчу.

Бирок биздин көз карашыбызда, бул туюнтма анчалык туура эмес болуп саналат. Интернет пайда болгонго чейин чыгармаларды жайылтуу чынында ушундай жүргүзүлгөн, чыгармалардын нускалары дүкөндөр аркылуу, көргөзмөлөрдө, жармаңкелерде ж.б.у.с. жайылтылган. Ушул жерден бул укуктун дал ушундай түшүнүгү келип чыккан. Бирок илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү, жеткиликтүү көчүрмө техникасынын жаралышы, Интернеттин пайда болушу менен, стандарттык схемага – товар-акча-товар – качпай чыгармаларды көчүрүү, санариптик формага которуу жана Интернетте жайылтуу абдан оңой болуп калды.

Орусиянын Жарандык кодекстин 4-бөлүгү чыгарманы жайылтууга укукту, «түп нусканы же нускаларды сатуу же башкача ээликтен ажыратуу жолу менен жайылтуу» катары жетишсиз аныктайт (1270-берененин 2-пункту).[82] Ченемдин бул туюндурмасы, жайылтууну материалдык алып Сергеев А.П. белгилеп кеткендей «Эгерде чыгарма көбөйтүлбөй, түп нускада гана бар болсо, ал жайылтыла албайт» [83].

Бирок санариптик чөйрөдө «чыгарманын нускасы» деген түшүнүк салттык маанисин жоготору бизге белгилүү. Биздин көз карашыбызда, чыгарманы укук ээси тарабынан Интернетке биринчи жайгаштырууну - чыгарманы жалпыга маалымдоо үчүн билдирүүнү түпкү укукка киргизүүгө болот. Бул чыгарманын башка сайттарда ачык жеткиликтүүлүктө

колдонуучулардын чексиз алкагы үчүн, укук ээси маалымдалбай туруп пайда болушу, жалпыга маалымдоого жеткирүү катары баалоого болоого болору шексиз, бул өзүнүн маңызы боюнча жайылтуу жана бул көп учурда сатуу эмес. Мында салттык мааниде «чыгарманын нускасы» жок, жактардын чектелбеген алкагы ушул чыгармага жете алат. Бул жерде дүкөнгө барды – чыгарманын нускасын сатып алды – ага жеткиликтүүлүк алды деген схема иштебейт. Бул жерде сайтка кирди – жеткиликтүүлүк алды – тыйын төлөп же эч нерсе төлөбөстөн, өзү үчүн «чыгарманын нускасын» жүктөп же көчүрүп алды жана түздү деген схема иштейт. Муну менен чыгарманын лицензиялык нускасын алууга дүкөнгө барбай эле коюуга, өзүнүн акчасын сарптоо менен жана чыгармачылык индустриянын өнүгүшүнө жана авторду колдоого – жаратылган чыгарма үчүн сый акы берүүгө жана анын мындан аркы чыгармачылыгына дем берүүгө салым кошпой, аны сатып албай коюуга болот. Чыгарманы кайра чыгарууга дагы бир түпкү укукту бузуу менен өздөрү үчүн чыгарманын нускаларын түзгөн миңдеген колдонуучулар тарабынан жүктөлгөнү жайылтуу болуп саналбайбы?

Францияда кийинки мисал белгилүү: интернет-сайттын ээси ар кандай авторлордун жана аткаруучулардын ырларын алардын уруксатысыз санариптик формага которуп, аларды өзүнүн компьютеринин эсине киргизген. Жыйынтыгында, Интернетте анын сайтына кошулгандардын баарына бул ырларга жеткиликтүүлүктү ачкан. Жоопкер чыгарманы кайра чыгаруу фактысын моюнга алган, бирок бул аракет ал тарабынан жеке максаттар үчүн гана жасалганын түшүндүргөн. Сайтка үчүнчү жактар анын макулдугусуз кошулуп кеткен. Ал чыгарманын нускаларын жайылтуу боюнча аракеттерди жасаган эмес.[84.361б.]

Париждик сот 1996-жылдын 14-августундагы өзүнүн чечими менен мыйзамсыз кайра чыгаруу фактысын тааныган, бирок жоопкердин аракеттеринде чыгармаларды жайылтуу фактысын аныктаган эмес, анткени

сайттын ээси укук ээлеринин дооматтары жөнүндө билип, үчүнчү жактарга сайтка жеткиликтүүлүктү дароо жапкан.

Эгерде бул мисалды чечмелесе, ар кандай авторлордун жана аткаруучулардын ырларын санариптик формага которуп, аларды өзүнүн компьютеринин эсине киргизүү кайра чыгаруу болуп саналат. Ырлардын өзү авторлордун жана аткаруучулардын өздөрү тарабынан мурда эле жалпыга маалымдоого чейин жеткирилген, ал эми интернет-сайттын ээси алар менен тааныш болгон жана өзү, өзүнүн жеке максаттары үчүн бул ырлардын нускаларын санариптик формага киргизүүнү чечкен. Интернетте анын сайтына кошулгандардын баарына бул ырларга жеткиликтүүлүктү ачуу чынында жайылтуу болуп саналышы мүмкүн. Сот анын аракеттеринде укук ээлеринин жайылтууга укуктарын бузууну тапкан эмес, анткени сайтка үчүнчү жактардын жетүүсү, сотто далилденгендей, бул тууралуу билгенден кийин, үчүнчү жактарга сайтка жеткиликтүүлүктү дароо жапкан сайттын ээсинин уруксатысыз жүргөн. Бул иш боюнча сот тарабынан баалоодо жалпыга маалымдоого жеткирүү эмес, жайылтууга укукту бузуу каралган. Мында Интернеттин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, чыгарманын нускасын сатуу, укукту чектөө (б.а. укук ээсинин уруксатысыз жана ага сый акы төлөбөстөн жарандык жүгүртүүгө киргизилген нускаларды андан аркы жайылтуу мүмкүнчүлүгү) жөнүндө маселелер каралган, анткени санариптик чөйрөгө карата чыгармаларды жарандык жүгүртүүгө киргизүү кадимки ыкмада жүрбөйт. Чыгармалардын нускалары санариптик технологиялардын жардамы менен каалаган колдонуучу тарабынан акысыз түзүлүп, жана алардын мыйзамсыз жайылтылышына шарт түзүлүү менен Интернетке жайылтыла алат.

Окуянын өнүгүшүнүн башкача варианты да мүмкүн. Жаңы тасма жарык көрдү, укук ээси бир өнөктөш менен прокатка келишим түздү, прокат белгилүү бир төлөмгө анын сайтына болжолдонууда. Ушундай эле башка сайттын ээси, бир күнү атаандашынын сайтында ушул эле тасмага мыйзамдуу жетүүнү алып, бул тасманы жүктөп, өзүнүн сайтында ага

жеткиликтүүлүктү акысыз бере баштайт, каалаган мүмкүн болгон жерлерде өзүнүн сайтына гипершилтемелерди жайгаштырып, социалдык тармактарга трейлерлерди киргизет ж.б. Бул ар кандай максаттар үчүн жасалышы мүмкүн – өзүнүн сайтынын жагымдуулугун жогорулатуу, анын популярдуулугун өстүрүү үчүн; ушул сайтта чагылдырылган ишке кызыкчылыкты ойготуу; колдонуучулардын санын көбөйтүү, атаандаштык максатта – атаандаштын коммерциялык ишин бүлдүрүү ж.б.у.с. Бул аракеттерди кантип баалоого болот? Жалпыга маалымдоо үчүн чыгарманы билдирүүгө укук ээсинин укугун бузуу катарыбы же чыгарманы мыйзамсыз жайылтуу катарыбы. Муну менен чыгармалардын нускаларын, алардын санын жана Интернетте сатылышын карап ажыратуу мүмкүн эмес. Биз жашап жаткан Интернеттин өнүгүү доорунда чыгарманы нускаларын даярдабастан санариптик технологиялардын жардамы менен көчүрүү жайылтылган көрүнүш болуп калды.

Кыргыз Республикасынын “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамынын каралып жаткан редакциясы өтө тар болуп саналбайт. Тескерисинче, “чыгарманын нускаларын каалаган ыкма менен жайылтуу”, “прокатка берүү ж.б.” сыяктуу сөз айкаштарын пайдалануу бул ченемди кенен талкуулоого чакырат.

Лицензиялык эмес МР3-тректер менен алмашууга мүмкүндүк берүү менен санариптик музыка рыногунда революция жасаган АКШдагы Napster компаниясынын соттук иши мисал. Бул компаниянын сайты колдонуучуларга МР3 форматында музыка менен алмашуунун жеңил ыкмасын берген, жана бул ишти бекер жүргүзгөн. Кирешеси музыкалык дисктерди сатуудан түзүлгөн үн жаздыруучукомпаниялар бул сайттын ишинен, биринчи кезекте алардын бизнесине коркунуч келтирүүнү, жана албетте, автордук укуктун бузулушун табышкан, анткени автор эреже боюнча ар бир сатылган дисктен өзүнүн үлүшүн алат. Үн жаздыруучу компаниялар укуктарын коргоо үчүн сотко кайрылышкан. Автордук укуктун негизги эрежелеринин бири – автордук укуктун бузулушу болуп,

чыгармаларды пайдалануудан киреше алууга багытталган, автор же башка укук ээси тарабынан санкцияланбаган иш саналат, башкача сөздөр менен айтканда, чыгармаларды коммерциялык максаттарда пайдалануу. Napster'дин иши акысыз болуп, алар бул иштен түз кирешелерди албаса да, сот аталган ишти кароодо бул сайттын өсүп жаткан популярдуулугу (бүткүл дүйнө боюнча 26,4 миллион колдонуучу) реалдуу баага ээ компаниянын өзүнүн наркына таасир бергендиги жөнүндө корутундуга келген, андан тышкары үн жаздыруучу компаниялар бул сайттын иши алар албай калган кирешелер түрүндө кандай зыян келтирилерин сандар менен негиздөөгө жетишкен (соттун чечими 2001-жылы болгон). Бул жерден, сайттын иши биринчи караганда коммерциялык эмес болсо да, ал пайда алып келип, реалдуу зыяндарды тарттырган.

Эл аралык келишимдерде жайылтууга укукту чектөөгө басым жасалат, анткени кайра чыгарууга укук чектөөгө жатпайт. Мыйзамдуу түрдө алынган материалдык алып жүрүүчүнүн ээси, аны сата алат, белекке бере алат же башкача жол менен үчүнчү жактарга бере алат; мында товарда көрсөтүлгөн автордук укуктун же чектеш укуктардын объектисине укук ээсинин макулдугу талап кылынбайт. Бул принциптин таасири адилеттүү, анткени башка учурда товарды кайра сатуу үчүн укук ээсинин уруксатын алуу тийиш болмок. Демек, бир күнү мыйзамдуу ыкмада сатып алынган чыгарманын материалдык алып жүрүүчүсү каалагандай жайылта алат, анткени сатып алууда чыгарманын ушул нускасына автордук мүлктүк укуктарын чектөө болгон, аны сатууга, белекке берүүгө, кимдир бирөөгө пайдаланууга берүүгө болот, сөз конкреттүү нуска тууралуу болуп жатат, бирок аны кайра чыгарууга, көчүрүүгө, көбөйтүүгө жана мындан пайда алууга укугу жок.

Европа бирлигинин 2001-жылдын 22-майындагы № 2001/29/ЕС "Маалыматтык коомдо автордук жана чектеш укуктардын айрым аспектилерин шайкеш келтирүү жөнүндө" [41] Директивасында укуктарды чектөө маселелерине көңүл бурулат. Айрыкча, чыгарманы коомго кенен

жайылтуу (эфирдик же кабелдик берүү жолу менен же болбосо интерактивдүү санариптик тармактар аркылуу) эч бир шартта укук ээсинин макулдугусуз жарандык жүгүртүүдө аларды мындан ары пайдалануу үчүн негиз катары каралбоого тийиш. Чыгармалардын нускаларын аларды сатуу же башкача берүү жолу менен жайылтуу учурлары үчүн, укуктарды чектөө (б.а. укук ээсинин макулдугусуз жана ага сый акы төлөбөстөн жарандык жүгүртүүгө киргизилген нускаларды мындан аркы жайылтуу мүмкүнчүлүгү) жөнүндө эрежелер, укук ээсинин макулдугу менен Европа бирлигинин (Директиванын 4-беренеси) чегинде болгон менчик укугу биринчи сатылган же башкача берилген нускаларга карата гана колдонулат [41].

Орусиялык жеке укук мектебинин окутуучусу, “РОСНАНО” интеллектуалдык менчик боюнча жетектөөчү юрист, Орусиянын Жарандык кодексинин 4-бөлүгүнүн долбоорун даярдоо боюнча жумушчу топтун мүчөсү, ю.и.к. Виталий Калятин Грант компаниясынын семинарында укукту санариптик чектөөнүн жоктугу жөнүндө пикирин билдирген – санариптик объекттерге РФ ГК 1272-беренесинин жоболорун жайылтпоо, ага ылайык чыгарманын түп нускасын же нускаларын жайылтуу, эгерде алар жарандык жүгүртүүгө укуктуу киргизилген болсо, укук ээсинин макулдугусуз жана ага сый акы төлөбөстөн жол берилет. Түпкү укукту чектөө принциби интеллектуалдык менчиктин тигил же бул объекттери камтылган материалдык алып жүрүүчүлөргө гана кирет. Мындай эркин жайылтуу эрежеси санариптик объекттерге колдонулбайт[85].

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, жайылтууга укукту чыгарманын нускаларын, барынан мурда, сатуу жолу менен жарандык жүгүртүүгө киргизүү катары гана кароону Интернетке колдонуу катачылык болуп саналат деп эсептейбиз. Чыгармалардын санариптик формасынын, Интернет маалыматтык-телекоммуникациялык тармактын, анда түзүлгөн мамилелердин өзгөчөлүгү, виртуалдык эмес дүйнөдө өз ара аракеттенүүнүн адаттагы формасынан кыйла айырмаланат. Интернетке карата

чыгармаларды жайылтууга укук, бул укук мурда салттык чечмеленгенден кыйла кеңири чечмеленүүгө тийиш.

Интернетте автордук укуктун жапырт бузулушунун булагы болуп атайын Интернет-сайттардын – азыркы учурда Интернетте көп болгон торрент-трекерлердин иши саналат. Мындай сайттын администрациясы маалыматтардын каталогун гана түзөт жана мета-берилмелер жөнүндө статистикалык маалыматты чогултууну жүзөгө ашырат. Өздөрүнүн серверлеринде алар чыгармаларды камтыбайт. Чыгармалар ушул сайтка кошулган колдонуучулардын өздөрүндө болот. Торрент-трекерлердин ишинин аркасында каалган жак каалаган убакта каалаган жерде Интернет аркылуу аны кызыктырган чыгармага жете алат. Атайын программалык камсыздоо керектүү чыгарманы башка колдонуучулардан табууга жана алардан алууга мүмкүндүк берет. Бул сайттардын ишин чыгармаларды жалпыга маалымдоого чейин мыйзамсыз жеткирүү үчүн шарттарды түзүү катары квалификациялоого болот. Жана жүктөлгөн контентти көчүрүп алууну сунуштап чыгарманы иш жүзүндө колдонуучулар өздөрү жайылтканы менен, алар буга шарт гана түзбөстөн, чыгарманы мыйзамсыз жайылтууну техникалык жүзөгө ашырат.

Torrents.ru’нун өкүлүнүн айтымында, трекерлердин чексиз жабууга боло турганы жөнүндө алды-артын караштыруу керек. Дүйнөдө азыр 30 миңге жакын трекерлер бар, бирин-серини жабылды, максимум – онго жакыны. Бул биринчи көйгөй. Экинчи – трекер, дайыма эле ага дооматтар коюлган мамлекеттин юрисдикциясынын астында болбойт. Үчүнчү – ал тургай эгерде таза теориялык жактан мыйзамдан тышкары битторрентти жарыялоого жана бул протоколду пайдаланууга тыюу салууга мүмкүн болсо, анда бардыгы жаңы деңгээлде улантылат. «Бөлүштүрүлгөн битторренттин» технологиясы даяр жана сыноодон өттү – бул, битторенттин ошол эле модификацияланган, бирок бардык системанын аярлуу жери болуп саналган, борбордук трекерди пайдаланууну болжолдобогон протоколу. Андан тышкары, жаңы протоколдо берилип

жаткан маалыматтарды шифрлөөгө талаптар эске алынды, андыктан ал тургай провайдерлерге аларга жеткиликтүүлүктү чектөө кыйын болот. Мындай учурларда укук ээлери ар бир колдонуучунун артынан “жүгүрүүгө” туура келет, бул мүмкүн эмес[86].

Бирок 2011-жылдын майында Америкалык автордук коом 23 миң пиратка каршы соттук санкцияга жетишкен. Интернетте автордук укукту коргоо боюнча маанилүү прецедент түзүлгөн – Колумбия округу боюнча АКШнын округдук соту Америкалык автордук коомго «Неудержимые» тасмасын BitTorrent аркылуу мыйзамсыз пайдаланган колдонуучулардын персоналдык маалыматтарына жеткиликтүүлүктү алууга санкция берген. Соттун чечими менен интернет-провайдерлерди, жогоруда аталган тасманын көчүрмөсүн мыйзамсыз көчүрүп алган жана «тараткан» 23 322 колдонуучу тууралуу, алардын IP-даректерин кошуу менен маалыматтарды берүүнү милдеттендирген[87].

Торрент-трекерлерде чыгармаларды таратууну жүзөгө ашырган колдонуучуларды АКШнын мыйзам актылары автордук укуктун объекттерин жайылтууга укук бузуучулар деп тааныйт.

Германияда торрент-трекерлерде чыгармаларды таратууну жүзөгө ашырган колдонуучулар менен күрөшүү абдан активдүү жүргүзүлөт. Бул Torrentfreak сайтындагы макалада белгиленген. Анда “алар бир айда, АКШдагы бардык мезгилге караганда, колдонуучулардын көп саны менен иштешет. Немецтерге салыштырмалуу АКШда копирайт үчүн күрөшүүчүлөр сүйүүчүлөр катары көрүнүшөт”, деп айтылган.

Азыркы тапта ЕБдин айрым өлкөлөрүндө, Улуу Британияда, АКШда контентти жүктөп алгандык үчүн торрент-трекерлердин колдонуучуларын жоопкерчиликке тартуу көбөйдү. ЕБдин кээ бир өлкөлөрүндө торрент-трекерлер “пираттык” сайттарга теңелген.

Интернет тармагында автордук укук чөйрөсүндө виртуалдык эмес дүйнөдө болбогон укуктук көйгөй жаралды. Сайттын баракчалары өзгөчө шилтемелер (гипершилтемелер) аркылуу башка сайттардын баракчалары

менен өз ара байланышат, аларды басууда колдонуучу шилтемеде көрсөтүлгөн ресурска дароо кирет.

Интернетте сайттарда гипершилтемелерди пайдалануу менен маалыматтын башка булактарына даректөөгө болот. Чыныгы жашоодо башка булактарга шилтемелер, мисалы тексттик, тешелүү жол-жоболоштурууну талап кылат, автордун фамилиясы жана инициалдары, эмгектин, басмакананын аталышы, басылуу орду жана жылы, ошондой эле барактардын саны көрсөтүлөт. Интернетте гипершилтемелер көп учурда мындай жол-жоболоштурулбайт. Гипершилтеме маалыматтык ресурстун ээсине колдонуучуларга жеткиликтүү маалыматтын укуктук режими, кандайдыр бир кепилдиктер же эскертүүлөр жөнүндө маалымдоого мүмкүнчүлүк бербейт. Бирок биздин көз карашыбызда, Интернетте шилтемелерди жайгаштырууда ошондой эле виртуалдуу эмес дүйнө менен окшоштугу боюнча туура даректөө, ресурстардын авторлору жана укук ээлери, кепилдиктер жана эскертүүлөр жөнүндө толук маалыматты берүү зарыл.

Microsoft фирмасы өзүнүн сайтына Ticketmaster сайтынын материалдарына даректелген “билеттерди сатуу” деген жазуу менен шилтемени койгон. Ал жакта билеттерге тапшырыктын формасы болгон. Бул шилтеме укук ээси жана ресурсту түзүүчү жөнүндө маалыматты камтыган эмес. Шилтемени мындай жол-жоболоштуруу колдонуучуда Microsoft билеттерди сатуу боюнча кызматтарды көрстөт жана тапшырыктын формасы ушул компанияга таандык деген адашууну чакырышы мүмкүн. Ticketmaster сотко кайрылып, талашты кароодон кийин Ticketmaster’дин укуктарынын Microsoft тарабынан бузулушу жоюлган [88].

Интернет колдонуучуларынын санын көбөйтүү үчүн анын баракчаларын жол-жоболоштурууда мета-тегдер (сайттын баракчасы жөнүндө колдонуучуга көрүнбөгөн кызматтык маалымат) пайдаланылат. Мета-тегдер колдонуучунун суроо-талабына жоопту түзүүдө зарыл

маалыматты издеп жаткан издөө системаларына керек. Адатта мета-тегдерге бул баракчанын маңызын кыйла чагылдырган негизги сөздөр жана баракчанын кыскача баяндалышы киргизилет.

Сайттын баракчаларын издөө системалар менен иштеп чыгуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен, сайттын ак ниетсиз ээлерине чоң пайданы сайттын баракчасынын текстинде, жана баракчанын аталыштарында (баракчанын аталышындагы маалыматтарды издөө системалары биринчи даражадагы маанилүүлүк деп баалашат) индивидуалдаштыруунун бөтөн каражаттарын пайдалануу, аларды көп жолу кайталоо (анткени издөө системалары баракчаны механикалык талдоо менен, изделип жаткан сөз же сөз айкашы кайда жана канча жолу кездешкенин эстеп калат) алып келерин белгилөө керек.

Мисалы: “Элестетебиз: дубалда гезит илинип турат. Анда эмне деп жазылып турганы сизге кызык, бирок анын алдында жакындоого тоскоолдук кылган топ турат, ал эми жарыктандыруу сиз турган орундан окууга мүмкүндүк бербейт... Капыстан, четте колуна чоң күзгү кармаган адам турганын байкасыз. Карап көрүп, сиз турган орундан гезитти оңой эле окуй аларыңызды түшүнөсүз (сүрөт туура чагылдырылып жатат деп эсептейли). Эгерде гезитте кандайдыр бир өзгөртүүлөр болуп кетсе анда алар күзгүдө да чагылдырылары түшүнктүү. Биздин учурда www.internetlaw.ru сайты (№ 1 сайт) бул күзгүнү кармап турат”.[89]

Динамикалык баракчаларды колдонуунун артыкчылыгы, аларды колдонуу сайтты жаңылоо боюнча аракеттерди кыйла жеңилдетүүгө мүмкүндүк бергендигинде.

Динамикалык баракчалар башка сайттардан маалыматты өздөрү алып, колдонуучуну башка сайтка багыттабай туруп аны көрсөтөт, укуктук көз караштан цитаталоо жүрөт деген корутунду жасоого болот. Бирок цитаталоого мыйзам боюнча, цитаталоо максатында белгиленген көлөмгө гана жол берилет, ал эми бул жерде толук көлөмдө чыгарманы кайра чыгаруу жүрүүдө, бул цитаталоо эмес, толук өздөштүрүү. Автордук

укуктарды бузуу болуп эмнелер саналат. Пресс-маалымат, ага эреже катары, жаңылыктар киргенин эске алуу менен, автордук укукту укуктук кайтаруудан алып салуу болуп саналат, жаңылыктарды толук цитаталоо укукту бузгандык болбойт, бирок башка учурларда динамикалык баракчаларды пайдалануу, эгерде башка сайттардан маалыматтарды чагылдыруу автордук укук менен кайтарылса, автордук укукту бузуу болуп саналат.

**Тыянак:** Колдонуучулар тарабынан чыгармаларды укуктуу пайдаланууга кепилдикти камсыздаган программалык камсыздоолордун стандарттарын эл аралык деңгээлде бекитүү зарыл.

Интернетке колдонуучу тарабынан чыгарманы кайра чыгарууга уруксатты колдонуучу гана суроого тийиш. Серверлердин, байланыш түйүндөрдүн ээлери, программалык камсыздоону түзүүчүлөр маалыматты издөөдө, көрүүдө автоматтык түрдө аткарылган аралык көчүрүүгө жана ушундай көчүрүүдө берилип жаткан маалыматтын мазмунун өзгөртпөгөн шартта, же берилип жаткан маалыматтын мазмунунун мыйзамсыздыгы жөнүндө билип мындай маалыматка жеткиликтүүлүктүн алдын алуу үчүн өз убагында чараларды көргөн болсо, жоопкерчиликтен бошотулууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесинде “чыгарманы кайра чыгаруу” түшүнүгүнүн аныктамасын сунуштайбыз.

Маалыматты издөөдө жана көрүүдө чыгармаларды ЭЭМдин же башка ушуга окшогон каражаттын эсине техникалык көчүрүү ушул берененин мааниси боюнча кайра чыгаруу болуп саналбайт. Ал эми техникалык көчүрүү процесси компетенциясында болгон жактар берилип жаткан маалыматтын мыйзамсыздыгы жөнүндө билгенде, мындай маалыматка жетүүнүн алдын алуу үчүн зарыл аракеттерди өз убагында көргөн шартта мындай көчүрүү берилип жаткан маалыматтын мазмунун өзгөртпөйт.

Таратууга укукту чыгарманын нускаларын, барынан мурда, сатуу жолу менен жарандык жүгүртүүгө киргизүү катары гана кароону Интернетке колдонуу катачылык болуп саналат деп эсептейбиз. Чыгармалардын санариптик формасынын, Интернет маалыматтык-телекоммуникациялык тармактын, анда түзүлгөн мамилелердин өзгөчөлүгү, виртуалдык эмес дүйнөдө өз ара аракеттенүүнүн адаттагы формасынан кыйла айырмаланат. Интернетке карата чыгармаларды жайылтууга укук, бул укук мурда салттык чечмелегенден кыйла кеңири чечмеленүүгө тийиш. Атап айтканда Интернетке чыгарманы жайылтуу астында, ал акысыздыгына же акы төлөнө тургандыгына карабай, колдонуучуга чыгармага жетүүгө жана аларды көчүрүүгө шарт түзгөн каалаган аракеттерди түшүнүүнү сунуштайбыз.

## 2.3. Автордук укук системасындагы электрондук китепканалардын укуктук режиминин көйгөйлөрү

Кагаз китепканалар адамдарда маалыматтарды китептерден алуу талаптары жаралганда пайда болгон, ал эми калктын өсүп жаткан сабаттуулугу буга мүмкүндүк берген. Бирок китептер жеткиликтүү товар болбогондуктан, кандайдыр бир маалыматты алууну каалагандар олуттуу чыгымдарды тартпастан аны менен тааныша ала турган жерлерди түзүү зарылдыгы келип чыккан. Маалыматка муктаж адам, авторго жана анын чыгармасын басып чыгарган басмаканага киреше кошуу менен китеп сатып алууга тийиш эле. Бул натыйжада автордун чыгармачылыгына жана басмакана бизнесинин өнүгүшүнө дем берүүгө алып келген.

Китепканалардын максаттуу аудиториясы болуп кимдер саналат? Эреже катары, булар мектеп окуучулары, студенттер, магистранттар, аспиранттар, илимий ишмерлер ж.б. Көрүп тургандай, булар коомдун эң камсыздалбаган бөлүгүнүн өкүлдөрү. Китепканалар системасы бизнес-

ишкана катары эмес, аз камсыздалгандарды окутууда жардам катары түзүлгөн, жана билим берүү системасына өнүгүүгө мүмкүндүк берген.

Китепканаларга чыгармалардын жалгыз нускаларын пайда табуу максаттарысыз, илимий жана окуу максаттары үчүн кайра өндүрүүгө уруксат берген ченемдердин пайда болушу, укук ээсинен чыгарманы пайдаланууга макулдугун суроо жана пайдалануунун ар бир түрү үчүн ага сый акы төлөө зарылдыгын жалпы эрежеден алып салуу болуп саналат. Эрежеден мындай алып салуу автордук укуктун принциптеринин бирин чагылдырган – коомдун кызыкчылыктарынын жана автордук жана башка укук ээлердин укуктарынын акылга сыярлык балансын сактоо.

Санариптик технологиялардын, Интернеттин кеңири мүмкүнчүлүктөрүнүн пайда болушу жана аларды басма маалыматка жетүү маселелесинде дүйнө жүзүнө жайылтуу түзүлгөн укук тартибине карата төңкөрүш жасоодо.

Кыргызстанда азыркы тапта электрондук ресурстарга карата китепканалардын ишин укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” мыйзамынын 20-беренесинин 2-пунктунда гана бекитилген, анда: “Автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн, китепканалар тарабынан мыйзамдуу жол менен жарандык колдонууга киргизилген чыгармалардын нускаларын убактылуу акысыз пайдаланууга уруксат берилет. Мында санарип түрүндө берилген чыгармалардын нускалары, анын ичинде китепкана ресурстарын өз ара пайдалануу тартибинде берилүүчү чыгармалардын нускалары санарип түрүндө ушул чыгармалардын көчүрмөлөрүн кайра чыгаруу жана таратуу мүмкүнчүлүгүн болтурбоо шартында убактылуу пайдаланылууга мүмкүнчүлүк берилет” [73] деп айтылат.

Кыргыз Республикасынын “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамынын 20-беренесинин 2-пунктунда, китепканалар тарабынан санарип түрүндө берилген чыгармалардын нускалары, анын ичинде китепкана ресурстарын өз ара пайдалануу тартибинде берүү

мүмкүнчүлүгү боюнча айтсак, бул жерде санариптик формада бул чыгармалардын көчүрмөлөрүн кайра чыгаруу жана жайылтуу мүмкүнчүлүгүн алып салуу шартында жүзөгө ашырылышы мүмкүндүгү айтылат [73].

Демек, Кыргыз Республикасынын мыйзамы авторлордун жана башка укук ээлеринин укуктарын чектөө жана алып салуу маселесине анчалык олуттуу эмес мамиле кылат. Бирок башка мамлекеттеридин мыйзамдарынан айырмаланып, санарип түрүндө берилген чыгармалардын нускаларын убактылуу пайдаланууга мүмкүнчүлүк “санарип түрүндөгү чыгармалардын көчүрмөлөрүн мындан аркы түзүү мүмкүнчүлүгүн болтурбоо шартында, китепкананын же архивдин ичинде гана” деген талап менен такталбайт. “Санарип түрүндөгү чыгармалардын көчүрмөлөрүн андан ары түзүү мүмкүнчүлүгүн болтурбоо шартында” деген туюндурма каалаган чөйрөнү же аймакты, анын ичинде китепканалардын жана архивдердин ичин түшүндүрүшү мүмкүн. Бирок бул, ченемди чечмелөө маселеси.

Ошондой эле ченемдин кыргыз редакциясында “акысыз” деген шарт жоктугуна көңүл буруу керек. Бул жерден китепканалар тарабынан санарип түрүндөгү чыгармалардын нускаларын убактылуу колдонууга берүү мүмкүнчүлүгү акысыз негизде да жүзөгө ашырылышы мүмкүн, ал эми бул автордук укуктардан алып салуунун өзүнө каршы келет деген пикир жаралышы мүмкүн. Автордук укуктардын бардык чектөөлөрү жана алардан алып салуулар чыгармаларды коммерциялык эмес пайдалануу шартында гана жол берилет.

Андан тышкары, Россия федерациясыны мыйзамдары жогоруда көрсөтүлгөн аракеттерди жүргүзүүгө укуктуу субъекттердин алкагынан билим берүү уюмдарын алып салган жана китепканалар менен архивдердин айлкагын чектеген. 1275-беренеде “Жалпыга жеткиликтүү китепканалар, ошондой эле архивдик документтерге жетүү чектелбеген архивдер” деп айтылат. Россиялык мамлекеттик китепкананын башкы

директору Александр Вислый 2014-жылы сентябрь айында Москва эл аралык китеп көргөзмө-жармаңкесинде өткөн мыйзамдарга киргизилген жаңылыктарды талкулоого катышып жатып, мектептердин, ЖОЖдордун, техникумдардын китепканалары жалпыга жеткиликтүү болуп саналбайт, ошондуктан жалпыга жеткиликтүү китепканалардын катарына кирбесин жана илимий-билим берүүчүлүк мүнөздөгү басылмаларды санарипке өткөрө албасын түшүндүргөн[90]. Ушундай эле мамиле архивдерге да тиешелүү, эгерде архивдер архивдик документтерге жетүүгө чектөө койсо, алар да чыгарманы санарипке өткөрүүгө укуктуу эмес.

Беделдүү юристтердин бири катары, Интернеттин табиятын, укуктук жөнгө салуунун жоктугун эске алуу менен, авторлор өздөрүнүн чыгармаларын Интернетке жайгаштырып жатып, Интернетте автордук укуктарынын корголушунун мүмкүн эместиги жөнүндө түшүнүшөт деген пикирди карманышат. Өзүнүн чыгармасын Интернетке жайгаштыруу фактысынын өзү, анын чыгармачылык эмгегинин продуктусун кеңири жана акысыз пайдаланылышына автордун макулдугу жөнүндө күбөлөндүрөт. Болбосо автор өзүнүн чыгармасын жайылтуунун башка жолдорун жана формаларын издөөгө тийиш[91].

Бирок биздин көз карашыбызда, бул аныктама укуктуу болушу мүмкүн эмес, анткени биз мурдараак айткандай, Интернет бул өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ, чыгарманы жайылтуунун жөн гана жаңы ыкмасы, жаңы мүмкүнчүлүгү. Кыргыз Республикасынын “Автордук жана чектеш укуктар” жөнүндө Мыйзамы, автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн,[73] бирок чыгармасы пайдаланылып жаткан автордун ысымын жана өздөштүрүү булагын сөзсүз көрсөтүү менен, пайда табууну көздөбөй, бирден нускада, окуу жана изилдөөчүлүк максаттар үчүн китепканалар тарабынан жеке адамдардын суроо-талаптары боюнча жыйнактарда, газеталарда жана башка мезгилдүү басылмаларда мыйзамдуу түрдө жарыяланган айрым макалаларды жана чакан көлөмдөгү чыгармаларды, мыйзамдуу түрдө жарык көргөн жазма чыгармаларынын

(сүрөттүү же сүрөтсүз) кыска үзүндүлөрүн кайра чыгарууга жол берилет [73].

Азыркы учурда бардык ири китепканалар Интернетте өздөрүнүн электрондук аналогдоруна ээ. Электрондук китепкана, маалымат электрондук түрдө белгиленген жана сакталган, атайын техникалык каражаттын (компьютер) жана программалык камсыздоонун жардамы менен гана жеткиликтүү болгон китепкананы түшүндүрөт. Эгерде мыйзам чыгарманы кадимки китепканаларда пайдаланууга мүмкүндүк берсе, анда жогоруда көрсөтүлгөн ченем Интернетте жайгашкан электрондук китепканаларга да колдонулушу мүмкүндүгүн түшүнүүгө болот [92]. Бирок практика көрсөткөндөй, Интернеттеги китепкана санарип формасында чыгармаларды чогултуу гана эмес, автордук укуктарды бузуу үчүн жеткиликтүү ыкма да болуп калууда.

Биз Интернеттен өзүбүзгө керектүү маалыматтарды издеген учурда, өзүнүн пайдаланган учурдагы эрежелеринин жана колдонууда кандайдыр бир талаптардын жоктугу электрондук китепканалардан тап-такыр айырмаланган, «китепканалар» деп өзүлөрүн атаган сайттарды кездештиребиз. Алардын мазмуну жана иштөө принциптери башка сайттардан эч кандай айырмасы жокко эсе. Колдонуучу зарыл маалыматты издеген учурда, сервердин өзүндө сакталган көптөгөн маалыматтардын ичинен колдонулуучу талап кылган гана маалыматты автоматтык түрдө таап берүү үчүн түзүлгөн. Мындай программаларды колдонуу ыңгайлуу ыкмасы болуп саналат, анткени интернет-сайттардан маалыматтарды издөөдө көп убакыт сарпталбайт. Бирок маалыматты издөөнүн мындай ыкмасында, сайттын ал тургай анын бир “баракчасын” көчүрүүгө укук ээсинин макулдугун алууга жетишүү мүмкүн эмес, издөө процесси бир нече гана секундду ээлейт. Интернетте электрондук ресурстарды пайдалануу менен, колдонуучулар материалдардын көчүрмөлөрүн аларга жетүүнү жеңилдетүү үчүн (caching) компьютердин эсине көчүрүп кое алышат. Бир катар учурларда мындай көчүрүү колдонуучунун эркин

билдирбестен автоматтык түрдө браузер менен көрүүдө жүзөгө ашырылат. Иш жүзүндө мындай көчүрүү чыгарманы кайра чыгаруу – автордун түпкү мүлктүк укугу болуп саналат.[92,б.131]. Мындай көчүрүүдө жоопкерчилик программалык камсыздоону (издөө программаларын, браузерлерди) түзүүчүлөргө жүктөлүшү мүмкүн.

Бирок автордук укук менен корголгон чыгармаларга жеткиликтүүлүк китепкана тарабынан ачык экенин белгилөө зарыл, мында китепкана автордун же башка укук ээсинин түпкү укугун ишке ашырат – жалпыга маалымдоого чейин жеткирүү укугу мыйзам бузуу болуп саналат. Китептерди же маалыматтарды кандайдыр бир башка материалдык алып жүрүүчүлөрдү сатып алууга зарылдык жокко чыгарылат, бул басмакана бизнесинин негизин начарлатат жана авторлорду алардын кирешесинен ажыратат. Интернеттин масштабын эске алуу менен, чыгарма колдонуучулардын канчасына жеткенин билүүгө болот, ал эми электрондук ресурстарды көчүрүүнүн жеңилдиги электрондук китепканалардын ишин автордук укуктардын коргоо көз карашынан алганда кыйла кооптуу кылат.

Мисалы: Биринчи тарап “Коммерсант. Басма үчү” ЖАК менен экинчи тарап “Публичная библиотека” ЖАК жана “Вектор Инфо” ЖЧК ортосундагы соттук териштирүү мисалы көрсөткүч болуп саналат. Доогер макалаларды жоопкер тарабынан мыйзамсыз колдонулушуна тыюу салуу жана автордук укуктарды бузгандыгы үчүн компенсация өндүрүү жөнүндө талап менен сотко кайрылган. Негиз катары жоопкердин сайтында доогердин кабарчысы тарабынан даярдалган жана башка басылмаларда жарыяланган 82 документтин табылышы болгон. Бул учурда доогердин позициясы белгилүү. Жоопкердин айрым далилдерине кайрылабыз: Россия Федерациясынын 1992-жылдын 9-октябрындагы №3612-1 маданият жөнүндө мыйзамынын 12-беренесине ылайык, ар бир адам маданий баалуулуктарга катышууга, маданияттын бардык тармагындагы китепкана фонддоруна жетүүгө укуктуу; 1994-жылдын 29-декабрындагы №78-ФЗ “Китепкана иши жөнүндө” Федералдык мыйзамдын 14-беренеси,

китепкана иши жагындагы мамлекеттик саясаттын негизинде, китепкана тарабынан чогултулган жана көрсөтүлгөн маалыматтын жалпыга жеткиликтүүлүк шарттарын түзүү принциби жатарын белгилейт. Москва шаарынын Арбитраждык сотунун 2000-жылдын 19-декабрындагы Чечиминде билдирилген талаптарды канааттандыруудан баш тартылган[94].

Мындай талаштарды чечүү үчүн сот адаттагы сайттын (Интернеттеги электрондук ресурстун) электрондук китепканадан айырмасынын так критерийлерине ээ болушу зарыл. Электрондук китепканалардын укуктук статусун мыйзамдар менен бекитүү зарыл. Болбосо Интернетте автордук укуктарды бузуучулардын ар бирине, ал автордук укуктарды бузууда китепканалык максаттарга гана таянганын ырастоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Интернеттеги контрафакттык продукция менен жүргүзүлүп жаткан күрөшкө карабай, бүгүн автордук укуктарды коргоо чараларынын эл аралык, бирдиктүү жана ишенимдүү системасы жок. Интернетте укуктук мамилелердин спецификасы, өзгөчө технологиялык камсыздоону (компьютерлерди, телекоммуникация каражаттарын, программалык продуктуларды) пайдалануу укуктук мамилелердин ар бир катышуучусу үчүн так белгиленген эркин билдирүүнү жана авторизацияны камсыздоосу керек, ал эми бул талаптар улуттук мыйзамдарда да, эл аралык келишимдерде да чагылдырылууга тийиш.

Натыйжада, укук ээлери бул маселелерди Интернетте чыгармаларды техникалык коргоону орнотуу жолу менен, же автордук укуктарды жамааттык башкаруу боюнча уюмдардын жардамы менен, же болбосо бул көйгөйдү көңүл тышында калтыруу менен өз алдынча чечүүгө мажбур.

Скандинавия өлкөлөрүндө, өзүнүн колдонуучуларына убактылуу акысыз пайдаланууга чыгармалардын нускаларын берген китепканалардын, архивдердин жана башка социомаданий мекемелердин иши укук ээлерине зыян келтирет деп таанылат. Алар атайын түзүлгөн фонддордун эсебинен

авторлорго компенсацияларды төлөө жолу менен кетишкен, бирок негизинен  бул төлөмдөр мамлекеттик же жергиликтүү бюджеттер, же болбосо чогултуунун же бөлүштүрүүнүн ар кандай схемалары аркылуу социомаданий мекемелердин өздөрүнүн каражаттары менен камсыздалат. Авторлордун жана китепканалардын укуктарын бирдейлештирүүнүн биринчи мындай уюштуруу-укуктук механизмин өткөн кылымдын 1946-жылы эле Дания түзгөн жана ишке киргизген, андан кийин Норвегия жана Швеция уланткан.  Норвегияда 1987-жылы ал тургай “Авторлордун китепканалар тарабынан алардын эмгектерин кеңири коомго көрсөткөндүгү үчүн компенсацияга укуктары жөнүндө” атайын мыйзам кабыл алынган  [94].

Азыркы учурда каралып жаткан маселелерде маанилүү роль жарандык коом институттарына: жалпыга маалымат каражаттарына, билим берүү мекемелерине, коомдук уюмдарга берилет. Мамлекеттик органдар менен биргеликтеги аракеттер менен, колдонуучулардын укуктук жактан кабардар эместигин жоюу, алардын Тармактагы укуктарын жана милдеттерин билүүгө жетүү.

**Тыянак:** Чыгармаларды китепканалык максаттарда пайдалануу жөнүндө далилдерди колдонуунун негизинде автордук укуктардын бузулушун четтетүү максатында адаттагы сайттын (Интернетте маалыматтык ресурсту) электрондук китепканадан айырмасынын так критерийлерин белгилөө. Электрондук китепканалардын укуктук статусун мыйзамдар менен аныктоо зарыл.

# 3-ГЛАВА. УЛУТТУК МЫЙЗАМДАРДЫ ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

## 3.1. Интернетте провайдерлердин ролу жана Тармакта автордук укуктарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилиги

Интернет тармагында автордук укуктардын объекттерин пайдалануу мүмкүнчүлүгү интернет провайдерлер деп аталган атайын субъекттер, маалыматтык ортомчулар деп аталган интернет-ресурстардын операторлору интернет-кызматтардын операторлору тарабынан камсыздалат.

Интернет – бул дээрлик бүткүл дүйнөнү камтыган глобалдуу, трансчекаралык, коммуникациялык тармак. Бул тармактын пайда болушу XX кылымдын техникалык жетишкендиктерине негизделет жана абдан чоң өткөрмө кубаттуулуктагы магистралдык каналдарды төшөө аркылуу жүзөгө ашырылат, бул каналдар жерге гана эмес, океандардын түбүнө да жайгаштырылган.

Каналдарды төшөө боюнча дүйнө жүзүндө мындай чыгашалуу жумуштар ондогон компаниялар тарабынан жүргүзүлгөн, дал ошолорду менчигинде аларга биринчи деңгээлди камсыздап турган магистралдуу интернет-түйүндөрү бар магистралдык провайдерлер же биринчи деңгээлдеги провайдерлер деп аташат. Негизги провайдерлер трафиктин ири өлчөмөрүн гана көзөмөлдөшөт. Өз алдынча континенттерде жайгашкан континенттер аралык он баштапкы провайдерлер трафикти бир өлкөнү же анча чоң эмес өлкөлөрдүн топторун тейлеген, континенталдык, улуттук же регионалдык операторлорго сатышат. Аларды экинчи провайдерлер деп аташат, алар өз учурунда магистралдык провайдерлерден байланыш каналдарын ижарага алышып, каналды Интернеттин абоненттерин тикелей башкарган жергиликтүү провайдерлер аркылуу сунушташат.

Интернетке жетүү үчүн жергиликтүү провайдерлер менен Тармакка жетүү боюнча кызматтарды көрсөтүү жөнүндө келишим түзүү зарыл, келишим түзүлгөндөн кийин провайдер колдонуучуга уникалдуу IP-даректи берет, Интернетте бул даректер боюнча ар бир компьютерди идентификациялоого мүмкүн, жана сиздин компьютерди бул даректер менен Интернетке туташтырат. Ошондуктан провайдерлерди маалыматтык ортомчулар деп эсептешет, алардын аркасы менен колдонуучуда Интернетке жетүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Интернетте өзүнүн сайтын жайгаштыруу үчүн провайдер менен келишимдин башка түрүн – хостинг келишимин түзүү зарыл. Бул келишим колдонуучуга, акы төлөө менен провайдердин серверинде бош диск мейкиндигин алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Тармактагы катышуучулардын өз ара аракеттеринин механизминин өзгөчөлүктөрүн талдоо, байланыштын телематикалык кызматтарын (ар түрдүү онлайн-сервистер, веб-сайттардын хостинги; IP-телефония, үн почтасы; GPS навигациялык системасы, Glonass; аралыктан окутуу, онлайн-курстар, лекциялар, консультациялар ж.б.) көрсөткөн интернет провайдерлерден тышкары, маалыматтык ортомчуларга ошондой эле, маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарда автордук чыгармаларды колдонууга ылайыктуу маалыматтык ортомчулардын белгилерине көбүрөөк ээ болгон, социалдык Интернет-ресурстардын (торрент-трекерлер, социалдык тармактар ж.б.) жана файлдарды алмашуу операторлорун да киргизерин көрсөттү.

Провайдерлердин жоопкерчилиги, убакыттын каалаган учурунда өздөрүнүн колдонуучуларынын маалыматтык коомдук мамилелерине таасир берүүнүн уюштуруу-техникалык мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигине негизделет. Таасир берүү формасы ар түрдүү болушу мүмкүн: маалыматтык алмашууну блоктоодон берилген маалыматтардын мазмуну жөнүндө үчүнчү жактарды  маалымдоого чейин [95].

Провайдерлерди айрым укуктардын бузулушуна бөгөт коюу милдетинен бошотуу көп учурларда айрым укуктарды коргой албагандыкты түшүндүрмөк, анткени укук ээсин, файлды жайгаштырган таптакыр белгисиз жана ойлоп табылган ысымга жашынган жеке жак менен жекеме жеке калтырмак. Дал ошондуктан дүйнөлүк юридикалык практика, провайдерлерди интернет-пиратчылыктан коргоо мамилелерине тартууда турган, бирок аны менен катар аларды, алардын контролдук чөйрөсүнөн тышкары турган башка жактардын аракеттери үчүн жооп берүүнү мажбурлабаган, кызыкчылыктардын адилеттүү балансын дайыма издөөдө болот. Бул жерде укукка белгилүү болгон мамиленин пайда болушун байкайбыз: ал тургай жак башка укукту бузгандыгына күнөөсүз болсо, бирок аны жабырлануучуга караганда, чыныгы укук бузуучу менен белгилүү бир мамилелер кыйла көбүрөөк байланыштырса, анда жабырлануучуга бул жактан өзүнүн мыйзамдуу кызыкчылыгын канааттандырууну алуу мүмкүнчүлүгү,  ал эми ага – чыныгы укук бузуучудан регрессивдүү талаптардын мүмкүнчүлүгү берилет [96].

Улуу Британия “Санариптик экономика жөнүндө” мыйзамында (Digital Economy Act 2010)[97] провайдерге таасир этүү жолу менен ресурска жетүүгө чектөө киргизген. Интернет-ресурста чагылдырылган чыгармада эгер укук ээсинде анын автордук укуктарынын бузулуу фактысы бар деген күмөн саноо жаралса, анда ал талаштуу контент жайгашкан ресурска жеткиликтүүлүккө сот аркылуу тыюу салынышына талап коюуга (blocking injunction) укуктуу. Автордук укуктардын бузулушуна материалдык жоопкерчиликти өзүнөн алып салуу үчүн провайдер, өз кезегинде интернет-ресурстун колдонуучуларынын алдында беделин сактап калуу үчүн, жабдыктарды берген жана укук бузууга жол бергендиги үчүн, уруксатсыз жана мыйзамсыз контентти көптөгөн жолу жайылткан жарандын аккаунтун автордун арызы боюнча блоктоо жолу менен укуктун бузулушун токтотууга милдеттүү. Мындай чектөө киргизүү менен, мыйзам чыгаруучу провайдерге, тармактык ресурстун

колдонуучусун, эгерде ал тараптан кимдир бирөөнүн автордук укуктары көп жолу бузулган болсо, Интернет тармагына жетүүнү блоктоо укугун берген. Шведдик мыйзам жарыялар тактасынын ээсинин жоопкерчилигин карайт (Act (1998:112) on Respon sibility for Electronic Bulletin Boards). Алар, эгерде жарыяларда камтылган маалыматтар жазык жана жарандык мыйзамдардын ченемдерин бузса, билдирүүлөрдү (автордук укукка тиешелүү) өчүрүүгө милдеттүү [98,б.231].

Орусиялык авторлор, интернет-сайттын баракчаларына маалыматтарды жайгаштырган колдонуучуну аныктоо мүмкүндүгүнө жараша, аларга жайгаштырылган маалыматтын мыйзамсыздыгы үчүн сайттардын ээлеринин жоопкерчилигин кароону сунушташат. Андыктан аны аныктоо мүмкүн болбосо, жана маалыматтар купуя болсо (дал купуя болуу мүмкүндүгү интернет-коммуникациянын мүнөздүү өзгөчөлүгү катары чыгары белгилүү), тийиштүү жоопкер катары маалыматтар жайгаштырылган интернет-сайттын ээси чыгууга тийиш[99].

Сайттардын ээлери мындай учурда, чагымчыл билдирүүлөрдү сайтка жайгаштырган факты катталган учурда, сайттын ээсин төмөндөгүдөй билдирүүлөр кездешкен учурда жоопко тартылуусу сунушталат, эгерде:

- мыйзамга туура келбеген билдирүү сайтта дээрлик узак убакытка чейин турса;

- колдонуучулардын дээрлик баардык тобуна чектөөсүз жеткиликтүү болсо;

- сайттын ээси билдирүүнү өчүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп туруп, аны көпкө чейин жасабаса.

Провайдерлердин жоопкерчилигине карата АКШнын мыйзамдарын күчөтүү, АКШдан мыйзамсыз контент менен сайттарды кыйла лоялдуу мыйзамдар менен Латын Америка өлкөлөрүнө жапырт которууга алып келген [100]. Мындай окуялар, Интернетте автордук укуктун объектилерин улуттук укуктук ченемдик мыйзамдар менен ишенимдүү укуктук коргоону баардык жактан камсыздоого болбой тургандыгынын бирден-бир мисалы

болуп саналат. Интернетте автордук укуктун бузулуу чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү төмөндөгүдөй жолдор менен чечүү мүмкүн:

- интернетте автордук укукту коргоо боюнча эл аралык макулдашуулардын кабыл алуунусу керек жана андай келишимдерди кабыл алууга катышууга көбүрөөк өлкөлөр кызыктар болуусу зарыл;
- баардык өлкөлөр арасында эл аралык деңгээлде бүткүл дүйнөлүк автордук укукту коргоо боюнча коомчулуктун макулдашылган ишинин жүрүшүн камсыздалышы зарыл.

Австралиянын укук колдонуучулук практикасы тармакта автордук укуктарды бузгандык үчүн интернет-провайдерден жоопкерчиликти алуу жолу боюнча кетти. Columbia Pictures Industries, Disney Enterprises, Paramount Pictures ж.б.у.с. сыяктуу ири медиялык компаниялар, австралиялык провайдер болуп саналган iiNet Limited кардарларына тармактан тасмаларды мыйзамсыз көчүрүп алууга тыюу салууну талап кылышкан.

Мурдараак кабыл алынган чечим боюнча, көчүрүп алуучу жабдыкты даярдоочу ал кандай ыкма менен колдонулары үчүн жоопкерчиликти тартпайт, чечим чыгарууда сот ушул мурда кабыл алынган чечимге шилтеме жасаган. Ушул учурга чейин топтолгон тажрыйба көрсөткөндөй, көпчүлүк юристтер кандай деңгээлдеги провайдер болбосун, Интернетте автордук укукту  бузгандыгы үчүн провайдерлер жоопкерчилик тартууга тийиш, бирок биринчи кезекте бул укук бузуунун жоопкерчилигининин чек арасын аныкталышы керек деген пикирди карманып келишет. Мындай көз караш, эл аралык укукта да жана көптөгөн өлкөлөрдүн улуттук укугунда да байма-бай кездешет.

Эл аралык укуктук жөнгө салуунун маанилүү маселелеринин бири болуп провайдерлердин жоопкерчилиги эсептелет. Интернет тармагы административдик чек араларга ээ болбогондуктан, бардык континенттерге биринчи деңгээлдеги провайдерлер аркылуу кеңири таралып жаткандыктан, глобалдуу түйүндөрдүн жана электрондук коммерциянын

туруктуу түрдө өсүшүнө салым кошуу үчүн, Интернет тармагындагы баардык коомдук мамилелердин субъектилеринин жоопкерчилиги жөнүндө маселени жөнгө салуу ыкмасы бүт дүйнөдө  бирдей окшош болушу абзел. Алар бирдей болуусу милдеттүү эмес, алар өз ара ишке жөндөмдүү болууга тийиш.

Провайдердин жоопкерчилигине тиешелүү кыйла кеңири укук колдонуучулук практика АКШда түзүлгөн. 1998-жылы санарип дооруна автордук укук жөнүндө Мыйзам кабыл алынган (Digital Millennium Copyright Act - DMCA). Ал автордук укук жөнүндө жана аткаруулар жана фонограммалар боюнча ДИМУ келишимдерин ишке киргизүү максатында иштелип чыккан. Интернетте укук ээсинин автордук укуктары бузулган болсо, аны ошол эле учурда  укук ээси тарабынан табылган болсо, ал DMCA 512 (с) (3) бөлүмүнүн талаптарында каралаган, чектөө жөнүндө Кабарлоо (takedown notice) менен өз укутарын коргоо максатында провайдерге кайрыла алат. Ал пираттык контентти тапкандан кийин, анын жайгашкан оорду камтылган маалыматты жана арыз берүүчү өзү жөнүндө байланыш даректери, ошондой эле анын кол тамгасы Кабарлоого камтылууга тийиш. Кабарлоодо арыз берүүчү, ал бузуучу тарабынан контентти колдонууга укук ээсинин уруксаты, же башка укуктук негиздер жоктугуна чын дилинен ишенгенин тастыктоого милдеттүү. Арыз берүүчү корутундуда жалган маалыматтарды көргөзгөндүгү үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертилгенин тастыктоого тийиш, бул интернетке талаштуу материалды жүктөгөн колдонуучунун кызыкчылыктарын коргоонун да кепилдиги болот.

Арыз берүүчү Кабарлоодо, ал бузуучу тарабынан контентти колдонууга укук ээсинин уруксаты, же башка укуктук негиздер жоктугуна ак ниет менен ишенгенин тастыктоого милдеттүү. Аталган  талап мыйзамда ак ниеттүү колдонуучуларды абийирсиз атаандаштардан тосуу үчүн пайда болгон, анткени эгерде Арыз берүүчү провайдерди атайылап адаштырууга алып келгени далилденсе, анда ага укук ээсине, колдонуучуга жана

провайдерге келтирилген, Кабарлоону аткарууда тартылган бардык чыгымдардын ордун толтуруу милдети жүктөлөт.

Мындай Кабарлоону алуу менен, провайдер өзүнүн Интернет-ресурсунан талаштуу контентти тезинен өчүрүүгө, ошондой эле колдонуучуга ушундай кабарлоо алганы жөнүндө билдирүүгө тийиш [101].

“Колдонуучуларга веб-сайттарды, мобилдик түзүлүштөрдү, блогдорду жана электрондук почтаны пайдалануу менен Интернет аркылуу өздөрүнүн жеке жана автордук видеоклиптерин бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк берген, Тармакка видеолорду жайгаштыруу боюнча хостингди” көрсөткөн YouTube компаниясы, “коопсуз гавани” жөнүндө жобонун негизинде жоопкерчиликтен бошотуу тууралуу билдирген. YouTube’дун өкүлдөрү, компания жоопкерчилик иммунитетин пайдаланарын айтышкан, анткени автордук укуктардын бузулушуна контролдук кылуу түйшүгүн биринчи кезекте укук ээси тартат жана компания өзүнүн сайтында мыйзамсыз контентти издөөгө милдеттүү эмес. 2010-жылдын июнь айында, сот YouTube’дун пайдасына чечим чыгарган [102].

Францияда 2004-жылы 21-июнда “Санариптик экономикага ишеним жөнүндө” мыйзам кабыл алынган, ал интернет провайдерлердин жоопкерчилигин караган жана, почталык жана электрондук билдирүүлөр кодексине беренени киргизген [103].

Аталган беренеде, маалыматтык-телекоммуникациялык тармакка материалды жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүн көрсөткөн маалыматтык ортомчуну жоопкерчиликтен бошотуу өзүнчө айтылат. Маалыматтык ортомчу бир эле убакта төмөнкүдөй шарттарды сактаганда жоопкерчиликтен бошотулат:

“1) ал, мындай материалда камтылган интеллектуалдык иштин тийиштүү жыйынтыгын же индивидуалдаштыруу каражатын пайдалануу мыйзамсыз болуп саналарын билген эмес жана билүүгө тийиш эмес болгон;

2) ал, мындай материал жайгаштырылган сайттын бетин жана (же) Интернет желесиндеги тармактык даректи көрсөтүү менен

интеллектуалдык укуктарынын бузулушу жөнүндө укук ээсинин жазуу жүзүндөгү арызын алган учурда, интеллектуалдык укуктардын бузулушун токтотуу үчүн зарыл жана жетиштүү чараларды өз убагында кабыл алган болсо”[104].

Арыз менен бирге маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарда түпкү укуктардын объекттерин пайдалануу фактысын жана арыз берүүчүнүн бул объекттерге укугун тастыктоочу документтер берилет. Арыз берүүнү жеңилдетүүгө болот, анткени арызды Интернет тармагындагы расмий сайтта жайгаштырылган форманы толтуруп, квалификацияланган электрондук кол тамганы коюу аркылуу берүүгө болот. Арызды карагандан кийин сот иш боюнча аныктама чыгарат.

Маалыматта көйгөйдү системалуу чечүү, байланыш оператору тарабынан тосмо коюуну жүргүзүү ыкмасын аныктоо укугун ведомствого ченемдер менен бекитүүдө тургандыгы айтылган[105,б.133-137].

Түзүлгөн кырдаал күбөлөндүргөндөй, тармакта автордук укуктун бузулушу үчүн мыйзамсыз контентти тараткан жак (телекоммуникациялык кызматтарды керектөөчү), же болбосо веб-сайттын ээси жооп берет, бул түздөн түз бузуучуну аныктоо кыйындыгынан улам көбүрөөк учур болуп саналат. Бул идея, Украинанын Жогорку сотунун Пленумунун 2009-жылдын 27-февралындагы № 1 токтомунда эле белгиленген, анда төмөнкүдөй көрсөтүлгөн: эгерде таратылган маалыматтын автору белгисиз болсо, ошондой эле эгерде маалымат купуя жана сайтка жетүү эркин болсо, тийиштүү жоопкер маалыматтык материал жайгаштырылган сайттын ээси болот, анткени ал анык эмес маалыматты таратуу үчүн технологиялык мүмкүнчүлүктү жана шарттарды түзгөн. Көрсөтүлгөн укуктук позиция жеке жактын кадыр-баркын жана ар-намысын, ошондой эле жеке жана юридикалык жактын ишкердик беделин коргоо жөнүндө ишти кароо практикасына тиешелүүлүгүнө карабай, бул концепция, көрсөтүлгөн укуктук позиция жеке жактын кадыр-баркын жана ар-намысын, ошондой эле жеке жана юридикалык жактын ишкердик беделин коргоо жөнүндө

ишти кароо практикасына тиешелүүлүгүнө карабай, Интернетте автордук укуктардын бузулушу жөнүндө иштерде байма-бай кездешип келет. Учурдагы мыйзамдар менен, автордук укуктарды сактоо боюнча провайдерлердин жана телекоммуникациялардын операторлорунун милдеттерине тиешелүү төмөнкүдөй негизги жоболор каралган: (1) провайдерлер жана операторлор хостинг кызматтарын көрсөтүүдө колдонуучулардын аракеттери үчүн жоопкерчиликти тартпайт, эгерде алар колдонуучулардын аракеттери тууралуу билбеген болсо жана маалыматты алгандан кийин маалыматты жайгаштырууну жана ага жеткиликтүүлүктү токтотсо; ошол эле мезгилде, (2) провайдерлер жана операторлор алардын тармактары аркылуу берилген маалыматтардын мазмуну үчүн жоопкерчилик тартпайт жана анын мазмунун контролдоого укуктуу эмес, ошондой эле (3) тармак аркылуу көрсөтүлгөн каалаган кызматтарга, маалыматтарга жана товарларга карата эч кандай кепилдиктерди бербейт[106].

Бул эгерде провайдер берилип жаткан маалыматтын мыйзамыздыгы жөнүндө билген учурда өз убагындагы аракеттерди көргөн шартта (мисалы, жетүүгө тосмо коёт) да иштейт. Андан тышкары, провайдер хостинг кызматтарын көрсөтүүдө, эгерде колдонуучунун мыйзамыз маалыматтык иши тууралуу билбеген болсо жана бул тууралуу маалыматты алгандан кийин жайгаштырууну токтотсо же маалыматка жетүүгө тосмо койсо колдонуучунун аракеттери үчүн жоопкерчиликти тартпайт.

Европа биримдигинин 2001-жылдын 22-майында кабыл алынган № 2001/29/ЕС “Маалыматтык коомдо автордук укуктун жана аралаш укуктун айрым аспектилерин шайкеш келтирүү жөнүндө” Директивасынын (Маалыматтык коом жөнүндө Директива) киришүү жоболорунун 27-пункту, коомго жайылтуу үчүн техникалык мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүү провайдердин өзү тарабынан жүзөгө ашырылган жайылтуу деп саналбай турганын түшүндүрөт [41].

Интернет-провайдерлерге алардын инфратүзүмү аркылуу өткөн же анда сакталган бардык маалыматтарды текшерүү милдетин жүктөйт. Эгерде интернет провайдерлерге алар аркылуу өткөн маалыматтардын мазмунуна контролдук жана көзөмөлдүк кылуу милдети жүктөлсө, анда алар бүт бардык ишин кайра түзүүгө туура келери дароо түшүнүктүү болот, анткени алардын ишмердик түрү берилген маалыматтын өзү менен эч кандай байланышта эмес. Мындай милдетти аткаруу абдан кыйын болот.

Интернет провайдерлердин иши ижарага берген жактардын ишине контролдук кылуудан эмес, «ижарага берүүдөн» пайда табууга максатталган. Кубаттуулукту “ижарага” берген ээси, андан кубаттуулукту “ижаралаган” жактар тарабынан башка укуктардын бузулгандыгы жөнүндө маалымат алган болсо, анда адилеттүүлүк үчүн жоопкерчиликти тартууга тийиш, бирок ал “ижарачылар” менен келишимди бузуу жана маселени чечүү боюнча эч кандай чараларды көрбөйт. Интернет провайдерлер тармактардын цензорлоруна айланып калышы, берилген маалыматтардын баардык мазмуну үчүн контрол жана көзөмөл жүргүзүү боюнча милдетин интернет провайдерге жүктөөнүн башка аспектиси болуп эсептелет. Бул болсо сөз эркиндигине, цензураны тыюу салууга жана мыйзамдарда тыюу салынбаган каалаган ыкма менен маалыматты эркин таратуу укугуна карата конституциянын ченемдерин бузуу коркунучун түзүшү мүмкүн.

Чогултулган материалдарды карап жана талдап чыгып төмөнкүдөй корутундуга келебиз: Кыргыз Республикасы жогоруда көрсөтүлгөн эл аралык макулдашууларга – 2000-жылдагы Европа биримдигинин электрондук коммерция жөнүндө Директивасына, 2001-жылдагы Европа биримдигинин маалыматтык коом жөнүндө Директивасына катышпаса жана бул документтер биздин өлкө үчүн укуктун булагы болуп саналбаса да, алар провайдерлердин жоопкерчилигине карата бул жөнөкөй эмес маселеде европалык өлкөлөрдүн тажрыйбасын чагылдырган жоболорду камтыйт. Директивалардын жоболору провайдерлердин жоопкерчилигин укуктук жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүнө жарык берет жана багыт боло

алышы мүмкүн. Ал эми Кыргыз Республикасы ДИМУнун автордук укук боюнча Келишимдин (АУК) катышуучусу болуп саналарын эске алуу менен, ал өзүнүн улуттук мыйзамдарына ушул келишимдин жоболорун трансляциялоого тийиш эле. Сөз ДИМУнун автордук укук боюнча Келишимдин (АУК) 8-беренесинде каралган жобо тууралуу болуп жатат, анда "билдирүү жасоого мүмкүндүк берген каражаттарды жөн гана көрсөтүү, ушул Келишимдин же Берн конвенциясынын маанисинде билдирүүнүн өзү болуп саналбайт" деп айтылат.

Каралып жаткан чөйрөдөгү чет мамлекеттердин улуттук тажрыйбасын, эл аралык макулдашуулардын жоболорун, окумуштуулардын теориялык эмгектерин, эксперттердин жана адистердин практикалык тажрыйбаларын изилдөө белгилүү тыянактарга жана сунуштарга алып келген.

**Тыянак:** Кыргыз Республикасынын "Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө" мыйзамынын 4-беренесине маалыматтык ортомчу түшүнүгүн киргизүү. Мында бул түшүнүктүн маанисин ачып көрсөтүү зарыл: "**Маалыматтык ортомчу** – бул уюм:

а) телекоммуникациялык тармактарга, анын ичинде Интернетке маалыматты берүүнү жүзөгө ашыруучу;

б) телекоммуникациялык тармактарга, анын ичинде Интернетке маалыматты жайгаштыруу, ага жетүү, алмашуу мүмкүнчүлүгүн берүүчү;

в) телекоммуникациялык тармактарды, анын ичинде Интернетти пайдалануу менен башка маалыматты алуу үчүн зарыл болгон маалыматты көрсөтүүчү".

Интернет-ресрустардын операторлору катары төмөнкү Интернет-сайттарды аныктоо сунушталууда:

- укук ээлеринин уруксатысыз чыгармаларга (акы төлөнүүчү да, акысыз да) жеткиликтүүлүктү берген сайттар.

- колдонуучуларга өздөрүнүн контентин өз алдынча жүктөө мүмкүнчүлүгүн берген жана чыгармаларды жайгаштыруунун

мыйзамдуулугуна текшерүү жүргүзбөгөн социалдык тармактар, файлдарды сактоочулар.

- колдонуучулардын компьютерлеринин ортосунда чыгармалар менен түз алмашууну жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берген торрент-трекерлер.

Кыргыз Республикасынын «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренесине маалыматтык ортомчу түшүнүгүн киргизүү. Мында бул түшүнүктүн маанисин ачып көрсөтүү зарыл: “**Маалыматтык ортомчу** – бул Интернет тармагына жетүү кызматын жана муну менен бирге байланышкан башка кызматтарды көрсөткөн уюм”.

“Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына төмөнкүдөй мазмундагы жаңы беренени киргизүүнү сунуштайбыз:

“48-1-берене. Интернет тармагында автордук жана чектеш укуктарды бузгандыгы үчүн маалыматтык ортомчунун жоопкерчилиги.

Маалыматтык ортомчу, ал тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарды пайдалануу менен жасалган, автордук жана чектеш укуктарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти тартпайт, эгерде ал:

1) автордук жана чектеш укуктардын объекттерин берүүнү демилгелебесе, аларды алуучуну тандабаса жана берүү учурунда алардын бүтүндүгүнө таасир тийгизбесе;

2) автордук жана чектеш укуктардын объекттерин пайдалануунун мыйзамсыздыгы жөнүндө анык маалыматтарга ээ болбосо (башкача айтканда, автордук жана чектеш укуктардын тиешелүү объекттерин пайдалануунун мыйзамсыздыгы жөнүндө билбеген жана билүүгө тийиш эмес болгон болсо);

3) укуктары бузулган жактан (же анын өкүлүнөн) укуктардын бузулушу жөнүндө арыз алгандан кийин автордук укуктардын бузулушун токтотуу үчүн зарыл чараларды кабыл алса.

Күнөөсүнүн жоктугун далилдөө түйшүгү маалыматтык ортомчуга жүктөлөт”.

Провайдерлер менен ушул провайдерлер тарабынан тейленген Интернет-сайттарда укуктары бузулган фактыны байкаган укук ээсинин өз ара аракеттенүүсүнүн төмөнкүдөй тартибин бекитүү сунушталат:

1. Автордук укуктарынын бузулушун байкаган укук ээси, Интернет-ресурстун операторуна (маалыматтык ортомчуга) төмөнкүлөрдү камтыган арыз менен кайрылууга укуктуу:

а) арыз берүүчүнү бир маанилүү идентификациялоого мүмкүндүк берген маалыматтар (өкүл тарабынан арыз берилген учурда – ошондой эле анын ыйгарым укуктарын тастыктаган документтер), арыз берүүчүнүн байланыш маалыматтары;

б) укуктар бузулган автордук укук объектилердин тизмегин жана аталыштарын; алардын тармакта жайгашкан даректерин;

в) арыз берүүчүнүн бул объектилерге тиешелүү укуктарын тастыктаган маалыматтар;

г) дооматтын мазмунун кыскача баяндоо;

д) арыз берүүчү көрсөтүү зарыл деп эсептеген башка маалыматтар.

2. Маалыматтык ортомчу өзүнүн Интернет-ресурсунда талаштуу контентке жеткиликтүүлүктү блоктоого, ошондой эле ушул маалыматтык ортомчу тарабынан көрсөтүлгөн кызматты пайдалануу менен укуктун бузулушуна жол бергендиги болжолдонгон жакка, мындай арызды алгандыгы тууралуу билдирүүгө милдеттүү.

3. Укуктун бузулушуна жол бергендиги болжолдонгон жак маалыматтык ортомчуга, автордук укуктун талаштуу объектилерин пайдаланууга анын тиешелүү укуктары бар экендигин тастыктаган маалыматтарды арыз берүүчүгө көрсөтүү үчүн жөнөтүүгө укуктуу.

4. Эгерде жак ага билдирилген учурдан тартып 10 күндүн ичинде көрсөтүлгөн аракеттерди жасабаса, маалыматтык ортомчу өзүнүн Интернет-ресурсунан талаштуу контентти өчүрүүгө милдеттүү. Автордук

укуктун объекттерин мыйзамсыз пайдалануу менен келтирилген зыян, жарандык-укуктук тартипте арыз берүүчү тарабынан өндүрүп алынышы мүмкүн.

5. Эгерде жак маалыматтык ортомчуга каршы пикир жөнөтсө жана автордук укуктун талаштуу объектисине тиешелүү укугу бар экендигин тастыктаган маалыматтарды көрсөтсө, маалыматтык ортомчу арыз берүүчүгө каршы пикир жөнөтөт жана кандайдыр бир аракеттерди жасоону токтотот, жак менен арыз берүүчүнүн ортосундагы талаш соттук тартипте чечилүүгө жатат.

6. Эгерде арыз берүүчү укуктун бузулушуна жол бергендиги болжолдонгон жактан каршы пикир алган учурдан тартып 15 күндүн ичинде сотко доо арыз бербесе, маалыматтык ортомчу өзүнүн Интернет-ресурсунан талаштуу контентке жеткиликтүүлүктү ачат. Бул учурда жакка, укук ээсине, маалыматтык ортомчуга келтирилген чыгымдар жарандык-укуктук тартипте арыз берүүчүдөн өндүрүп алынышы мүмкүн.

7. Талаш сот тарабынан каралган учурда автордук укук менен кайтарылган объектилерди камтыган маалыматтарды толук өчүрүүнү маалыматтык ортомчу соттун чечими боюнча жүзөгө ашырат.

8. Маалыматтык ортомчу талаштуу контентти этияттык менен сактоого жана талаштуу жагдайдын толук чечилишине чейин кызыкдар компетентүү мамлекеттик органдардын талабы боюнча көрсөтүүгө милдеттүү.

Маалыматтык ортомчуларга колдонуучулар менен түзүлгөн келишимдерге, маалыматтык ортомчунун укуктары жана милдеттери жөнүндө шарттарда, үчүнчү жактардан көрсөтүлгөн кызматтарды пайдалануу менен чыгармага автордук укуктун колдонуучу тарабынан бузулушуна тиешелүү анык маалыматтарды жана негизделген дооматтар алынган учурларда колдонуучуга байланыштын телематикалык кызматтарын көрсөтүүнү токтотуп турууну (андан ары толук токтотууну) кошуу сунушталат.

Маалыматтык ортомчунун төмөнкүдөй укуктарын мыйзамдар менен бекитүү зарыл:

- корголгон объекттерди камтыган маалыматты өчүрүп салуу;

- колдонуучу тарабынан кимдир бирөөнүн автордук укуктары бир нече жолу бузулган болсо, колдонуучуга Интернет желедеги тармактык ресурска жеткиликтүүлүгүн блоктоо.

- Интернетте автордук укуктарды бузуу менен байкалган колдонуучуларга байланыш кызматтарын көрсөтүүдөн баш тартуу.

## 3.2. Интернетте автордук укуктун объекттерин мыйзамсыз пайдаланууну коргоо

Азыркы дүйнөдө интеллектуалдык менчик олуттуу ролду ойнойт, ал эми аны менен байланышкан маселелерге олуттуу көңүл бурулат. Цивилизацияны өнүктүрүүнүн тарыхы коомдун өнүгүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү илимдин, техниканын жана маданияттын өнүгүү деңгээли болуп саналарын көрсөтөт. Бул деңгээл канча өнүккөн болсо, коомдун экономикасы да ошончо өнүккөн. Коомдун экономикалык жана социалдык өнүгүүсү илимдин, техниканын жана маданияттын өнүгүүсү менен, демек анын жеке интеллектуалдык чыгармачылыктын продуктусу болуп саналган коомдун интеллектуалдык менчигинин укуктук коргоолуу деңгээли менен байланыштуу. Автордук укуктарды коргоо маселелерине коомдук мамилелер коомдун өзүнүн көрүнүктүү мүнөздөмөсү болуп саналат. Чыгармачылык канчалык бааланып, автордук укуктар сакталса, мында коомдун цивилизациянын деңгээли ошончолук жогору экендигин баамдоого болот.

АКШ интеллектуалдык менчик улуттук институтунун директору, профессор Джеймс Чандлер (James Chandler) кезектеги студенттик иштерди текшерүү учурунда көпчүлүк бөлүгү башка ишти кайталаган ишке туш болгон. Декан жана ректорат тарабынан чакырылган комиссиянын чечими боюнча студент юридикалык колледжден чыгарылган. Мында профессор Чандлер мындай негиз менен юридикалык колледжден чыгарылган студент АКШнын аймагындагы башка юридикалык колледжге кабыл алынуу мүмкүндүгү болбойт, анткени келечектеги юрист өзүнүн карьерасын көчүрүүдөн, б.а. интеллектуалдык менчикти бузуу менен баштагандыгы коомдо акылга сыярлык эмес деп эсептеген. Бирок иш муну менен эле бүтүп калган эмес. Окуудан чыгарылып калган мындан аркы юридикалык карьерасына жол жабылганын билген студент, кесипкөй жактоочуга кайрылып, анын жардамы менен окуудан чыгаруу жөнүндөгү окуу жайдын жетекчилигинин чечимин артка кайтаруу талабы менен сотко кайрылган. Соттун чечими америкалык коомдо автордук укуктун маанилүүлүгүн, интеллектуалдык менчиктин жогорку денгээлин дагы бир жолу баса белгиледи. [107,б.104].

Бирдиктүү укук мейкиндиги менен жөнгө салуунун жоктугу, Интернеттин трансчекаралык, глобалдык мүнөзү, мамилелердин мыйзамдык жөнгө салынбагандыгы санарип чөйрөсүндө корголгон чыгармаларды мыйзамсыз жайылтуу жана пайдалануу түрүндө авторлордун жана башка укук ээлеринин укуктарын жапырт түрдө бузууга алып келди.

Маалыматтык тармактын өнүктүрүү акырындык менен дүйнөнү бирдиктүү маалыматтык жана коммуникациялык мейкиндикке айлантат. Интернетте автордук укуктарды коргоо менен байланыштуу келип чыккан көйгөйлөр баарынан мурда глобалдуулук, экстроаймактык, жалпыга жеткиликтүүлүк, интерактивдүүлүк, жашырындуулук сыяктуу дүйнөлүк тармактын өзүнүн касиеттери менен шартталган[108].

Интернет салыштырмалуу тез, жөнөкөй жана арзан алууга мүмкүндүк берет. Интернет тармагы боюнча маалыматтарды жайылтуу жөнөкөй почтага караганда 720 эсе тез жана 355 эсе арзан. Оттавадан Токиого 42 беттик документти факсимилдик жөнөтүү 31 мүнөттү алат жана 24,49 доллар турат, ал эми Internet боюнча – 20 мүнөт жана 11 центти алат[109].

Көп сандагы чыгармаларды укук ээсинин уруксатысыз, анын билдирүүсүсүз, контролсуз Тармакта жайылтуу акысыз. Булар ар түрдүү тексттер, ЖМК басма жана электрондук материалдары, программалык камсыз кылуу, ТВ маалыматтары. Интернетте чыгармаларды жайылтуу укук ээсинин эркинен көз каранды эмес, Тармакка түшкөнү гана мааниге ээ. Бул чыгарма санарип чөйрөсүнүн бардык катышуучулары үчүн ээлөөнүн жана пайдалануунун факт түрүндөгү объекти болуп саналат. Интернет тармагындагы корголгон маалыматтарды сактоо, жайылтуу, коомдук жеткиликтүүлүк Интернеттен тышкары реалдуу жашоодо мыйзам менен көрсөтүлгөн шарттарга жана талаптарга ылайык келүүгө тийиш. Бул чектөө биринчи кезекте автордук укукту сактоого тиешелүү. Интернет тармагында жайгашкан фотосүрөт, текст, сүрөт, тасма же кандай болбосун башка объекттер мурункудай эле өзүнүн авторлоруна жана (же) укук ээлерине ээ. Катардагы колдонуучулар өзүнүн иш-аракеттери менен автордук укукту бузуп, укук ээлерине зыян келтирип жаткандыгынан шектенип койбойт.

Көпчүлүк колдонуучуларга Интернет-чөйрөсүндөгү автордук чыгармалар корголбогондой жана эч кимдики эместей туюлушу мүмкүн, бирок эгерде Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекстин 1047-беренесине жана «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» Мыйзамынын 6-беренесине кайрыла турган болсок, анда автордук укук арналышына жана татыктуулугуна, ошондой эле аларды билдирүү ыкмаларына карабастан чыгармалчыл иштин натыйжасы болуп эсептелген илимий, адабият жана искусство чыгармаларына жайылтылат. Чыгарма

аны кабыл алууга мүмкүнчүлүк берген оозеки, кат жүзүндө же башка объективдүү түрдө болууга тийиш [73].

Кат жүзүндөгү же башкача ыкма менен материалдык алып жүрүүчү аркылуу (кол жазма, машинкага басылган, ноталык жазуу, техникалык каражаттар аркылуу жазуу, анын ичинде үн жазуу же көргөзмө жазуу, элестерди эки өлчөмдө же көлөмдүү - мейкиндик түрүндө көрсөтүү жана башкалар) берилген чыгармалар, алардын үчүнчү жактарга түшүнүктүү болгондугуна карабастан, объективдүү түргө ээ болгон деп эсептелет [73]

Интернет тармагында жарыяланган чыгармалар жазуу жүзүндө (тексттик файлдар интернет-барактары (браузерлер) үчүн белгиленген код менен жана программаларда колдонуучуларга алардын мазмунун кароого мүмкүндүк берет) жана башка объективдүү формада белгиленет. Бир аз мурда эле биз адабий чыгармаларды белгилөөнүн, кагазды алып жүрүүчүлөрдү белгилөө сыяктуу, грампластинкалык жана магниттик ленталарында музыкалык чыгармаларды белгилөөнүн башка ыкмаларын билбейт элек. Азыр бардыгы өзгөргөн, бардык чыгармаларды компьютердик файлдарда (нөлдүн жана бирдиктин улантуучулугунда) трансформациялоого мүмкүн болуп калды.

Интернетке түздөн-түз көрсөтмөлөр Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекстинде жана ошондой эле «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» мыйзамда да жок, чыгармалардын санарип формасын өнүккөн техникалык каражаттар аркылуу жазууга ал эми санарип технологиясын материалдык алып жүрүүчүлөргө теңегенге болору эч кимдин күмөн саноосун туудурбайт деп ойлойм. Интернет тармагына жарыяланган чыгармалар биздин көз карашыбызда материалдык алып жүрүүчүгө чыгармаларды бекитүү болуп саналат, анткени Интернеттин дал өзү маалыматтарды сактоо болуп саналат. Мындан мыйзамда түздөн-түз көрсөтмө жок болсо дагы Интернет тармагында жайгашкан жарыялоолорду, чыгармаларды белгилөөнүн бул ыкмалары автордук укук менен корголот.

Тармактын кеңири техникалык мүмкүндүгү компьютердик Тармакта санарип формасындагы автордук укук менен корголгон объекттер жеңил жана тоскоолдуксуз жайгаштырылат. Мындан тышкары Интернет авторлордун жана укук ээлеринин укуктарын эске албастан автордук укуктардын объекттерин контролсуз өндүрүүгө жана жайылтууга мүмкүндүк берет.

Автордук укуктарга болгон мамилелерге карата катуу кылмыштардын үлгүсү интернет-пиратчылыгы боюнча күнөөлөнгөн жубайлар Лопуховдордун атактуу иши болуп саналат. РФ Генералдык прокуратурасынын билдирүүсүнө ылайык, 2007-жылдын аперлинен тартып 2008-жылдын сентябрына чейинки мезгилде Лопуховдор «Ripper», «Shturman», «Nadezhda» жана «Piratka» деген псевдонимдерди пайдалануу менен «Apple» псевдонимине ээ Сергей аттуу Германиянын жараны менен болжолдуу көмүскө бүтүм менен interfilm.ru жана puzkarapuz.ru сайттарына видеопродукцияларды жалпы пайдалануу үчүн жайгаштыруу менен Интернет глобалдык маалыматтык тармагына мыйзамсыз жайылткан. Сөз укуктун жалпы наркы 38 миллиард рублди түзгөн, отуздан ашык кинотасмалар жана мультфильмдер жөнүндө болуп жаткандыгын белгилейбиз[110].

Интернет-сайттарга башка чыгармаларды глобалдык тармакка жайгаштыруу жана аларга ачык жеткиликтүүлүк берүү, авторду же болбосо башка укук ээлеринин (эгерде автор автордук укуктарга уруксат берген учурда), же болбосо буга ыйгарым укуктуу уюмдардын макулдугу менен жүзөгө ашырылууга тийиш, анткени бул аракеттер чыгарманы кайталап чыгаруу жана чыгарманы жалпыга маалымдоого чейин жеткирүү сыяктуу автордук өзгөчө укуктуулукту козгойт. Бул макулдашуу лицензиялык келишим түрүндө жол-жоболоштурулат. Ушул аракеттерди тиешелүүлүгүнө жараша автордун өзү, же болбосо башка укук ээси (эгерде автор автордук укуктарга уруксат берген учурда), же болбосо мыйзамга ылайык буга ыйгарым укуктуу жак жасайт.

Интернет тармагына автордук укуктун объекттерин мыйзамсыз жайгаштыруу менен чыгармаларды мыйзамсыз көчүрүү, жайылтуу, ошондой эле плагиат сыяктуу автордук укуктарды бузуунун башка жайылтылган ыкмалары бар.

Аудиовизуалдык чөйрөдө интернет-пиратчылыгы видеороликтерди, телеберүүлөрдү, тасмаларды көчүрүү жолу менен мыйзамсыз жайылтуу болуп көрсөтүлөт. Бул аракеттер ушул сыяктуу чыгармалардын өндүрүүчүлөрүнө зыян алып келиши мүмкүн. Тасма расмий түрдө прокатка чыга электе, же болбосо тасма прокатка жаңы эле чыгып, бирок анын көчүрмөсү жайылтыла электе Тармакка жайгашып калышы мүмкүн. Кыргызстанда «Салам Нью-Йорк» тасмасынын жаратуучулары тасманын расмий прокатка чыгуусунан мурда өлкөнүн рыногунда аларды пираттык менен көчүрүп сатылышына дуушар болушкан. Бул факт Бишкек шаарынын кинотеатрлар тармагы тасманын жаратуучулары менен түзүлгөн келишимди бузууга алып келген жана алар зыян тартышкан. Бул жөнүндө алар 2013-жылдын 18-19-апрелинде Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик жана инновация мамлекеттик кызматы тарабынан өткөрүлгөн интеллектуалдык менчик укукгун бузуу жөнүндө иштер боюнча сот чечимдерин чыгарууга арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда айтышкан. Бишкектин кинотеатрлар тармагы менен келишим үч жүз миң сомго түзүлгөн. Тасманын жаратуучулары тасма тартууга жүз миң доллардын тегерегинде акча жумшаган. Бул мисал ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн мисалында пираттык иш өндүрүүчүлөргө канчалаган зыян алып келерин көрсөтөт. Интернетте бул тасманын пайда болушу алардын короткон чыгашаларын жабууга эч кандай мүмкүндүк берген эмес.

Компьютердик тармактардагы музыкалык чыгармалардын Интернет-пиратчылыгы дагы кеңири жайылган. P2P технологиясы пайдаланган «файл алмашуучулардын» көп санда пайда болушу музыкалык чыгармалардын алмашуунун көлөмүнүн көбөйүшүнө алып келди. Эгерде

компьютерде «файл алмаштыруучу» программа орнотулган болсо, ал аудио жана видео файлдардын сактоочусу болуп саналат жана бул программаны пайдаланган башка компьютерден каалагандай көчүрүп алуу үчүн мүмкүндүк берет. Аудио жана видеофайлдарды жайылтуу процессинин натыйжасында олуттуу түрдө жөнкөкөйлөштүрүлдү жана кымбат баалуу веб-серверди түзүүнү талап кылбайт. Мисалы, 2007-жылы Radiohead англиялык топ көчүрүп алуу үчүн баасы 8 америка доллары турган музыкалык альбомду расмий сайтка  берген. Альбомду 1,2 млн. жолу расмий көчүрүп алышкан, мында мыйзамсыз (алмашуу тармагы жана пираттык сайттар аркылуу) 340 миңге жакын көчүрүп алуулар катталган. Тиешелүүлүгүнө жараша зыяндын өлчөмү 2 млн. 720 миң америка долларын түзгөн [111].

Германияда автордук укуктар үчүн Rapidshare файл алмашуучуну өзүнүн баракчасына мурда чыгарылган 148 окуу китебин жайгаштыргандыгы үчүн жоопкерчилик тартууга туура келген. Бул ресурсту соттук териштирүү узакка созулган жана 2010-жылдын февралында Гамбург шаарынын соту Bedford, Freeman & Worth and Macmillan, Cengage Learning, Elsevier, The McGraw-Hill Companies жана Pearsonалты ири басмаканаларынын  укуктарын бузбоо максатында Rapidshare интернет-порталынын администрациясын колдонуучулар тарабынан жүктөлгөн файлдарга мониторинг жүргүзүүнү милдеттендирген. Бирок соттук жазма буйрук Rapidshare тарабынан аткарылган эмес, 2010-жылдын 1-декабырында Гамбургдун округдук соту администрацияга 150 миң евро өлчөмүндөгү айып пул ресурсуна өкүм чыгарган [112].

Программалык камсыз кылуу чөйрөсүндө Интернет-пиратчылыгы өзүнө мыйзамсыз көчүрүүлөрдү жана компьютердик тармактарда программалык продуктуларды жайылтууну көрсөтөт. Программалык камсыз кылууну жайылтуунун санкцияланбаган мүмкүндүгүн кошуп алганда Интернетте автордук укуктун объекттерин коргоонун натыйжалуулугун жетишсиздиги жалпы таанылган факт болуп саналат.

Программанын өзү бүгүнкү күндө «пираттык» көчүрүүнүн жана жайылтуунун бутасы болуу менен абдан «өтүмдүү» товарлардын катарына кирди. Жаңы программалык камсыз кылууну иштеп чыгуу үчүн сервистик кызматтарды, жарнама ж.б. иштеп чыгууну айтпаганда, квалификациялуу адистерди тартуу көп чыгымдарды талап кылат. Ошол эле убакта программанын нускаларын санкцияланбаган көчүрүү жетиштүү жөнөкөй жүзөгө ашырууга болот, бул процесс техникалык татаал эмес. Программалык камсыз кылуу башка ар кандай автордук укуктун объектисиндей эле укуктук коргоого муктаж.

Автордук укуктарды коргоо жөнүндө Интернеттин техникалык мүмкүндүктөрүнүн, маалыматтык технологиянын өсүшүнө байланыштуу жаңы көйгөйлөр келип чыкты. Колдонуучу тарабынан керектүү маалыматтарды издеген учурда автоматтык түрдө серверде сакталган көп документтерди «караган» жана аларды көрсөткөн, чыгаруу үчүн колдонуучунун компьютерине көчүрүп бере турган атайын издөө программасы түзүлгөн. Аталган программаны колдонуу интернет-сайттарда керектүү маалыматтарды издөөнүн абдан тез жана ыңгайлуу ыкмаларынын бири болуп саналат. Бирок мындай ыкмада маалыматтарды издөө, сайттын бир гана «бетин» көчүрүп алууга, укук ээсинин макулдугун алууга жетишүү мүмкүн эмес, издөө процесси саналуу секунддардын үлүшүн түзөт.

Пиратчылык максатта программалык камсыз кылуунун атайын классы түзүлгөн жана популярдуу, ал укук ээлөөчү тарабынан коюлган программалык коргоону текшерүү үчүн арналган «кряки» жана «патчи» программалары (англ. to crack – бузуп ачуу). Бул программалар Интернетте толук түрдө мыйзамдуу жайылтылган.

Эгерде Интернеттин пайда болушунун баштапкы этабында анын коммерциялык мүмкүндүктөрү мынча кеңири ачыла элек болсо, акырындык менен Интернеттин коммерциялаштыруу, чарбалык жүгүртүү Тармагына колдонуучуларды жана операторлорду тартуу масштабдары

